элем да, Кыргызстанга жартысынан азын алып келип талатып жиберет элем. Жетпей калып чуу чыгат болчу. Ал кезде бүткүл союздук республикаларда сөздүк жок болчу. Жалгыз гана «Русско-татарский словарь» чыккан. Биздин сөздүк сөздөрдү ичине камтуу жагынан да, түшүндүрүү жагынан да башкача, жеткилең болчу. Мен алып келген 50 даана сөздүк үчүн жооптуу кызматтагы кишилердин талашын айтпай эле коеюн. Сөздүктү көргөндө, далай котормочулар менин бетимден өпкөн.

Карылык

Ар нерсенин башы — сайран, түбү — ойрон. Адам туулганда чоң кубаныч, той, шаан-шөкөт. Үй-бүлө сайран курат. Ата-эне баланы аттай арка кылат, тоодой медер кылат. Бала тың чыкса — ата-энениң төбөсү көккө жетет. Туулган бала коом турмушунда мыкты адам болуп, жеке гана атанын баласы болбостон, адамдын баласы болуп өссө — коом үчүн да сыймык.

Адам карыганда өзүнө эсеп берет. Коом турмушунда кандай пайдалуу иштер кылганын ойлойт. Өмүр зая өтпөй, пайдалуу иштерди иштеген болсо, өңүнө жылмаюу кирет, өзүнө ыраазы болот. Колунан келсе баштан өткөн мажараларын (укмуштуу окуяларын) айтып, эл оозунда калат. Сабаттуу адам болсо жазып кетет. Ошондо адам армансыз дүнүйөдөн кетет.

Мына, мен да карыдым. 77 жашка аяк бастым. Кийинки жылдары чымырканып катуу иштедим. Алар чыга элек. Бирок коомчулукка белгилүү. Жаштыктын оту жалындап, байге атындай арындап жүрүп алган билим, тажрыйба жазуу түрүндө калды. Денем менен кошо чирип калат эле, армандуу болот элем. Бактыма жараша ал болгон жок. Армансызмын. Балдарымды да, небереле римдин кээ бирлерин да коомго пайдалуу адамдардан кылып тарбияладым го деп ойлойм. Баштан толгон кайгылуу күндөр да, кубанычтуу күндөр да өттү. Бирок башы кара, буту айрылардан болгонум жок. Адамдарга жакшылык кылдым. Толгон адамдарга илим-билим бердим. Ошолор кезиккенде ийилип салам берет. Маа ошонусу эле керек болчу.

Курган сайран бары аяктап калды. Бир күнү көз жуммай! Оой, кандай коркунучтуу сөз! Ушул коркунуч адам баласына дин ишенимин туудурат. Карыганда көп адамдар, ал тургай окумуштуу кээ бир адамдар, жазуучулар динчил болуп калат. Мен андай болгум келбейт. Диндин эмне экенин жакшы билем. Өмүр бою диндин, айрыкча ислам дининин дүмүрүн казган адаммын. Араб тилин, фарсы тилин билгендигимден, курандын маанисин жакшы түшүнөмүн. Исламдын ажыттарын аябай текшергемин.

Кыргызда: «корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» деген макал бар. Анын мааниси мындай: кыргыз конокту куру жаткырган эмес. Кой союп жаш эт берген. Конокко союла турган кой: жаш, дени таза, мертинбеген болушу зарыл. Ошон үчүн койду жетелеп келип, туура тарттырып, конокко даана көрсөтүп, бата кылдырат. Ошондо байкуш кой коркот. Көзү жалдырайт. Бары бир ал кой коркосо да өлөт, коркпосо да өлөт! Өлүм ошол сыяктуу. Корктуң эмне, коркподуң эмне? Бирок адам өлүм кыйноосун тартпай өлсө. Менин тилегим да жан чыгуу кыйноосун тартпай өлсөм, мүрт кете берсем экен.

Карыганда бир нерсеге кызыгуудан калат. Бир кезде саа кызык көрүнгөн окуя же иш — анчейин гана бир нерсе сыяктанып кетет, демилге азаят. Карыганда кулжундабай, арам сөз айтпай, мээримдүү болушу керек. Кишинин барына атадай болуп карыш керек. «Акылы бар карылар, жаңы келген күйөөдөй» деп акын Кылыч айткан. Ооба, сызылып жакшы карыш керек. Зыяпатта, эл баш кошкон жерде үлгүлүү сөздөрдөн айтып, элдин көңүлүн өзүнө буруп отурушуң керек. Сенин сөзүңө отургандар кулак коюп кызыгып, кыбалары канып отура турган болсун. Ал колунан келбесе, унчукпай, тамагыңды жеп отура бер.

Карыганда көр жө
Андай карылар жөнүнд
бар: «Карып калган кө
сың, төрт аягың бүрүшт
ошондой кор болосуң.

Өмүрдүн татынакай
Бирөөлөрдүкү узун, чы
Ошол татынакай өмүр ж
турушуң керек. Ал — д
зым. Мен жаш кезимде
бала элем. Өтө арык бо
караштырдым. Студент
суу, туз кошуп сүрүү
келген адамдар «сенин б
ну себинесиңби?» — деп
10-15 градус суукта жы
Адамдын кулагы менен
жылаңач бойдон сууну
гу түшүп чапкылап тург
мун. Бир күнү ушундай
(Москванын четинде Од
кан экен. Мени байкага
колундагы чаканы алай
кетти окшойт. Чокунуп
чакасын жерге коюп да
турган. Бирок кемпирди
кеттим окшойт. Ошентип
дым. Албетте, бир нече
чу. 1939 — 1940-жылдар
тира алып, көчүп барды
ды жалкоо кыларын ошо
аракеттенген адам дароо
минди, денени чыңалтуу
Арык бойдон эле жүрөм.
бүзүлайын деп калды. К
йин, эле 1962-жылдан ка
нада куюнуп, кычыраган
пыра турган болдум. Ал
машыктыра турган кыйм
Албетте, кээде таштап ко
оңолө баштады. Жүрөгү
жел тартууну да жүргүз
саат өпкөгө жел тартсам
машыктыра турган кыйм
сууга куюнуу, аязда тыш
үстүнө мындан 12 жыл м
руп алганмын. Жыл сайы
болгон оорулар Ысык-К
жазып отуруу — жадаты

Мына ошентип, өмүр
жатамын. Бирок өлүмдө
кутулган эмес. Кайда ка
лугат. «Кимдин көрү?» д
берген. Ошон үчүн «кайс
жасалган. Ошол көр эми

Өмүрдү узарта турга
тыгы. Албетте, адам куру
да өзүнчө бир ыкмаларь
көп билгендик. Шайырд
боордош элдердин балда

көм адабиятын көп окудум. Ошонун натыйжасында ошол элдердин күлкүлүү сөздөрүн билдим. Өзүм да көп айта турган болдум. Отурган элдерге күлкүлүү аңгемелер салып берүүнү адат кылдым. Ошолордун тилинде сүйлөй турган болдум. «Сен канча тил билсең, ошончо кишисиң» деген сөздүн калети жок экен. Каказ агайындар, татар, өзүбек агайындар менен отурганда, алардын тилинде сүйлөп, аларды күлдүрүп, өзүм да күлө тургамын. Мындай сухбат адамдын көңүлүн ачат. Өмүрүндүн узарышына өбөлгө түзөт.

Дагы бир жакшы нерсе башка оор кайгы түшкөндө такыр эле салбырап калбоо. Башка түшкөн кордукту эрдик менен көтөрө билүү. Мен жок жерден, жала менен далай кордук көрдүм. Бирине муюбадым. Анткени, иш ак болсо коркпойсуң да, катуу өкүнүчкө калбайсың. Мына бу да өмүрдүн бир узарышына шарт түзөт.

Бары бир канча амал-айла кылба, акыры өмүрдүн акыры келет. Башы сайран болгон өмүр — акыры ойрон болот. Мына ошондо: Эр чырагы эки көз — экөө бирдей тунарат; эр канаты эки кол — экөө бирдей суналат; азоо жүрөк токтолуп, өмүрлүккө «дем алат». Өмүрдүн татынакай жиби тырс үзүлөт. Сен тирүү табыйгаттан өлү табыйгатка кошуласың. Такыр бөлөк, суук табыйгатка айланасың. Ошондо эң жакын көргөн адамың да жанындан качып оолактайт.

Мына ошентип, өмүр чиркин өтөт. Унутуласың. Бирок сени унуттурбай турган бир нерсе — илим адамы болсоң — артыңдагы эмгегиң, эл бийлеген адам болсоң — адамдарга иштеген адилет ишиң. Өзүң жазбаган менен, сени бирөөлөр жазат. Жазуучу-акын болсоң — көркөм чыгармаларың. Мындай адамдарды «өлдү» деп айтууга болбойт. Алар кылым бою элдин жүрөгүнөн орун алат. Жөнөкөй адам болсоң — эл башына оор түшкөндө, жоо эшигиңди сагалаганда — көрсөткөн эрдигиң. Эл андай кишилерге кыйрагыс эстелик коет, тарыхчылар даңазалап жазат.

Мына «Карылык» деген темадан канча сөздөр чубалып чыкты. Адам өтө карыган кезде өлүмдү «көксөп» калат. Анткени, акылы бар карылар укум-тукумунун аман кезинде көз жумгусу келет. Тукумунун чыгым болушунан коркот. Ошон үчүн ошолордун алдына кеткиси келет. Кыргыз элинин «алдыңа кетейин!» деп жалынганы бекер эмес, ов!

Өз билгенимди анча-мынча айттым «Баштан өткөн мажара» деген өмүр эстелигимде.

Ал жетпейт алыш башын дарыя алса,
Тулпардын сыны кетет дартка чалса,
Чечендин сөзү кетет карып калса,
Акимдин күчү кетет тактан тайса,
Сулуунун баркы кетет байкабаса.
Эл казынасынан.

Ар нерсе өз тушунда күүлдөйт тура. Жаштыктын алоосу жанып турган кезде — тартынуу, айбыгуу деген болчу эмес эле. Өлүм эмне экени ойго да келчү эмес. Ар нерсеге кызыгуу күчтүү болчу. Күнүнө үч жолу киного баргандан жадачу эмеспиз. Ар бир жазуучунун китебин окуп, ар бир коюлган оюнду көрүп, пикир айтууга кызыгар элем. Эми, карыган кезде — алардын бардыгы «жасалма» сыяктуу көрүнүп калат экен. Ал — кайраттын качкандыгы го. Чогулуштан качып калат экенсиң. Ал эми курбулар чогулган зыяпатка баргың келет.

Мен көбүнчө үйдө отурам, машинка басам. Айбанчага отуруп алып бир нерсе жасайм. Иши кылып тыным жок — кыймыл. Эми чөбүрөм Чолпон менен теңтуш болуп баратам. Кээде ошону менен «эрегише» кетем. Ал — беш жашта. Мен — сексен жаштамын. Калыбы — полюстун эки башы окшошураак болобу деймин. Адам алжыган кезде «бала болуп калат» деген чын болсо керек. Мен ал даражага жете элекмин. Аны менин кийинки эмгектеримден эле байкаарсыңар.

ЖАШ КАЛЕМ

Майрамкан дүйнөну өз умтулат. Көркөм каражаттар ңирээк айтуу аракети да аз алган учурлары да бар, мисс суубу же дарак жалбырагыб рышат. Албетте, жаш акын нуугуз даярданып жаткан га сунуш кылуу менен бирге, а боло беришин каалайбыз.

Жол кетет бийиктеп, кыя
Жол ыры ташкындайт, у
Жан жолдош алыскы сар
Жаркылдап мээримге су

Шарттылдап ыр кетет, кы
Шаңданып, максатты куб
А максат... Памирдей
көк
Көздөнгө жолобос кыян

Оң

Жарылып,
ачыкка чыга албай
Жалылбай атат ырлар.
Удургуп,
тереңде тынып ка
Көздөнгө батпайт сырла
Тынчтык жок сезимимде
Тынчтык жок жүрөгүмде
Колумдан ишим түшүп
Чачылат оюм мүлдө.
Капырай кана, дүйнө
Жадырап турчу күндө?

ЖАШ КАЛЕМ

Майрамкан Жуманова

Ырлар

Майрамкан дүйнөнү өзүнчө көрүү, түшүнүү, аны ырларына ыгы менен кийрүүгө умтулат. Көркөм каражаттарды пайдалануу, ойду мүмкүн болушунча кеңирээк, тереңирээк айтуу аракети да аз эмес. Ырдын формасын анын мазмунуна жараша өзгөртө алган учурлары да бар, мисалы, ак ыр же верлибр аркылуу. Жамгырбы, бир кулак суубу же дарак жалбырагыбы, айтор, кайсы темага кайрылса да чынчыл болууга тырышат. Албетте, жаш акын азыр каламын такшалдырып, алдыңкы чоң поэзияга аттанууга даярданып жаткан гана учуру. М. Жуманованын бир катар ырларын журналга сунуш кылуу менен бирге, ага мындан аркы ийгиликтердин, табылгалардын көбүрөөк боло беришин каалайбыз.

Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ

От жүрөк курбума

Жол кетет бийиктеп, кыялап,
Жол ыры ташкындайт, уланат.
Жан жолдош алыскы сапарда
Жаркылдап мээримге сугарат.

Шартылдап ыр кетет, кыялап,
Шаңданып, максатты кубалап.
А максат... Памирдей
көк тирейт
Көөдөнгө жолобос кыянат.

Көөдөндө түк жоктур кыянат,
Көздө от алоолойт, жүрөк ак.
Наристе пейилге ийилем
Жылуулук сезимде уялап.

Бул күн да алыстаар ыраактап,
Жаз кийип жапжашыл, кылактап.
Жол ката коштогон эргитип
Курбалым, ырыңа ыракмат.

От жүрөк сабынан чагылган
От өңдүү ырыңа ыракмат!

Ой ордунан чыкпаганда

Жарылып,
ачыкка чыга албай
Жазылбай атат ырлар.
Удургуп,
тереңде тынып калбай
Көөдөнгө батпайт сырлар.
Тынчтык жок сезимимде,
Тынчтык жок жүрөгүмдө.
Колумдан ишим түшүп
Чачылат оюм мүлдө.
Капырай кана, дүйнө
Жадырап турчу күндө?

Себебин издеп эмне —
Ордунан чыкпай калды
Мен көптөн аздек менен
Кастарлап күткөн тилек.
(Адамга качан болсо
Опоңой жеңиш керек.)
Болгону — ушул гана,
Ошого тарып көөнүм,
Чукчуңдап турам азыр.
...Шыкаалап жан дүйнөмө
Шылдыңкөй Күн жылмаят —
«Кой, минтсең болбойт, жазыл!»

Добул согот ачуулуу,
Ыргайт чөптү жапырып.
Уңулдаган үнүндө
Үзүк-созук чакырык —
Улуу тоонун шамалы
Улам күчө, күчөй бер,
Токтолбо эч, басылып!
Кол чатырым делбектейт.
Кошо учуп кетчүдөй.
Сабап жаткан сан тамчы
Көзөп-көзөп өтчүдөй,
Мөлт-мөлт этип куюлат
Учтарынан чатырдын
Жерге жашы жетчүдөй.

Дарак башы ийкеңдеп
Бирин-бири чапчылайт.
Долуланып, карс уруп
Сынат дебей чапкылайт,
Дуу күбүлсө ак гүлдөр
Аралашып жамгырга
Ич ачышат, аттиң ай!

Асман качан ачылат?
...Басып келем шыпылдап.
Бул ааламды ээлеген,
Күлүк ойлор жамгырдай,
Төгүлөт да, чачылат...

Боз туман болуп чаң учат
Сапырып шамал тынчыбас.
Жай өткөн быйыл купкургак
Жамгырсыз өткөн жашыл жаз.
Күн санап, санап сентябрь
Күз пейли бирок сезилбей,
Көрктөнүп жашыл даректар
Келаткан барки төгүлбөй.
Кыпкызыл — сары өрт боек
Сандыкта бекем катылып,

Бүгүнгө чейин бийликти
Жай бербей келген асылып.
Чаңыттап асман тунарып
Күн көзүн тоссо сур булут,
Эпкини салкын шамалдын
«Күз мына, күз!» дейт умсунуп...
Санаркоо шерик күзгү убак
Суз тартып кербез бой салат,
Сапырып ойду тынчыбас
Ыр сурайт шамал бир сабак...

Рубаи

Кол созом, жеткирбейсиң, не үчүн?
Күтөмүн, бир келбейсиң, не үчүн?
Көөдөнгө кайгы орноп көрүнбөй койгонуңдан
Кусага чөмүлөмүн, не үчүн?

Түңүлөм, кантмек элем, акыры,
Түтпөстөн, сыздайт жүрөк, акыры,
Түгөнбөс сен жөнүндө кумарлуу ойлорумдан
Тажаймын, калат көңүл, акыры.

Келберсип, көөнүм сүйүп бийикти,
Кечтим дейм, унут кылам күйүттү.
Кызганып, башка жанга сүйүүмдү тартуулатпай
Кайрадан тутантасың үмүттү.

Тынчымды кетиресиң, не үчүн?
Түйшөлүп, уйкум качат, не үчүн?
Токтолбой айлар өтөт, дагы эле кимдигиңди
Таптакыр билбей келем, не үчүн?

Күтөмүн — бир келбейсиң, не үчүн?
Кол шилтеп, үзөм анан үмүтүм.
Күтпөсөм — жолум тосуп, махабат отуна өрттөп
Кылгырып тиктейсиң сен, не үчүн?

Ала-Тоо
Дүйнөг
Ала-Тоо
Көзүңө
Ала-Тоо
Ала-Тоо

Мына бул ыр саптары мар
мисал келтирилди. Терең ойлону
кан чыгармалары да өзүнүн А
көрүнүп, мезгил өткен сайын кө
баамдап, байкоо салып текшере
ге тийиштүү темаларды 50—60-
топ акын-жазуучулардан мурун
1948-жылдын жаз айларынын бі
чырайынан келген, орто бойлуу,
жигит агасы болуп калган адам
жазуучулар Союзун имерчиктеп
менин жөн-жайымды мурун эле
— Ээй, бала, сен менин ин
билбейм, бирок Талас жыттанас
терге жазылган ырларымды суу
мунуңду анан окуп берээрсиң,
кылып чыгара турган агаларың
менен бир карап алды. Аңгыча
десе, беркиси: «өзүнөн сурагын»
ким экенин сурап билип алгам.
ныш элем. Райкандын «Жапалак
медиялары», Мидиндин айрым
«байке, силерди, чыгармаңарды
десем, Мидикем: «дурус жигит
болсо, эрте күндү кеч кылбай ду
дын башы «ак суу» менен жазыла
дарын орундаттым. Эмесе алар
алдыма элестетип, эскере кетей
лар Союзуна барып бир топ «Чы
зуучулар Союзунун жардамы
интернат»инда жатчумун. «Ала-То
чубалжыган узун ырым жарыял
чөнтөктө акчам бар, эки байкем
гилүү жеримден издеп таптым. Б
бүз киши көп байкабай турган б
Тайсары, карала каптын кагынчы
быз, жетпесе үстүнө өзүң кошул
суусу» менен жыттап-тиштей тур
канды сууруп чыкты, анда Мидин
табылат, а стакан ар дайым эле
гун» — деди. «Ак сууну» стаканд
күтүп жүрөнбү, сага канча айтаб
сам, ал киши: «Мидин туура айта
бойбуз» — деди. Айткандарын а
акең мендеп төрт «ит көйнөктү»
канга сунса, анысы шыр гана алк
кийин толтура куйсам, Мидини

АДАБИЙ СЫН, АДАБИЯТ ТААНУУ

БҮТКҮЛСОЮЗДУК V ТҮРКОЛОГИЯЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯГА

Турдубай Абдыракунов

«Манас» эпосундагы «Көзкамандар окуясы» жана тарых чындыгы

«Манас» эпосундагы «Көзкамандар окуясы» жөнүндө, тагыраак айтканда, анын варианттары, сюжети, идеялык мазмуну же тарыхый чындыгы ж. б. маселелери тууралуу эпосту изилдешкен М. О. Ауэзов, А. Н. Бернштам, В. М. Жирмунский, К. А. Рахматуллин, З. Мамытбеков, Э. Абдылдаев, С. Мусаев, К. И. Петров ж. б. окумуштуулар тарабынан бизге чейин эле аздыр-көптүр сөз болгондугун белгилөөгө тийишпиз. Алардын жазган эмгектери менен тааныша келгенибизде Көзкамандардын аты менен байланышкан эпикалык окуяларды окурмандарга тааныштыруу жана пропагандалоо боюнча бир топ эле иштер жүргүзүлгөндүгүн, бирок анын тарыхый чындыгын аныктоодо, б. а. эпостун ошол эпизоддоруна негиз болгон турмуш чындыгын илимий жактан чечмелеп түшүндүрүүдө олуттуу мүчүлүштөр менен жаңылыштар орун алып келаткандыгына күбө болобуз.

Ошондуктан макалабызда маселенин ушул жагына көбүрөөк көңүл бурулат, чындыгында алардын ким болгондугун жана кайдан чыгып, кайда кеткендигин, кийинки тагдыры эмне менен бүткөндүгүн эпикалык Манаска жана жалпы эле кыргыз элинин тарыхына кандай тиешеси бар экендигин болжолдоп билүүгө мүмкүндүк бере турган тарыхый-этнографиялык, фольклордук, лингвистикалык, географиялык ж. б. маалыматтар менен даректер салыштырмалуу планда кайрадан каралмакчы.

Ал үчүн адегенде, окуучуларга түшүнүктүү болсун үчүн, «Көзкамандар окуясынын» кыскача мазмуну менен тааныштыргыбыз келет. Ал мындай: Манастын атасы Жакыптын Үсөн аттуу агасы болот. «Кыргызды маңжуу кырганда» ал калмактардын колуна туткунга түшүп, кийин алардын жеринде экинчи жолу калмактан аял алып, балдары ошолордун таасиринде башка жерде чоңоюшат. Калмактар Үсөн атын жоюшуп, Көзкаман аташат. Ошол Үсөн-Көзкаман карып калган чагында Манастын эрдигин, кыйла душмандарды талкалап, ата-бабасынын жерине кайрадан ээ болгондугун алыстан угуп, балдары менен тууган жерине көчүп келишет. Жакып менен Манас тигилердин келгенине сүйүнүп, чоң той өткөрөт жана мал-мүлк энчилеп, Ат-Башыны бөлүп берет. Бирок алардын үрп-адаты, кийген кийими, жүрүм-туруму бүт калмакча болгондуктан, кыргыздардын турмушуна көнө албай өздөрүн обочо кармашат. Манас менен тең тууган-дык кылыщып, ага атаандашат жана амал менен бийликти тартып алууну, анын ордуна тажа отуруп, кыргыз элин башкарууну самашат.

Эпостун кайсы бир вариантында аларды калмак-кытайлардын Бээжиндеги ханы Эсенкан атайы Манасты ууландырып өлтүрүү үчүн жиберген болот. Айткандай эле, Манастын көзүн тазалап үчүн аны кырк чоросу менен алдап конокко чакырат да уу кошулган кымыз берип сыйлашат. Уулангын Манасты өлтүргөнү жатканда Бозуул (же Акаяр) Аккулага арак мингизип качырат. Үсөндүн уулу Көкчөкөз артынан куун, тар кыяда баратканда аккелте менен атат. Жарадар болгон Манас аты менен жардан кулап, үйдөй жалпак арчанын үстүнө түшүп өлбөй калат. Ал уулап кеткен Сыргак менен Серек Аккуланын изин куун барып, баатырды таап алышат жана кыйын-

Турдубай АБДЫРАКУНОВ 1937-жылы Жети-Өгүз районуна караштуу Ак-Дөбө айылында туулган. 1960-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Кыргыз фольклористикасы боюнча илимдин кандидаты (1973-ж.) «Ак Мактым» аттуу тарыхый уламышты иликтеген китеби, «Манастын үйлөнүшү жана тарых маселелери», «Манас» жана «Алып-Манаш», «Кайыптан туулган Аккула» сыяктуу эпостун түйүндүү маселелерине арналган макалалары бар.

ылык менен айыктырышат... А
горону да издеп табышат...
Ал эми Көзкамандар болсо, айы
таласка көчүп келип, Манастын
калап бөлүп алабыз деп камданып
Манастар келип калышат. Алар
рын укkан Үсөндүн балдары бир
ычактап, баары өлүп тынышат.
Биз «Көзкамандар окуясынын»
арына, мазмуну менен мотивдерин
е көп ирет кайрыла тургандыгыбы
лып, кайталоого жол бербөө мак
үмкүн болушунча кыскача баяндо
еттендик.

«Манас» эпосундагы «Көзкаманда
сынын» ички сырын ачарып, чын
аныктап билиш үчүн биринчи кезе
XI кылымдардагы жана андан
кимак-кыпчактардын печенек-огуздар
болгон алакасын — тарыхый, мадан
этногенетикалык байланыштарын
алуу керек. Антсек, борбору Ир
ыясынын ортоңку чөлкөмүндө (
болгон кимак-кыпчактардын батыш
ы бөлүгү — «коман», «куман» («по
талган тоо Сыр-Дарыянын чөл
жана Арал деңизинин айланасында
ган печенек-огуздар менен узак
бою канатташ, ал турсун кээде ара
тандыктан, аларга дини, тили, каа
окшошуп, бир учурда жоону бирге
лып, өз ара тыгыз байланышта б
(С. П. Толстов, Города гузов,
етская этнография», 1947, № 3, 87-
А. Плетнева. Кочевники с
овья. М., 1982, 29-б.).
Акырында, XI кылымдын ортосун
печенек-огуздардын мамлекети Ирт
орунан согуш ачып басып келген
ыпчактардын чыгыш жактагы тоб
ынан бироололо талкаланып, түндүк
а ж. б. жактарга бытырап тарап к
Манас» эпосунда, анын ичиндеги
аңдар окуясында» негизинен мына
дай тарыхый окуялар да эпикалык м
да көркөм чагылдырылган деп ише
үк менен айта алабыз.

* * *

«Манас» эпосундагы Көзкамандар
менен байланышкан эпикалык окуя
алдасындагы турмуш чындыгы ту
да биз билгенден А. Н. Бернштам, М
зов, К. И. Петров сыяктуу окумуш
ыны гана божомолдору бар.
А. Н. Бернштам менен М. О. Ауэз
камандын ысмын кыпчактардын (п
ердин) ошол *«коман», «куман»* дег
ка бир атына окшоштурушуп (*«ком
кыпчакты» — одно и то же племя»
каманы» — племя, родственное племе
раса. Фактически «каманами» — «
ы» в древности назывались «полов
ып*), енисейлик кыргыздар Алта
Минусин-Алтай аймактарында («А
борборунда» — М. Ауэзов) жашап
да, IX кылымга чейин (*«ее позже VI
«коман» — «кыпчактар» (половецтер)*
жанашып, алар менен саясий мамил
лашуу мүмкүн, натыйжада, «каманда
нүндөгү эпикалык окуя кыргыздарды

чылык менен айыктырышат... Алар кырк чорону да издеп табышат...

Ал эми Көзкамандар болсо, айылы менен Таласка көчүп келип, Манастын дүйнөсүн талап бөлүп алабыз деп камданып жатканда Манастар келип калышат. Алардын кабарын укkан Үсөндүн балдары бирин-бири бычактап, баары өлүп тынышат.

Биз «Көзкамандар окуясынын» варианттарына, мазмуну менен мотивдерине төмөндө көп ирет кайрыла тургандыгыбызды эске алып, кайталоого жол бербөө максатында, мүмкүн болушунча кыскача баяндоого аракеттендик.

«Манас» эпосундагы «Көзкамандар окуясынын» ички сырын ачып, чын-төгүнүн аныктап билиш үчүн биринчи кезекте IX—XI кылымдардагы жана андан кийинки кимак-кыпчактардын печенек-огуздар менен болгон алакасын — тарыхый, маданий жана этногенетикалык байланыштарын көңүлгө алуу керек. Анткени, борбору Иртыш дарыясынын ортоңку чөлкөмүндө (бассейн) болгон кимак-кыпчактардын батыш жактагы бөлүгү — «коман», «куман» («половцы») аталган тобу Сыр-Дарыянын чөлкөмүндө жана Арал деңизинин айланасында жашаган печенек-огуздар менен узак жылдар бою канатташ, ал турсун кээде аралаш тургандыктан, аларга дини, тили, каада-салты окшошуп, бир учурда жоону бирге жоолашып, өз ара тыгыз байланышта болуптур (С. П. Толстов, Города гузов. — «Советская этнография», 1947, № 3, 87—88-бет; С. А. Плетнева. Кочевники средневековья. М., 1982, 29-б.).

Акырында, XI кылымдын ортосунда, ошол печенек-огуздардын мамлекети Иртыш бойлорунан согуш ачып басып келген кимак-кыпчактардын чыгыш жактагы тобу тарабынан биротоло талкаланып, түндүк-батышка ж. б. жактарга бытырап тарап кетишет. «Манас» эпосунда, аның ичиндеги «Көзкамандар окуясында» негизинен мына ушундай тарыхый окуялар да эпикалык масштабда көркөм чагылдырылган деп ишенимдүүлүк менен айта алабыз.

* * *

«Манас» эпосундагы Көзкамандардын аты менен байланышкан эпикалык окуялардын далдасындагы турмуш чындыгы туурасында биз билгенден А. Н. Бернштам, М. О. Ауэзов, К. И. Петров сыяктуу окумуштуулардын гана божомолдору бар. Мисалы, А. Н. Бернштам менен М. О. Ауэзов Көзкамандын ысмын кыпчактардын (половецтердин) ошол *«коман»*, *«куман»* деген башка бир атына окшоштурушуп (*«команы» и «кыпчаки» — одно и то же племя»; «Көзкаманы» — племя, родственное племени Манаса. Фактически «каманами» — «куманами» в древности назывались «половцы»* дешип), енисейлик кыргыздар Алтайда же Минусин-Алтай аймактарында («Азиянын борборунда» — М. Ауэзов) жашап турганда, IX кылымга чейин (*«не позже VIII в»*), *«коман» — «кыпчактар» (половецтер)* менен жанашып, алар менен саясий мамиледе болушу мүмкүн, натыйжада, «камандар» жөнүндөгү эпикалык окуя кыргыздардын енисейлик доорунан ала келген эскермеси деп болжолдошкон (А. Н. Бернштам. Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас». — Китепте: «Манас» — героический эпос киргизского народа. Фрунзе, 1986, 155—156-б.; М. Ауэзов. Киргизская народная героическая поэма «Манас». — Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961, 62-б.).

Ал эми К. И. Петров *«көзкаман»* деген сөз *«көз»* жана *«каман»* деген эки сөздөн турат деп, анын *«каман»* дегени жети уруу кимактардан бөлүнүп кеткен кыпчактардын (орустар аларды «половецтер» дешкен) *«каман»* же *«куман»* деген башка бир атына туура келет десе, *«көз»* дегени башкыр, хакас, кыргыз тилдериндеги *«көс», «күс», «күч» («сила», «мощь»)* деген сөздүн, унутуунун натыйжасында, саал бурмаланган түрү катарында карайт. Ошондо эпикалык *«Көзкаман»*, К. И. Петровдун пикири боюнча, *«күчтүү» (улуу) командар» — «сильные (великие) команы»* деген маани берген имиш.

Көзкамандардын Манаска кылган карасанатайлыгы, кыргыздардын аларга сокку урушу, К. И. Петровдун ою боюнча, «чындыгында кыргыздардын кайсы бир бөлүгүнүн ата-бабаларынын Обь-Иртыш районундагы Алтайда же Балхаштын айланасында коңшулаш жашаган жети уруу коман-кыпчактардын үстөмөндүгүнө каршы күрөшүнүн болжолдуу жаңырыгын жеткирип турат» (К. И. Петров, Тюркские средневековые этнонимы от числительного «семь». — Китепте: Ономастика Средней Азии. Вып. 2. Фрунзе, 1980, 157—158-б.).

М. О. Ауэзов, А. Н. Бернштам жана К. И. Петровдун мындай божомолдорунан эпикалык *Көзкамандын* же *«камандардын» ысмын «коман-куман»* деп аталган *кимак-кыпчактарга (половецтерге)*, тагыраак айтканда, борбору Орто Иртыштын жээгинде болгон *кимак-кыпчактардын батыш жактагы бөлүгүнө* окшоштурган ойлорун гана кабылдоого болот. Анткени, элюстогу «Көзкамандар окуясында», К. И. Петров ж. б. аталган автордор түшүндүргөндөй, башынан эле бири-бирине душман болгон эки башка элдин (кыргыздар менен коман-кыпчактардын) өз ара кастык мамилелери жөнүндө сөз болбостон, тескерисинче, бир эле элдин — «кыргыздын» эки башка жерде жашаган бөлүктөрүнүн ортосундагы араздашуулары баяндалат. Мындай учурда эпикалык Манас менен Үсөндү (Көзкаманды) же «кыргыз» деп, же *«кимак-кыпчактар»* (балким, жалпысынан «кыргыз» деп аталып калган кимак-кыпчак?) деп бир жактуу далилдөө талап кылынат. Манасты «енисейлик кыргыз» деп, ал эми Көзкамандарды кыргыздарга үстөмдүк көрсөтмөкчү болгон «коман-кыпчактар» деп ишендирүүгө эпостун сюжети жол бербейт.

Эпикалык Көзкамандардын тарыхый чындыгын туура аныктоо, белгилүү даражада, Манастын өзүнүн да түпкү тегин, натыйжада, жалпы эле «Манас» эпосунун жаралыш тарыхын да иликтеп билүүгө жардам берет. Анткени, *Үсөн (Көзкаман) менен Манастын «түбү бирге тууган» делет эмеспи.* Тагыраак айтканда, Манастын атасы Жакып, Үсөн (Көзкаман), Оросду, Бай — ушул төртөө Ногойдун балдары болот (Сагымбай боюн-

ча). Ошондуктан эпосто: «Туйгун *Манас баатырга Булардын* (көзкамандардын — Т. А.) *туугандыгы бар экен»;* «Арам ойлуу Көзкаман Манаска берген катында: «Кабылан Манас, баатырым, *Түбүбүз тууган»* деп жазган»; *«Түбүбүз бирге тууган»* деп, Көк жал Манас баатырга... Кылт этсе өлүп кетүүчү, Жыттаса ажал жетүүчү... Калмакча тарткан арактан... Көзкаман алып сунду эми» — делет.

В. Радлов боюнча, Манаска ууну Көзкаман эмес, анын уулу Көкчөкөз берген болот.

Эпостогу Көзкаман жана анын балдары кээде *«беш бөрү», «беш каман», «беш калмак», «беш балбан»* же жөн эле *«камандар», «берендер»* деп аталышат. Мисалы, В. Радлов жазып алган «Көзкаман» деген эпизод боюнча, Көзкамандардын келе жатканын угуп, Алмамбет Жакыпка сүйүнчүлөп барат. Жакып сүйүнгөн менен анын аялы Бакдөөлөт: «Жаңгызым Манаска катуу күн түшкөн турбайбы, *беш* бөрү бир бөрүнү талап жейт, калмактан келген *тууган* асты сага эл болбойт» — деп капаланат. Ал эми башка варианттарда: *«Тууганың менмин* деп жүрүп, Сенин *беш каман* жетти түбүнө» — дейт Акаяр Каныкейге Манастын ууланганын угузуп; «Акаярды камаган *Беш* балбандын (камандардын — Т. А.) ору бар», «Каныкейдин сарайдын *Камандар* түркүгүн сууруп алыптыр» ж. б. у. с.

Ал эми XVI кылымдын башында жазылган «Маджу ат-таварих» боюнча эпикалык Көзкамандардын ордуна Тубай (Тообай) деген персонаж көрсөтүлөт. Ал башында чыккынчылык кылып, Манастын аскерлеринен калмактын ханы Жолойго өтүп кеткен болот. Кийин Жолойдун тапшыруусу боюнча беш калмак менен Манаска өтүмүш болуп, баатырды ууландырат.

Мына ушул Көзкаман менен Көкчөкөздүн аттарындагы *«көз»* деген бөлүгүн (компонент) *«гуз»* же *«огуз»* деген этнонимдин эле өзгөргөн түрү, б. а. башында оозеки тилибизде, кээде азыр да *«гөзкаман»* (*«гуз-каман?»*) жана *«көкчөгөз»* деп айтылып, ал аркылуу огуздар менен өтө тыгыз байланышта болгон, ал турсун бир топ эле огуздашып калган кимак-кыпчактардын (каман-коман-куман) тобун билгизген дешке болот. Мындай божомолдун тууралыгын *«көзкаман»* деген сөздүн синоними сыяктанган *«беш каман»* да аныктайт деген ойдобуз. Себеби, *«көз» (гөз? гуз?)* деген сөздү алмаштырып турган *«беш»* деген сөз мында жалан эле «беш» («пять») деген маани бербестен, *«печенек-бэжэнэк-беченег»* деген элдин атына (этноним) ушуу (негиз) болгон *печ-, беч-, бэж-* деген сөздүн саал өзгөргөнү десек туура болчудай. Анткени, ошол сөздүн аягындагы *-ек* жана *-ег/к* деген тыбыштарды зат атоочторго улануучу жана көптүктү уюштуруучу атоочтук мүчөлөрдүн катары менен (эки жолу) келиши дешет, мисалы: *бич-(печ-)+ +ен+ег/к=биченег/к, печенег/к. («В этнониме «печенег» звуки «-н» и «-г/к» являются именными аффиксами, нагроможденными друг на друга: «бич-» [«печ-»]+ен+ег/к-биченег/к, «печенек/к».* — Д. Айтматов. Тюркские этнонимы. Нукус, «Каракалпакстан», 1986, 164-б.].

Каракалпак илимпозу Д. Айтматов окумуштуулардын *«печенек»* деген сөздүн пайда болушу жөнүндөгү илимий көзкараштарын кеңири талдап келип, бул этнонимдин *«өрмөк чачтуулар.» «чачын өрүп жүргөндөр» («косоплеты», «косоносцы»)* деген маани берген себеби — *«авар»* деген элдин чачын өрдүрүп жүргөн салты менен байланыштуу болсо керек дейт.

Д. Айтматов өзүнүн бул пикирин дагы бышыктоо максатында славян тилиндеги *«бич»* деген сөзгө атайын көңүл буруп, анын *«аялдардын өрүлгөн «чачы» («коса» из женских волос»)* деген диалектилик мааниси да бар экендигин, орус тилиндеги *«бичевка» («бечевка»)* так ошол *«бич»* (өрүлгөн чач — Т. А.) деген ушуу сөздөн түзүлгөндүгүн жана «печенек» деген этнонимдин пайда болушунда ошол *«бич», «беч» (бечевка»)* сөзүнүн салымы бар экендигин белгилейт (Ошондо эле, 163-б.).

«Өрүлгөн чач» («коса») маанисиндеги *«беч-бич»* сөзү славян же орус элдерине эле эмес, байыркы кыргыз урууларына да белгилүү болгондугун *«беш көкүл»* деген сөз айкашы көрсөтүп тургансыйт, б. а. мындагы *«беш»* дегени жаш кыздын «беш-бештен» кылып саамайлап өргөн чачын эле билгизбестен (анткени, алардын жалпы саны, укканыбызга караганда, ондон ашык болот экен), иран тилинен келип кирген *«көкүл»* («чёлка, косички, спускающиеся на виски»— К. К. Юдахин. КРС, 419-б.) деген сөздүн эле котормосу же синонимин сыяктанат.

Мына ушул айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй корутундуга келүүгө болот: эпикалык Көзкамандар Манастарга келгенге чейин жана андан кийин да печенег-огуздардын салтын тутуп, чачтарын өрүп жүргөндүктөн *«беш каман»*, б. а. *«өрмөк чачтуу коман-кыпчактар?»* (команы-косоплеты? команы-косоносцы?) деп аталышы мүмкүн, ошондуктан эпосто: «Малакайда кийилүү, *Төбөдө кынап түйүлүү, Беш* балбанды (көзкамандарды — Т. А.) карасан Бир кишиге билинбес *Төбөдө айдар чачы бар»* — деп сүрөттөлгөн болуу керек (караңыз: «Манас». Кыскартылып бириктирилген вариант. Биринчи бөлүк. 1 китеп, 1958, 270-б.).

Так ошол «малакайда кийилүү (б. а. баш кийим менен үстүнөн бастырылган? — Т. А.), *төбөдө кынап түйүлүү* (өрүлгөн?) ... *айдар чачы бар»* үчүн эпикалык Үсөн жана анын балдары печенег-огуздарга окшошуп, *«беш («беч-печ-бэж?») каман», «гөз* (гуз?-огуз?) *каман»* деп аталгансыйт.

Кийинки манасчылардын көпчүлүгү байыркы *«беч-бич-бэж-беш»* («беш — көкүл?») деген сөздү *«беш»* (пять) деген гана сан атооч экен деп жаңылыш түшүнгөндүктөн, Көзкамандарды «беш бөрү», «беш калмак», «беш балбан» деп, жалпы санын 5 кишиге жеткиргенсийт. Ошондуктан эпосто: «Өзү (Үсөн — Т. А.) кыргыз уулу экен, Кыргызды маңжуу кырганда Кара кытай каканга Колго түшкөн бул экен: Көкчөкөз менен Көзкаман, Желтийбес менен Чандаяк, Орозон баштап бул *бешөө* — Калмак болгон ушул чак» — делет («Манас», 1-1, 268-б.).

Бирок Сагымбайдын вариантында Көзкамандардын саны 5 эмес, 8 кишиден турат. Үсөндүн төрөттөн өлгөн биринчи аялынан бир (Көкчөкөз), кийинки калмак катынынан

...алты уулдуу болушу биздин бо... тууралыгын колдоп, *«беш»* сөзүн... деген этнонимге уңгулук милдет... ган *«бэж»* (*«коса»*) менен байлан... роого өбөлгө түзөт.

Бул жерде *«печенектер»* эң ал... дан болуп батышка (Сыр-Дарыя... нө) келишкен түрк урууларынан ...ные тюрки») экендигин, андагы ж... түү иран тилдеринде сүйлөгөн элд... дөрүнө каратып, түрктөштүрүүдө ч... ойногондугун, ал эми VII-VIII кы... дагы *батыш түрктөрүнүн эркекте...* «аварлар?» — Т. А.), эки өрүм чач... ган чыгыш түрктөрүнөн айырмал... *чачтарын 4-7 же сейрек түрдө 8-* (*тал) кылып* (5тен же 10дон эмес *...руп жүргөн салты болгондугун эск...* га туура келет (История Киргизск... 1 том, 1984, 417-б.; 227 — 229-б.).

Өрүлгөн чачтуу ошол *«печенекте... соносцы», «косоплеты»)* жана алар... даш уруулар IX кылымдын ортосу... ти-Суудан соғуш ачып басып к... огуздар тарабынан талкаланып, ала... рин тарттырып жиберишет: «печенек... бир бөлүгү Түштүк Русиге (Россия)... чып кетүүгө мажбур болушса, кал... айыл-кыштактары жана шаарлары... кошо огуздардын карамагына өтүш... акырындап алардын составдык бир... не айланышат (Л. С. Толстова... рические предания Южного Приар... 1984, 71—72-б.; С. Г. Агаджа... Очерки истории огузов и туркмен... Азия IX—XII вв. Ашхабад, 1969... 130-б.).

«Бээжинде» келген берендер» — каман», «көз каман» дегендер сыр-да... печенек-огуздарга камыр-жумур ара... аларга үрп-адаты, кебете-кешпири... рын көп салма кылып өргөнү?), су... сөздөрү ж... жактарынан окшош... кимак-кыпчактардын бөлүгү (команы... болжолдоодо биз *«туркман»* же *тур...* деген этноним дагы бир болжолд... мологнясын көпке алдык. Анткени, ...кылымдардагы жазма эстеликтерде ... жана *«коман»* деген эки сөздүн («... дин») биригүүсүнөн *«туркман»* дегенин жаралган деген маалымат ке... (С. Г. Агаджанов, Средневековь... мологни названия «туркман». — К... Проблемы этногенеза туркменского н... Ашхабад, 1977, 92-б.).

«Туркман» деген сөздү ушундайча ...леп түшүндүрүүнүн тил («лингвистика... жагынан анчалык илимий негизи б... да, анда айрым бир «тарыхый «... («исторического «зерно») бар экен... ушундай семантиканын негизинде о... менен кыпчак урууларынын кайсы б... лүктөрүнүн этникалык жана тил жа... болгон чыныгы жакындыгы турганы... жолдоо менен, тарых илимдеринин д... С. Г. Агаджанов «XI-XII кылымдарда... дардын бир бөлүгү печенектер жана ...чактар менен согуу Балкан жарым а... да жашагандыгын, ошол уруулар мен... дердин биримеси византиялык тарых... тарабынан кээде *«тюркопол»* деп ат... дыгын мисалга келтиришкен (Средневе... этимологии названия «туркман», 94-б. ...шүндүрмө).

алты уулдуу болушу биздин божомолдун тууралыгын колдоп, *«беш»* сөзүн *«бэжэнэк»* деген этнонимге унгулук милдетти аткарган *«бэж»-(«коса»)* менен байланыштуу кароого өбөлгө түзөт.

Бул жерде *«печенектер»* эң алгачкылардан болуп батышка (Сыр-Дарыя төлкөмүнө) келишкен түрк урууларынан («западные тюрки») экендигин, андагы жергиликтүү иран тилдеринде сүйлөгөн элдерди өздөрүнө каратып, түрктөштүрүүдө чоң роль ойногондугун, ал эми VII-VIII кылымдардагы *батыш түрктөрүнүн эркектери* (мис. «аварлар?» — Т. А.), эки өрүм чач койдурган чыгыш түрктөрүнөн айырмаланышып, *чачтарын 4-7 же сейрек түрдө 8-9 салаа (тал) кылып* (5тен же 10дон эмес!) *өрдүрүп жүргөн салты болгондугун эске* салууга туура келет (История Киргизской ССР, 1 том, 1984, 417-б., 227 — 229-б.).

Өрүлгөн чачтуу ошол *«печенектер» («косоносцы», «косоплетые»)* жана аларга союздаш уруулар IX кылымдын ортосунда Жети-Суудан согуш ачып басып келишкен огуздар тарабынан талкаланып, аларга жерин тарттырып жиберишет: «печенектердин» бир бөлүгү Түштүк Русиге (Россияга) качып кетүүгө мажбур болушса, калгандары айыл-кыштактары жана шаарлары менен кошо огуздардын карамагына өтүшөт жана акырындап алардын составдык бир бөлүгүнө айланышат (Л. С. Толстова. Исторические предания Южного Приаралья.М., 1984, 71—72-б.; С. Г. Агаджанов. Очерки истории огузов и туркмен Средней Азии IX—XIII вв. Ашхабад, 1969, 129—130-б.)

«Бээжинден» келген берендер» — «беш каман», «көз каман» дегендер сыр-дарыялык печенек-огуздарга камыр-жумур аралашып, аларга урп-адаты, кебете-кешпири (чачтарын көп салаа кылып өргөнү?), сүйлөгөн сөздөрү ж. б. жактарынан окшош болгон кимак-кыпчактардын бөлүгү (команы?) деп болжолдоодо биз *«туркман»* же *туркиман»* деген этнонимдин дагы бир болжолдуу этимологиясын эсепке алдык. Анткени, орто кылымдардагы жазма эстеликтерде *«түрк»*, жана *«коман»* деген эки сөздүн («терминдин») биригүүсүнөн *«туркман»* деген этноним жаралган деген маалымат кездешет (С. Г. Агаджанов, Средневековые этимологии названия «туркман». — Китепте: Проблемы этногенеза туркменского народа. Ашхабад, 1977, 92-б.).

«Туркман» деген сөздү ушундайча чечмелеп түшүндүрүүнүн тил (*«лингвистикалык»*) жагынан анчалык илимий негизи болбосо да, анда айрым бир «тарыхый «бүдүр» («историческое «зерно») бар экендигин, ушундай семантиканын негизинде огуздар менен кыпчак урууларынын кайсы бир бөлүктөрүнүн этникалык жана тил жагынан болгон чыныгы жакындыгы турганын болжолдоо менен, тарых илимдеринин доктору С. Г. Агаджанов «XI-XII кылымдарда огуздардын бир бөлүгү печенектер жана кыпчактар менен чогуу Балкан жарым аралында жашагандыгын, ошол уруулар менен элдердин бирикмеси византиялык тарыхчылар тарабынан кээде *«тюркопол»* деп аталгандыгын мисалга келтиришкен (Средневековые этимологии названия «туркман», 94-б., 1-түшүндүрмө).

Баса, бул тарыхый маалымат «Кызы кетип Кырымга, уулу кетип Урумга» деген кыргыз ылакабын эске салат жана кайсы бир кыргыз урууларынын (балким, «каман», «коман» же куман» деп аталган кыргыз-кыпчактардын батыш жактагы тобунун?) Крым жана Византия өлкөлөрү менен болгон ошондой байыркы карым-катнашынан улам жаралган сөздөр болуп жүрбөсүн дегин пикирди туугузат. Анткени, Балкан аралындагы Византия чыгыш элдерине «Урум» (Рум) деген ат менен да белгилүү болуптур.

Албетте, *печенек-огуз-кыпчак* — «түркополь» бирикмесинин уюткусу ошол Византияда (Балканда) эмес, алардын мурунку мекени болгон Сыр-Дарыя төлкөмүндө жана Арал деңизинин айланасында эле түзүлгөндүгүн «Манас» эпосундагы *«көзкаман», «беш каман»* дегендер маалымдап тургансыйт, мис. анын *«түрк» («огуз»*, орус летопистеринде: *«торки»)* деген бөлүгүнө *«көз»* («гөз? гуз? огуз?») жана «беш»- (беч-, бэж-) деген бөлүктөрү маани жагынан туура келсе, *«коман»* жана *«каман»* дегендери бардык жагынан бири-бирине дал келип, тарых менен эпостогу *«түрк(ко)ман», «көзкаман», «беш каман»* дегендер *печенек-огуз-коман(кимак-кыпчак)* урууларынын «бирикмеси» — *«түркопол?»* экендигин өзгөчө бир купуя тил менен баяндап тургансыйт. Орто кылымдагы ошол огуз-түркмөндөр азыркы түркмөн элинин жападан-жалгыз түпкү ата-бабалары (предки) болбосо да, алар, кимак-кыпчактар сыяктуу эле, түркмөн элинин этногенезинде олуттуу роль ойногондугу белгилүү (ал жөнүндө төмөндө дагы сөз кылабыз).

Бул айтылган болжолдорубузду дагы төмөндөгүдөй маалыматтар менен бекемдөөгө болот.

Биринчиден, Көзкамандар («команы-куманы?») Эсенжандын башкаруусундагы *«Бээжинден»* же *Каңгайдан»* келишет, же анын тескерисинче, Таластагы Манастардан сокку жеп, кайрадан туулуп-өскөн жери *«Бээжин»* менен *«Каңгайды»* көздөй качышат. Мисалы: «Желмогуздай *Көзкаман... Каңгайга барып туулган, Бээжиндеги* суу кудук Алты ай барып жуунган»; *«Бээжинден чыгып жол жүрүп...* Ат аябай мол жүрүп... Жүрүп келет беш балбан; Журтуна бузук беш айбан» (Көзкамандарды айтып жатат — Т. А.); «Баягы *Бээжинден келген берендер,* Берен Манас көк жалга Тууган болом дегендер» («камандар» — Т. А.); *«Бээжинден келген* калмагың («беш калмак» — Т. А.) Байкап билди сырыңды»; *«Бээжинге качты,* көч алчы... Тетиги беш камандан өч алчы!»; *«Көкчөкөз менен Көзкаман Каңгайдан келген* шумурай»; Каныкей:*«Каңгайдан келген* шумурай Кабыланыма бир азап салат го деп жүрүптүр» ж. б. у. с. («Манас». КБВ, 1-1, 288, 269, 283, 279, 283, 277-б.).

Мындагы *«Бээжин», «Каңгай»* деген эпикалык топонимдерди *«бэжэнэк»* (печенек, беченек) жана *«гуз»* (огуз) деген элдер аралаш жашаган Сыр-Дарыянын ортонку төлкөмүнө — байыркы кытай тарыхчылары (Сыма Цянь) жазып кеткен *«Кангюй»* мамлекеттик бирикмесине (б. э. чейинки II к. — б. э. V кылымдары) окшоштурууга

толук негиз бар. Анткени, *«Бээжин»* дегени Кытай өлкөсүнүн борбор шаары Пекиндин атынан эмес, *«бэжэнэк» (бэж+эн+эк)* деген этнонимдин же этнотопонимдин эле *«бэжэн»* (б. а. «бэждер» же «бечтер» — «бешкөкүлдөр?», «чачын өрүп жүргөндөр», орусча айтканда: *«косоносцы», «косоплеты»*) деген бөлүгүнө туура келип, аны менен сыр-дарыялык печенектердин жерин туюнтуп тургансыйт. Анын үстүнө сыр-дарыялык *«печенектер»* кытай тарыхында *«бей-жу»* деп аталган экен (С. Г. Кляшторный. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. М., 1964, 177-б.; Төмөндө буга «ДРП» деп шилтеме беребиз). Мына ошол *«бей-жу»* деген этнонимге баягы *-ан(-ун)* мүчөсү жалгашуу аркылуу *«бей-жун» (бэжэн?)*, эпостун тили менен айтканда: *«Бейжин»* же *«Бээжин»* пайда болгон өңдөнөт. Эгерде эпикалык *«Бээжин» «Чет Бээжин», «Орто Бээжин», «Кичи Бээжин», «Түп Бээжин»* же *«Чоң Бээжин»* деген бир нече бөлүктөрдөн турганы үчүн кээде *«Анжы-Бээжин»* деп аталса, б. а. бөлүмдөргө бөлүнгөн Бээжин, бөлүк-бөлүктөрдөн турган «Чоң-Бээжин» деген маани берсе (караңыз: С. О. III, 289-б.), Сыр-Дарыя чөлкөмүндө жашаган «печенектер» да, 948—952-жылдардагы тарыхый маалыматтар боюнча ич арасынан үч чоң бөлүктөн — «округдан» турганы биздин ушундай божомолдун тууралыгын колдойт (С. Г. Кляшторный. ДРП.., 163—164-б.).

Ушул жагынан алып караганда, «Манас» эпосундагы *«Бээжин»* деген топонимдин тарыхый прототиби катарында енисейлик кыргыздар 840-жылы басып алган уйгур каганатынын Бейтин (Бешбалык) деген шаарын (анын урандылары Монголиядагы Орхон суусунун жээгинен табылган) көрсөтүшкөн М. О. Ауэзовдун, А. Н. Бернштамдын, А. Маргуландын ж. б. гипотезаларына жана алардын ошол божомолдорун «чындыкка туура келбейт» деп туура эле сынга алган, бирок өзү да манасчылардын көрсөткөн жагына (Кытай өлкөсүнө) сын көз менен карабай, түз маанисинде эле түшүнгөндүктөн, тактап айтканда, эпостогу эң кийинки, үстүнкү катмардын тутқунунан чыга албай, эпикалык *«Бээжиндин»* атын Маньчжурдук Цинь (Кытай) империясынын (18-19-кылым) борбору Пекин (кытайча: Бей-цзин; уйгур, монгол, тува тилдеринде: *Бейжин, Бээжин)* шаарынын атынан кийин эле пайда болгон деп, ал эми «Чоң Бээжин», «Түп Бээжин» дегендер — «Борбордук Кытай», «Чет Бээжин» — Чыгыш Түркстан (Синцзян — «Жаңы жер») провинциясын туюнтат деп ишендиргиси келген Э. Абдылдаевдин «далилдөөсүнө» да таптакыр кошулууга болбойт (караңыз: Э. Абдылдаев «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. Фрунзе, 1980, 38—44, 125—139-б.; Дагы: «Манас» эпосундагы «Бээжин» деген топоним жөнүндө. — Китепте: Э. Абдылдаев. Кыргыз фольклорунун тарыхынан. Фрунзе, 1983, 86—95-б.).

Мындай далилдөөнүн жасалма экендиги эпикалык окуялардын турмуш чындыгына, тарыхый далилдерге түк бир туура келбегендигинен эле маалым болуп турат, б. а. кыргыздар же кийинчерээк «кыргыз» аталып кетишкен кимак-кыпчактар кайсы бир заманда кудум эле эпосто айтылган сыяктуу Кытай өлкөсүн жана анын борбору болгон Пекин шаарын чаап, убактылуу болсо да өздөрүнө караткандыгын тарых билбейт. Ал жөнүндө Э. Абдылдаев да кабардар болгондуктан: «Бирок конкреттүү тарыхый факты боюнча караганда кыргыздар Пекинге чабуул жасагандыгы жөнүндө эч кандай тарыхый маалыматтар жок. Тарыхтын бардык учурунда мындай окуя болгон эмес. Мындан «Манас» эпосу тарыхый чындыкта болбогон эле кыялый окуяларды чагылдырган деген жыйынтык чыгарууга болбойт» — деп абдан туура жазып келатып, анан чочугансып, проф. В. Я. Проптун «эпос тигил же бул доордун окуяларын эмес, анын умтулушун чагылдырат» деген калпыс «теориясын» бетке кармап (баса, Проптун ал теориясы советтик фольклористикада эчак эле төгүнгө чыгарылган болучу): «Ошондуктан «Манас» эпосундагы «Бээжин» да Цин империясынын Чыгыш Түркстанды басып алышына каршы өзүнүн көз каранды болбостугу үчүн күрөшүү мезгилиндеги жергиликтүү жана ага коңшу элдердин тарыхый умтулуусуна байланыштуу чагылган законченемдүү көрүнүш... «Бээжин» деген топоним Кытайдын борбору Пекин шаарынын атына байланыштуу пайда болуп, «Кытай өлкөсү» деген мааниде «Манас» эпосунун акыркы тарыхый катмары катарында «Чоң казат» («Чоң чабуул») эпизодунда реалдуу фон болуп конкреттүү эпикалык функция аткарып калды» — деген ишенимсиз жана натуура жыйынтык чыгарган.

Кыскасы, Манас, Бакай, Алмамбет баштаган кыргыз жоокерлеринин «Бээжинди» каратып, чоң олжо менен Таласка кайтып келишин кайсы бир «доордун окуясы эмес, умтулушу» гана деп бүтүм чыгарууга эпостун сюжети жана ага көп жагынан төп келген тарых чындыгы жол бербейт.

Биздин изилдөөбүзгө, эпикалык *«Бээжиндин»* атын пайда кылган сыр-дарыялык *печенек*-огуздардын *«бээжэн(эк)»* деген эл-жеринин аталышы (этнотопоним?) ошол эле учурда *«Каңгай»* деген ат менен да белгилүү болгондуктан, *«Бээжинден келген берендер»* (Көзкамандар) башка бир учурда *«Каңгайдан келген* шумурай» деп айтылгансыйт. Мындай пикирге келүүгө *«Кан»* же *«Канга»* деген Сыр-Дарыянын эң эски атынан пайда болгон *«Каңгюй»* деген өлкөнүн борбордук бөлүгү, байыркы кытай тарыхчыларынын жана кийинки эле советтик окумуштуулардын жазгандарына караганда, ошол эле печенек-огуздар жашаган Сыр-Дарыянын ортоңку чөлкөмүнөн орун алышы түртку берет (Караңыз: А. Н. Бернштам, Историко-археол. очерки Центр. Тянь-Шаня и Памиро-Алая. — Материалы и иссл. по археол. СССР. № 26, М.-Л., 1952, 211-б.; 209-б., 87-сүрөт-карта; С. Г. Кляшторный. ДРП, 179-б.; Л. С. Толстова. Исторические предания Южного Приаралья М., 70-б.; А. Т. Кайдаров, К историко-лингвистической характеристике этнонима *канглы/каңлы*. — Китепте: Тюркская ономастика. Алма-Ата, 1984, 34—47-б.).

Демек, *«Бээжин», «Каңгай»* деген эпикалык топонимдерди Пекин шаарынын (кытайча: Бей-цзин; бул ат 1403-жылы гана коюлган) жана Монголиядагы Хангай тоосунун аттары менен эмес, печенек-огуздар

жашаган Орто Сырдын чөлкөмү м
планышта карап, Көзкамандар
жерден Манастарга келгеник же
ошол көчөн жагына көчө ка
болжолдоого болот. (Бул жобуд
дө дагы ушантабыз).

Экинчиден, «Баягы *Бээжинде*
берендер, Берен Манас көк жал
болом дегендер» деген ыр сап
«берендер» деген сөздү кыргыз
«берен» (балбан, баатыр, эр-азама
деген сөздүн эле көптүк түрү ката
бастан, Сыр-Дарыянын бойлорунд
ган ошол печенек-огуздардын
«берен» же *«баранн»* деген уруу
байланыштуу деп болжолдоого б
беби, огуздардын *«барани»* дете
кыйын чыгып, мамлекетти бийлеп
алардын арандарынын ысмына (фа
на) *«баранн»* («овца», «баран» –
деген лакап аты (прозвище) коп
тылчу экен, мисалы: Шахмелик
ах-Барани (X кылымдын ортосу),
ра (Неска ра? — Т. А.) *Барани* [X
дын биринчи жарымы].

Кийинчерээк, XI кылымдын о
кимак-кыпчактардын катуу соккусу
Сыр-Дарыя чөлкөмүнөн сүрүлүп,
Европага — Түштүк Русиге качы
огуздардын («торкн») арасында *«б
(«берендей», «берендичи»)* деген ур
ханы болбогондугун орус летопист
лымдайт.

Огуздардын ошол *«барани»* –
(«берендей» — «берендер?») дете
койду тотем катары пир тутуп с
дыктан, тарых илимдеринин докто
Агаджановдун изилдөөлөрү көрс
кийин «кара-коюнлу» деп аталг
(С. Г. Агаджанов. Очерки
огузов... 138—139-б.).

Демек, *«Бээжинден келген берен*
генде алгачкы манасчылар өзгөчө
тырлар же балбандар жөнүндө а
Сыр-Дарыянын чөлкөмүндөгү пече
дарга бийлик жүргүзүп турган *«б
«берендер»* (*«берендеи»*)
чу уруудан бөлүнүп келген кима
тар экендигин билгизген болуу ке
калык *«берендердин» «Бээжинден»*
бечен?) же *«Каңгайдан»* (Кангюй?
Дарыя) илиши жана *«көзкама
каман»* деген сөздөрдүн синоним
алардын атын толук алмаштырып
ушундай болжолдоого өбөлгө түзө
бизге белгилүү кийинки манасчыла
дер» менен огуздардын *«берен»-«б*
деген уруусунун өз ара алакасын
дыктан, аны «берен» («балбан») де
ниде гана колдонгону «Бээжинден
Жүрүп келет беш балбан» («бере
Т. А.) дегенинен эле ачык байкал
Үчүнчүдөн, Көзкаман (Үсөн),
Желтийбес деген «беш камандын»

[1] Огуздардын ичиндеги *«барани» рендей» — «берендеи» —«берендич* уруусу жөнүндө караңыз: С. Г. жанов. Очерки истории огузов 139-б.; С. А. Плетнева. К средневековья. М. 1982, 63-б.; С. А нева. Древности черных Клобу 1973, 24—25-б.

жашаган Орто Сырдын чөлкөмү менен байланышта карап, Көзкамандар так ошол жерден Манастарга келгенин же кайрадан ошол көнгөн жагына көчө качкандыгын болжолдоого болот. (Бул окубузду төмөндө дагы улантабыз).

Экинчиден, «Баягы *Бээжинден келген берендер*, Берен Манас көк жалга Тууган болом дегендер» деген ыр саптарындагы *«берендер»* деген сөздүк кыргыз тилиндеги «берен» (балбан, баатыр, эр-азамат ж. б.) деген сөздүн эле көптүк түрү катары карабастан, Сыр-Дарыянын бойлорунда жашаган ошол печенек-огуздардын ичиндеги *«берен»* же *«барани»* деген уруусу менен байланыштуу деп болжолдоого болот. Себеби, огуздардын *«барани»* деген уруусу кыйын чыгып, мамлекетти бийлеп турганда алардын хандарынын ысмына (фамилиясына) *«барани»* («овца», «баран» — «кой») деген лакаб аты (прозвище) кошулуп айтылчу экен, мисалы: Шахмелик абн Али *ал-Барани* (X кылымдын ортосу), Алп Кара (Нескара? — Т. А.) *Барани* [XI кылымдын биринчи жарымы].

Кийинчерээк, XI кылымдын ортосунда, кимак-кыпчактардын катуу соккусунан улам Сыр-Дарыя чөлкөмүнөн сүрүлүп, Чыгыш Европага — Түштүк Русиге качып барган огуздардын («торкн») арасында *«берендей»* (*«берендей»*, *«берендичи»*) деген уруу жана ханы болбогондугун орус летописгери маалымдайт.

Огуздардын ошол *«барани»* — *берен»* («берендей» — «берендер?») деген уруусу койду тотем катары пир тутуп сыйынгандыктан, тарых илимдеринин доктору С. Г. Агаджановдун изилдөөлөрү көрсөткөндөй, кийин «кара-коюнлу» деп аталган экен (С. Г. Агаджанов. Очерки истории огузов... 138—139-б.).

Демек, *«Бээжинден келген берендер»* дегенде алгачкы манасчылар өзгөчө бир баатырлар же балбандар жөнүндө айтпастан, Сыр-Дарыянын чөлкөмүндөгү печенег-огуздарга бийлик жүргүзүп турган *«барани»* — *«берендер»*[1] *(«берендеш»)* деген башкаруучу уруудан бөлүнүп келген кимак-кыпчактар экендигин билгизген болуу керек. Эпикалык *«берендердин» «Бээжинден»* (бэжэнбечен?) же *«Каңгайдан»* (Кангюй? — Сыр-Дарыя) келиши жана *«көзкаман», «беш каман»* деген сөздөрдүн синоними болуп, алардын атын толук алмаштырып турушу ушундай болжолдоого өбөлгө түзөт. Ырас, бизге белгилүү кийинки манасчылар *«берендер»* менен огуздардын *«берен»-«берендей»* деген уруусунун өз ара алакасын унуткандыктан, аны «берен» («балбан») деген маанидс гана колдонгону «Бээжиндён чыгып... Жүрүп келет беш балбан» («берендер» — Т. А.) дегенинен эле ачык байкалат.

Үчүнчүдөн, Көзкаман (Үсөн), Көкчөкөз, Желтийбес деген «беш камандын» огуздашкан (берендешкен?) же неченектешкен кимак-кыпчактардан экендигин бооглолоп билүүдө алардын ар биринде *«тогуздан уулу»* болгондугу да көрсөтүп тургансыйт. Мисалы: *«Көкчөкөздүн тогуз уул, Көзкамандын тогуз уул...* Мас болгон Манас көк жалды... Курчап кармап алсак деп... Башын кесип байланып Эсенкандын алдына Сүйүнчүлөп барсак деп... Эрке катын Каныкей Олжо кылып алсак деп ...*Көкчөкөздүн тогуз уул* Көмө каптай берди эми, *Желтийбестин тогуз* уул Жетип каптай берди эми» — деп эпосто айтылгандыктан («Манас». КБВ, 1-1, 273-б.), *камандардын* ар бирине жармашкан *«тогуз уул»* деген сөздөрдү Сыр-Дарыялык огуздардын *«токуз-огуз»* деген атынан (С. Г. Кляшторный ДРП., 177-б.) илээшип келаткан маалымат катары кароого болот.

Тактап айтканда, «тогуз-огуздардын» аты мында трансформацияланып, эпикалык *«тогуз уулга»* (мис. *«Көзкамандын тогуз уул»)* айланганы байкалат жана ушул жагынан алып караганда да камандар Манастарга так ошол *«тогуз-огуздар»* жайгашкан аймактан ооп келгенсийт.

Баса, А. Н. Бернштам да эпостогу *«тогуз калмак»* дегенди (аларды Манастар жеңген болот) башында *«тогуз-огуз»* болуш керек деп болжолдойт жана *«тогуз-огуз»* — *«уйгур»* деген этнонимдин эле башка аты деп, эпикалык ал окуяны енисейлик кыргыздардын IX кылымда уйгурларды жеңгендигинин күбөсү катары карайт (А. Н. Бернштам, Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас». — Китепте: «Манас» — гер. эпос кирг. народа. Фрунзе, 1968, 155—156-б.). Бирок эпикалык «кыргыз» енисейлик кыргыздарга эмес, кимак-кыпчактарга (алар X-XII кылымдарда жалпысынан «кыргыз» деп да аталышкан экен, — караңыз: Ист. Кирг. ССР, I том, 1984, 423—430-б.), ал эми *«Бээжин»* уйгурлардын борбору Бейтинге (Карабалгасун) эмес, *«бэжэн* (эк)» деген этнотопонимге (?) гана туура келгендиктен, автордун бул пикирине кошулууга болбойт.

Төртүнчүдөн, Көзкамандар Манас менен «түбү бир» болуп туруп, кыргыздарга чыкынчылык да кылышат. Мисалы, Радлов боюнча, Манас *Айканга, Күнканга* каршы жортуулга жөнөгөндө Көкчөкөз билип калып Манастын колуна кошулат. Манас Айкандын сырын жакшы билген Көкчөкөздү чалгынга жибергенде ал чыкынчылык кылып, Манастын Айканга каршы урушканы жаткандын айтып, күн мурунтан кабар берет. Ал эми кайра Манаска келип: «Калмактар дөөлөтүнө мас болуп жай гана жатат, кай жагынан кирсең да жеңесиң» — деп калп айтып, эки жүздүүлүк кылат (ал жөнүндөгү толук маалыматтарды караңыз: *«З. Мамытбеков, Э. Абдылдаев.* «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. Фрунзе, 1966, 98-б.).

Мына ушул эпизоддогу *Айкан, Күнкан* деген эпикалык душмандардын ысмын огуздардын эпос, санжырасында («Огузнаме» «Китаби дедем Коркут» ж. б.) айтылган *Огуз-хандын Ай-кан, Күн-кан* деген балдарынын атына окшоштурууга мүмкүн.

Учуру келгенде кошумчалай кетүүчү нерсе — *Айкан, Ай* жан-жуп («Падышасы

Огуздардын ичиндеги *«барани» — «берендей» — «берендеш» —«берендичи»* деген уруусу жөнүндө караңыз: С. Г. Агаджанов. Очерки истории огузов., 137—139-б.; С. А. Плетнева. Кочевники средневековья. М. 1982, 63-б.; С. А. Плетнева. Древности черных Клобуков. М., 1973, 24—25-б.

Эсенкан Эми турду күүлөнүп, *Ай* жан-жүн менен *Күн* жан-жүн Акылдаш экен бул экөө», — С. Каралаев), Көкчөкөздүн атасы *Айдаркан* деген эпонимдерге унгу (негиз) болгон *«ай»* деген сөз, балким, башында *«ай», «айлар»* («айлинцы») деген сыр-дарыялык уруунун аты (этноним) болуп, ал *«беч», «бич» — чач* деген сөздүн эле *«айдар»* (чуб, волос) деген синонимин сыяктанат. Анткени, башкырлардын (эштектердин) составындагы *«ай» («айлар» — айлинцы)*, «мурзалар» деген уруулары X-XII кылымдарда Сыр-Дарыянын бойлорундагы печенек-огуздардын арасында түзүлгөн *(«айлинцы» и «мурзаларцы»* формировались в основном в печенежко-огузской среде при Сырдарьинских степях и принесли на Урал в X-XII вв. второе название башкир — «истяк» или «иштяк». — Р. Г. Кузеев. Происхождение башкирского народа. М., 1974, 204—205-б.) деген тарыхый-этнографиялык маалыматтар бар.

Кыргыз элинин составындагы *«бечине» («пичине»)* же *«бечей», «кара бечей»* жана башкырлардын ичиндеги *«бечей»* деген уруу-урук аттарын С. М. Абрамзон, Р. Г. Кузеев, Д. Айтматов сыяктуу окумуштуулар *«печенектердин»* аты менен байланышта караганын эске түшүрсөк ашыктык кылбас (Д. Айтматов. Тюркские этнонимы, 164-б.); *«бечей»* дегени *«беч»* жана *«ай»* деген өз ара маанилеш эки сөздөн (синоним?) куралып, жогоруда белгиленгендей, экөө тең *«чач» (коса, чуб, волос)* дегенин билгизген болуу керек, б. а. *«ай» — «беч», «бич»* деген сөздүн эле котормосу сыяктанат.

Эгерде ушул божомолубуз туура болсо, анда *Айкан, Айганкан, Айдаркан* деген эпонимдер сыр-дарыялык печенек-огуздардын өзүнүн же ошолордун ичиндеги башына («төбөсүнө») чач койдурган салты бар *«айлардын* (айдар?) *ханы»* (орусча: *хан айлинцев)* деген маани берип турган болот. Анын үстүнө *«Бээжин», «Каңгайдан»* (Бэжэн-Кангюй, б. а. Орто Сырдан?) келишип, Манастарга кошулган Алмамбет да, Көзкамандар да чачтуу болушат: *«Алтын айдар (көкүл; чач* — Т. А.), чок белбоо Азизкандын жалгызы» деп Алмамбетти айтышса, Көзкамандар тууралуу: «Малакайда кийилүү, *Төбөдө кынап түйүлүү*, Беш балбанды карасаң, Бир кишиге билинбес *Төбөдө айдар чачы бар»* делиши ушундай этимологияны тууралыгын көрсөткөнсүйт.

Эпостогу *Айкан, Айдаркан* дегендер, мүмкүн, печенек-огуздардын ичиндеги *«ай»* уруусунун *ханы», «айлардын* (айдар?) *ханы»*, же *«төбөсүнө чач* («алтын *айдар?»*) *койдургандардын ханы»*, б. а. *«печенектердин* («косоносцы») *ханы»* деген түшүнүктүн камтышы да ажеп эмес.

Ошондо *«беш каман», «көз каман»* дегени менен эле печенек-огуздашкан коман-кыпчактар *(«беч каман?», «беж каман?», «гөз каман?», «гузкоман?»)* экенин каймана түрдө баяндап, алар кийин келген, бирок «кыргыз» аталганы аз келгенсип, үстөмдүгүн көрсөткөн кимак-кыпчактарга (Манастарга?) бир чети ичи тардык кылып, бир жагынан «туугандык» жолун кыйбай, эки жакка тең жаман көрүнгүсү келбей, натыйжада жогоркудай чыккынчылыкка баргансыйт.

Мындай божомолго келүүдө биз биринчи кезекте *Манастын* да, эпос боюнча, жана «Маджму ат-таварих» боюнча, *кыпчак элинен (уруусунан) чыккан дегенине* (караныз: Э. Абдылдаев. «Манас» эпосунун тарыхый..., 67, 82—84-б.), ошондой эле 1923-жылы К. Мифтаков тарабынан Таластан жазылган «Тарых сөздөрүндө» да: *«Манас өзү кыпчак уругунан болуп, «жети кашка» деген элден экен»* деген маалыматтарга таяндык (Кыргыз ИАсынын кол жазмалар фондусу, инв. № 2 (200), 311-б.). Ал эми Манас таандык болгон кыпчактардын *«жети кашка»* деген уруусу менен эпикалык Көзкамандын (Үсөндүн) «Маджму ат-таварихтеги» прототиби Тубайдын (Тообай) *«жете»* уруусун да ошол эле кимак-кыпчактардын бөлүгү катары кароого тийишпиз, анткени, К. И. Петровдун изилдөөлөрү даана көрсөткөндөй, *«жети кашка»* жана *«жете» (жети?* — К. Петров) уруулары өз ара этногенетикалык байланышта болгон экен (К. И. Петров, Тюркские средневековые этнонимы..., 159—160-б.).

Бешинчиден, Көзкамандар *«Кангабай»*, «Тарбагай» деген жерден Таластагы Манаска көчүп келген деген кабар да бар (С. Орозбаков. «Манас». Кол жазмасы, 10-том, 233-б.).

Кийин камандар уланган Манастын мүлкүн артына качып, *Жылдыз* деген жерге жеткенде кырк чоро аларды өлүп жетип өч алышат. Ал маалыматтарга караганда *«камандар»* Чыгыш Тянь-Шандагы *Жылдызга* — Текес жана Күнгес сууларынын ортосундагы тегиздикке, андан арыы Чыгыш Казакстан менен Кытайдын чек арасындагы *Тарбагатай* («тарбаган — суур» деген түрк-монгол сөзүнөн) деген тоолу жерге же Түштүк Алтайдагы *Тарбагатай* менен Монголиядагы Хангай тоолоруна качкандай же ошол жактан көчүп келгендей элес берет. Бирок, эпикалык ошол окуяга негиз болгон түрмуш чындыгын Чыгыштан Батышка — Сыр-Дарыянын төлкөмүндөгү баягы эле печенектердин саясий борбору болгон «Кангү Тарбан» (Отрар-Фараб) областына которсок туура болот деген ойдобуз. Себеби, байыркы орхон жазууларында аты аталган «Кангү Тарбан» деген топонимдин *«Кангу»* деген бөлүгү орто Сыр-Дарыянын *«Канга»* деген эски аты экендиги, ал эми *«Тарбан»* дегени ошол Орто Сырдын жээктерине жайгашкан *Отрар* (Фараб) областына туура келгендиги тарыхчы С. Г. Кляшторныйдын аталган изилдөөсүндө жеткиликтүү далилденген.

«Канга суусу» — Сыр-Дарыя *(«Канга+бай?»)* жана *Тарбан-Отрар («Тарба+гай?)* жөнүндөгү С. Г. Кляшторныйдын илимий көз карашынын тууралыгын кийинчерээк А. Т. Кайдаров ж. б. окумуштуулар да колдоп чыгышканын айтууга тийишпиз (караныз: А. Т. Кайдаров, К историко-лингвистической характеристике этнонима *канглы‖канлы*. — Китепте: Тюркская ономастика. Алма-Ата, 1984, 40—47-б.).

Баса, Сыр-Дарыянын «Кангу» деген байыркы (VIII кылымдагы) аты «Манас» эпосунда так ошол *«Кангу»* түрүндө эле сакталып жүргөнү так калтыра турган көрүнүш. Мисалы, Манастын колун *«Бээжинге»* баштап барган, анан ага жакындаганда Сыргакты гана эзэрчитип чалгынга чыккан Алмамбет Конурбайдын Кара[illegible] жылкычысына кабылганда «[illegible] *калкымын»* деген жери да бар ([illegible] 279-б.).

Биз үчүн Алмамбеттин «[illegible] *калкымын»* деген ошол жообу «[illegible] *дарыялык печенек-огуздардын* [illegible] *ының»* дегендей эле туюлат, анткени буда белгиленгендей, *«Качгу* — орт Дарыянын эски аты экендиги белги[illegible] го, печенектердин өзүнүн чыныгы ат [illegible] *тар»* болгон экен[1].

«Кангар» деген сөздүн *«Кан-»* [illegible] же *«Канга-»* деген биринчи бөлү[illegible] Дарыянын эски аты экендиги, ал эми *(«-ери»)* деген экинчи бөлүгү «ки [illegible] *эл», «калк»* деген маани бергени, [illegible] бигип *«кангар»* түрүндө чогуу айт[illegible] *(Кан (Канга) дарыясынын кишил[illegible] «Кан* (Сыр — Т. А.) *дарыянын* [illegible] *жашаган калк» («люди с реки Кан» (народ, обитающий у реки Кан»)* де[illegible] ни бергени илимде далилденген (С. Г. Кляшторный. ДРП, 163 А. Т. Кайдаров. Аталган макала[illegible] 47-б.).

Ал эми *«кангу», «канглы‖канлы* А. Т. Кайдаровдун ж. б. изилдөөсү [illegible] көндөй, ошол *«Канга», «кангар»* [illegible] дун эле маанилеш варианттары бол [illegible] лат (Жогоркуда эле, 44—45-б.). [illegible] кийин акырындык менен *«кангар» [illegible] калкы»* — Т. А.) деген элдин аты [illegible] *нек»* деген сөз алмаштырып к[illegible] («Постепенно старое имя *«кангар»* [illegible] место новому — *«печенег»*. — [illegible] Кляшторный. ДРП, 177-б.).

Ушул жерге кыстара кетүүчү [illegible] маанилүү толуктоо бар. Ал — [illegible] Алоокенин жана аның уулу Кону [illegible] ошондой эле Алмамбеттин да) ат *«Каспакдын* Кара-Суусу» («Таш-К Алмамбет бөлген маш кечүү» ошо делет), *«Каспакдын Кара-Тоосу»* ([illegible] *лан тоонун бөлүгүндө* же *«Кангар [illegible] бөлүгүндө»* болуп да айтылат — С. О. I С. О. IV, 58, 64, 86, 278, 285-б.), *«К Бээжин оозу»* же *«Каңгылуу* (С. О. IV, 216-б) болгондугу жөнүн [illegible] тун көп жерлерде туруктуу түрдө [illegible] лат. Мисалы: *«Каспакдын Кара-Т* Капкалуу *Бээжин оозунда* Кан К [illegible] калча бар» делет (С. О. IV, 64-б.).

Мына ошол *«Каспакдын Кар* менен *«Кангар тоону»* печенек-огу [illegible] карамагында болгон Сыр-Дарыян [illegible] дук жээгин бойлоп жаткан *Кара-То* [illegible] дал өзү десек жаңылбайбыз. Тү[illegible] закстандан орун алган ошол *«Ка,* (картада: *Каратау*, узундугу 420 к [illegible] гиий адабияттарда кээде *«Сыр-Д Кара-Тоосу»* (*«Сырдарьинские К* деп да коюшат. Демек, бул эпи[illegible] печенег-огуздар (эпостогу *«кангар [illegible] лан»* же *«каспандык?»*) ошол *Кар*

[1] С. А. Плетнева. Кочевник [illegible] невековья, 24-б.; Е. В. Шнайд [illegible] Печенежские памятники Нижн [illegible] Поволжья. — Китепте: Историческая [illegible] фия. Межвузовский сборник. Вып [illegible] 1985, 82-б.

Алмамбет Конурбайдын Карагул деген жылкычысына кабылганда *«каңгулардын калкымын»* деген жери да бар (С. О. IV, 279-б.).

Биз үчүн Алмамбеттин *«кангулардын калкымын»* деген ошол жообу *«мен сырдарыялык печенек-огуздардын калкынанмын»* дегендей эле туюлат, анткени жогоруда белгиленгендей, *«Кангу* — орто *Сыр-Дарыянын* эски аты экендиги белгилүү болсо, печенектердин өзүнүн чыныгы аты *«кангар»* болгон экен[1].

«Кангар» деген сөздүн *«Кан-» («Каң-»)* же *«Канга-»* деген биринчи бөлүгү Сыр-Дарыянын эски аты экендиги, ал эми *«-гар» («-ери»)* деген экинчи бөлүгү *«кишилер», «эл», «калк»* деген маани бергени, экөө биригип *«кангар»* түрүндө чогуу айтылганда *«Кан (Канга) дарыясынын кишилери»* же *«Кан* (Сыр — Т. А.) *дарыянын жээгинде жашаган калк» («люди с реки Кан», «люди, народ, обитающий у реки Кан»)* деген маани бергени илимде далилденген болучу (С. Г. Кляшторный. ДРП, 163—164-б; А. Т. Кайдаров. Аталган макалада, 246—247-б.).

Ал эми *«кангу», «канглы‖каңлы* дегени, А. Т. Кайдаровдун ж. б. изилдөөсү көрсеткөндөй, ошол *«Канга», «кангар»* деген сөздүн эле маанилеш варианттары болуп саналат (Жогоркуда эле, 44—45-б.). Бирок, кийин акырындык менен *«кангар» («Кангу калкы»* — Т. А.) деген элдин атын *«печенек»* деген сөз алмаштырып калыптыр («Постепенно старое имя *«кангар»* уступает место новому — *«печенек»*. — С. Г. Кляшторный. ДРП, 177-б.).

Ушул жерге кыстара кетүүчү дагы бир маанилүү толуктоо бар. Ал — эпикалык Алоокенин жана анын уулу Конурбайдын (ошондой эле Алмамбеттин да) ата-журту *«Каспаңдын* Кара-Суусу» («Таш-Кечүү — Алмамбет билген маш кечүү» ошол сууда делет), *«Каспаңдын Кара-Тоосу»* (ал *«Каспаң тоонун оюнда»* же *«Кангар тоонун оюнда»* болуп да айтылат — С. О. III, 97-б.; С. О. IV, 58, 64, 86, 278, 285-б.), «Капкалуу *Бээжин* оозу» же *«Каңгылуу Бээжин»* (С. О. IV, 216-б) болгондугу жөнүндө эпостун көп жеринде туруктуу түрдө кайталанат. Мисалы: *«Каспаңдын Кара-Тоосунда,* Капкалуу *Бээжин оозунда* Кан Конурбай калча бар» делет (С. О. IV, 64-б.).

Мына ошол *«Каспаңдын Кара-Тоосу»* менен *«Кангар тоону»* печенек-огуздардын карамагында болгон Сыр-Дарыянын түндүк жээгин бойлоп жаткан *Кара-Тоонун* эле дал өзү десек жаңылбайбыз. Түштүк Казакстандан орун алган ошол *Кара-Тоону* (картада: *Каратау,* узундугу 420 км.) илимий адабияттарда кээде *«Сыр-Дарыянын Кара-Тоосу»* (*«Сырдарьинские Каратау»*) деп да коюшат. Демек, бул эпизоддордо печенег-огуздар (эпостогу *«кангар?», «каспаң* же *«каспандык?»)* ошол *Кара-Тоонун* же *Кангар тоонун* оюнда. Кара-Суунун боюнда, б. а. орто Сыр-Дарыянын чөлкөмүндө жашап турганы баяндалган деңке болот.

«Кангар» («Кан халкы») деген сөздү бара-бара *«печенек»* («бэжэнэк» — бээжин?) деген этноним алмаштырып калгандыгына байланыштуу, эпосто *«Каңгылуу Бээжин» («Каңгылуу Бээжин* дагы ошо» — С. О. IV, 216-б.) деп, угуучуларга түшүнүктүү болсун үчүн, анын мурунку жана кийинки эки аталышын тең чогуусу менен айтканы байкалат.

Ушундан улам, *Бээжинден* Таласка качып келген, кийин Манастын колун кайрадан *Бээжинге* баштап барган Алмамбеттин *«кангулардын калкымын»* деген жообу «*кангылуу Бээжин кишисимин»* б. а. *Канга* (орто Сыр) *бойлорунда жашаган «кангар»-«печенек» калкынан боломун»* дегенин маалымдоо менен бирге, *«Кангабай», «Тарбагай»* деген эпикалык топонимдерди да *«Кангу Тарбан»* аталган орто Сыр-Дарыянын чөлкөмүндөгү Отрар (Фараб) областы менен байланыштырган жогорку оюубуздун тууралыгын дагы бекемдегенсийт.

Эгерде эпикалык *«Кангабайдын» «Канга»* деген биринчи бөлүгү орто Сырдын *«Кан», «Канга»* деген эски атына туура келсе, *«-бай»* дегени печенек-огуздардын (жеке эле алардын эмес, байыркы түрктөрдүн, кимак-кыпчактардын, карлуктардын, сельжуктардын ж. б.) *«байгу», «пайгу»* деген бийлик даражасын (титулатура) туюнткан сөзүнүн кыскарган түрү деп, Көзкамандардын *Канга* (Сыр) *байынан («байгу»* же хандыгынан) бөлүнүп келгендигин түкшөмөлдөөгө болот («байгу» деген огуздардын жогорку бийлик даражасы жөнүндө караңыз: С. Г. Агаджанов. Очерки истории огузов..., 139—140-б).

Ал эми эпикалык *«Тарбагай» (Тарбан? Тарбанд?* — Отрар) деген топонимдин котормосу же этимологиясы да биздин божомолдун пайдасына кызмат кылгансыйт, анткени Д. Х. Мюллер, И. Маркварт сыяктуу окумуштуулар *«Тарбан», «Тарбанд»* деген жердин аты согду (иран) тилиндеги *«Трарбанд» — «кечүү», «кечмелик» («место переправы»)* деген сөздөн пайда болгондугун, анын *«банд»* дегени мында *«чек арадагы сепил» («пограничное укрепление»)* деген атайын маани берерин да болжолдошуптур (С. Г. Кляшторный. ДРП, 159-б., прим. № 102).

Мына ошол орто Сырдан орун алган *«Тарбан»* (Трарбанд-Тарбагай?) — *«Кечүү», «Кечмелик»* жана *«чек арадагы сепил»* дегенди *«Кангулардын калкына»* («кангар?») — *«Бээжинге»* (печенектерге?) чалгынга барганда Алмамбет менен Сыргак кечип өткөн *«Шытаа кечүү», «Таш-Кечүү»* деген *«Каспаңдын* Кара-Суусундагы» *кечүүгө* окшоштуруугa негиз бар. Анткени, ошол *кечүүдөн* (чек арадан?) өтөөрү менен эле *«бээжиндиктин* Конурбай» же *«Алжы-Бээжин* Конурбай» (С. О. III, 137-б.) башкарып турган элдин *чек арасын* бузуп өтүп, баягы Карагулга кабылышат жана амал менен жылкы тийишет...

Ал эми *«Каспаң»* же *«каспандык»* деген сөздөрдү огуздардын эле башка бир аты деп болжолдогонубузга төмөндөгүдөй маалыматтар түртку берет: орто кылымдагы

---

[1] С. А. Плетнева. Кочевники средневековья, 24-б.; Е. В. Шнайдштейн, Печенежские памятники Нижнего Поволжья. — Китепте: Историческая этнография. Межвузовский сборник. Вып. III, Л., 1985, 82-б.

огуздар, сары-кыпчактардан (Манастардан?) жеңилгенге чейин, Сыр-Дарыянын ортоңку жана төмөнкү чөлкөмүндө, Арал деңизинин айланасында жана *Каспий* деңизинин түндүк-чыгыш ылтасында жашагандыгы белгилүү болсо, так ошол *Каспий* деңизи менен Арал деңизинин ортосундагы талаалар, тагыраак айтканда, *Каспий* деңизине келип кошулган Эмба суусунун түштүк ыптасы бүт бойдон А. Н. Бернштамдын картасында *«Каспы»* деп аталган экен (А. Н. Бернштам. Историко-археол. очерки..., 87-сүрөт-карта).

Биздин оюбузча, *«каспан»* же *«каспандык»* деген сөздөр так ошол *«Каспы»* деген эл-жердин атынан (этнотопоним?) пайда болгонсуйт, себеби *«каспы-»* деген уңгу сөзгө баягы *-ан/-ак* деген атоочтук мүчө жалгашуу менен *«каспан»* түзүлүп, ал *«каспылар» (каспийцы?)*, б. а. *«Каспы»* жеринен келгендер, эпостун тили менен айтканда: *«каспандык»* (огуздар?) деген эле маани берген болуу керек (салышт.: *«бэжэн»*).

Огуздар басып алганга чейин *«Кангар тоо»* аталган Сыр-Дарыянын *Кара-Тоосу (Каратау) каспылык* огуздардын карамагына өткөндөн кийин *«Каспандын Кара-Тоосу»* делип да, ал эми ошол Кара-Тоонун түштүк этегин бойлоп Арал деңизин көздөй аккан Сыр-Дарыянын ортоңку бөлүгү *«Каспандын Кара-Суусу»* деп аталганы байкалат.

Тарыхчылар тарабынан картадагы *«Каспы»* деген эл-жердин мурунку аты (этноним?) «Кыргызстан X-XII кылымдарда» деген кийинки жаңы картада *«Огуздар»* («Огузы») деген этнотопоним менен алмаштырылгандыгы да бул божомолубуздун тууралыгын кубаттайт деген ойдобуз (караңыз: История Киргизии. 2-том, 1963, 113-б.), б. а. эпикалык *«каспандык»* — *«Каспы(лык) огуздар»* деген эле маани берген шекилдүү.

Демек, көп жылдар бою сыр-дарыялык («Кангылуу Бээжин» — Канғай?) печенек-огуздар менен аралаш жашагандыктан дини, каада-салты окшошуп, аларга саясий-административдик жактан көз каранды абалда болуп келген кимак-кыпчактардын батыш жактагы тобу — *«команы»*, *«куманы»* (төз каман? — беш каман? — беш берен?) ошондон кийин гана огуздардын башкаруусунан боштондукка чыгышып, жеңиш менен келген өздөрүнүн мурунку «тууган-дарына» — «кыргыз» аталган кимак-кыпчактардын бөлүгүнө (Манастарга?) көчүп келип, кайрадан кошулууга мүмкүндүк алышкансыйт. Мунун далили катары эпикалык Көзкамандардын *«Бээжин»* менен *«Канғайдан»* же *«Канғабай», «Тарбагайдан»* (б. а. «Кангу тарбан — Кангу — кангар — печенектерден?) — Сыр-Дарыядан Таластагы Манастарга көчүп келишин келтирүүгө болот. Ырас, алардын баары эле көчүп келбесе керек, ал турсун келгендеринин да кайсы бир бөлүгү сары-кыпчактар (келечектеги саруу-кыргыздар?) менен эл болуп кете албай, ыркы келишпей, кайрадан сыр-дарыялык печенек-огуздарга барып кошулгандыгын (мис. Көзкамандардын Манасты өлдү деп угузуп, дүйнө-мүлкүн артынып Бээжинге качканы ж. б.), ал эми башка бир бөлүгүн кийинчерээк ойрот-жуңгарлар чаап алып. Алтайга зордоп көчүрүп кеткендигин (мис. азыркы Алтайдагы «ку мандылардын» ата-бабалары *«куман»* деп аталган кимак-кыпчактардан бөлүнгөн уруу экендиги болжолдонот — Л. П. Потапов. Этнический состав и происхождение алтайцев, 59—60, 67—70-б.; Ф. Сатлаев. Кумандинцы. Историко-этнографический очерк. Горно-Алтайск. 1974, 23-б.), боолголоп билебиз.

Эпикалык Үсөндүн (көзкамандардын) тарыхый прототиби катарында печенек-огуздар менен эң эрте саясий байланышта болуп келген кимак-кыпчактардын батыш жактагы бөлүгүн эсептешибизге төмөндөгүдөй тарыхый маалыматтар да өбөлгө түзөт. IX кылымдын аягында огуздар, карлуктар жана кимактар өз ара келишим түзүп, Арал деңизинин айланасындагы печенектерге каршы согуш баштайт. Союздаштардын жардамы менен печенектерди сүрүп чыккан огуздар азыркы Батыш Казакстанды жана Арал деңизинин тегерегин ээлеп калышат. Немец окумуштуусу И. Маркварт «ошол жеңиштен кимактар да пайда табышкан» деп белгилесе, атактуу араб саякатчысы ал-Масуди 944-жылдан мурун эле жазылган эмгектеринде кимактардын Сыр-Дарыянын чөлкөмүнө келгендигин («пайда болгон дугун») кабарлаптыр (С. Ахинжанов. Л. Ерзакович. К вопросу о происхождении канов на Сырдарье. — Изв. АН Каз. ССР, серия обществ. Алма-Ата, 1972, № 2, 67-б.).

Ал-Масудинин маалыматтарына ж. б. тарыхый булактарга таянып, С. Г. Кляшторный союздаштардын ошол соккусунан катуу талкаланган печенектердин бир бөлүгү Эмба-Яик(Урал)-Волга дарыяларынын ортосуна ооп кетүүгө мажбур болгондугун, ал эми калгандары — Сыр-Дарыянын бойлорундагы жарым-жартылай отурукташып, жер-суу (дыйканчылык, балыкчылык) менен тыгыз байланышкан печенектер («ятуковэ» — «жатакчылар») XI-XII кылымдарда эле огуз урууларынын арасына сиңип («ассимиляцияланып») кеткендигин көрсөткөн (ДРП, 177—178-б.).

Демек, огуздар менен карлуктарга кошулуп печенектерди талкалоого катышкан жана «ошол жеңиштен пайда тапкан кимак-кыпчактар», огуздар сыяктуу эле, мурда печенектерге таандык болгон Сыр-Дарыянын кайсы бир бөлүгүн (мүмкүн, *«Кангу Тарбан»* деп аталган ортo Сыр-Дарыянын кайсы бир жерин — эпостогу *«Канғабай». «Тарбагайды?»*) оңкосуна энчи кылып алганы байкалат (биз ал-Масудинин «кимактар Сыр-Дарыянын чөлкөмүнө пайда болушту» деген кабарынан улам ушундай пикирге келип отурабыз).

Огуздар менен чектеш жана өз ара тыгыз байланышта болгон кыпчактардын батыш жактагы бөлүгүнүн үрп-адаттары, салттары («обычай») огуздарга окшош экендигин X кылымда жашап өткөн персиялык автор (анын аты-жөнү белгисиз) өзүнүн «Худуд ал-алам» деген эмгегинде жазып кеткен болсо, XIV кылымдагы ирандык тарыхчы Рашид ад-Дин тарабынан келтирилген тарыхый уламыштарда кыпчактар (камандар?) огуздардын түпкү атасы делген легендарлуу Огузга келип кошулгандыгы айтылат. Ал эми Махмуд Кашгарий огуз жана кыпчак тилдеринин өз ара жакындыгы жөнүндө бир канча жолу эскертет (кар. А г а д ж а н о в, Средневековые названия «туркман». — Китепте этногенеза туркменского народа (1977, 93—94-б.).

Огуздар менен союздаш, ар жана чектеш же аралаш жаша кыпчактардын ошол бөлүгү Үсөн-Көзкаман? Көчкөгөз? берен огуз мамлекетинин бир четин ч бара аның составдык бөлүкчөсүнө болуу керек, анткени *Огуз-хандын* жана *Усеин-хан* (же Саин-хан) дары болгондугун баяндаган түрк санжырасы XVI—XVII кылымдар. таз бетине катталыптыр. Миса XVII кылымдагы туркмөнд *хани»* (же *«хасан-эли»*) жана « (Усеин-хан?) деген эки бөлүктөн ты, алар (Огуз-хандын тукум огуз уруулары) IX кылымда, ки XI кылымда, селжуктар менен к Дарыянын жээктеринен Хоросанг Туркмөнстанга) которулуп барган гилүү (караңыз: Народы Средн Казахстана. М., т. II, 1963, А. Жикиев. Этнографический селения юго-восточного Турк (Конец XIX-начало XX в.). Ашх 13-б).

Ал эми XIX кылымдын аягында кин тарабынан түркмөндөрдүн жыйналып, басма бетинде жа санжыранын биринде *Уз-хандын дын) Эсен-хан* жана *Саин-хан* уулу болгону, *Эсен-хандан* түрк *«гөклен», «эсен-элиз»*, ал эми Са калган уруулары таралган делсе, нын башка бир вариантында, тек бүткүл түркмөндөрдүн түпкү ата хан болгон деп айтылат экен (М. кин. Этнографические и истори териалы по Средней Азии и Орен краю. СПб., 1890, 5-б.; Дагы С. Г. Агаджанов, А. К. К А. А. Рогляков. Вопросы туркменского народа. — Китепте мы этногенеза туркменского наро бад, 1977, 7-б.).

Бул санжыра маалыматтарына да, легендарлуу Эсен-хан же «эсе гендер орто кылымдагы огуздарды Огуз-хан) укум-тукумдары экени байкалат. Себеби, Сыр-Дарыя ч батышка сүрүлгөн огуздардын ошол түркмөн уруулары арасы кошулганы тарыхтан жакшы белг жөнүндө проф. Т. А. Жданко: «О известно, в основном влились в со менской народности после своего жения на запад, в пустыни и оа каспия». — дептир. — Караңыз: Нурмухамедов, Т. А. Ж С. К. Камалов. Каракалпакн. 1971, 12-б.).

Сайин-хандын ысмын *Усеин-хан* кан санжырачылар да болгондугу граф А. Жикиевдин илимий эмг кездештирабиз. Мисалы, анда: Огу эң улуу баласы *Усеин-хандан* тур дүн *«салыр», «сарык»* деген уру эми *Эсен-хан* деген экинчи уулун уруусу таралган делет (Этногра очерк..., 13-б.).

бир канча жолу эскертет (караңыз: С. Г. Агаджанов, Средневековые этимологии названия «туркман». — Китепте: Проблемы этногенеза туркменского народа. Ашхабад. 1977, 93—94-б.).

Огуздар менен союздаш, ары энчилеш жана чектеш же аралаш жашаган кимак-кыпчактардын ошол бөлүгү (эпикалык Үсөн-Көзкаман? Көчкөгөз? берендер? ж. б.) огуз мамлекетинин бир четин чоюп, бара-бара анын составдык бөлүкчөсүнө айланган болуу керек, анткени *Огуз-хандын Эсен-хан* жана *Усеин-хан* (же Саин-хан) деген балдары болгондугун баяндаган түркмөндөрдүн санжырасы XVI—XVII кылымдарда эле кагаз бетине катталыптыр. Мисалы, XVI—XVII кылымдардагы түркмөндөр *«эсен-хани»* (же *«хасан-эли»*) жана *«саин-хани»* (Усеин-хан?) деген эки бөлүктөн тургандыгы, алар (Огуз-хандын тукумдары, б. а. огуз уруулары) IX кылымда, кийинчерээк, XI кылымда, селжуктар менен кошо Сыр-Дарыянын жээктеринен Хоросанга (азыркы Түркмөнстанга) которулуп баргандыгы белгилүү (караңыз: Народы Средней Азии и Казахстана. М., т. II, 1963, 11—13-б.; А. Жикиев. Этнографический очерк населения юго-восточного Туркменистана. (Конец XIX-начало XX в.). Ашхабад, 1972, 13-б).

Ал эми XIX кылымдын аягында М. Н.Галкин тарабынан түркмөндөрдүн арасынан жыйналып, басма бетинде жарыяланган санжыранын биринде *Уз-хандын (Огуз-хандын) Эсен-хан* жана *Саин-хан* деген эки уулу болгону, *Эсен-хандан* түркмөндөрдүн *«гөклен»*, *«эсен-эли»*, ал эми Сайин-хандан калган уруулары таралган делсе, санжыранын башка бир вариантында, тескерисинче, бүткүл түркмөндөрдүн түпкү атасы Сайин-хан болгон деп айтылат экен (М. Н. Галкин. Этнографические и исторические материалы по Средней Азии и Оренбургскому краю. СПб., 1890, 5-б.; Дагы карыңыз: С. Г. Агаджанов, А. К. Каррыев, А. А. Росляков. Вопросы этногенеза туркменского народа. — Китепте: Проблемы этногенеза туркменского народа. Ашхабад, 1977, 7-б.).

Бул санжыра маалыматтарына караганда, легендарлуу **Эсен-хан** же **«эсен-эли»** дегендер орто кылымдагы огуздардын (Уз-хан, Огуз-хан) укум-тукумдары экени даана эле байкалат. Себеби, Сыр-Дарыя чөлкөмүнөн батышка сүрүлгөн огуздардын көпчүлүгү ошол түркмөн уруулары-нын арасына барып кошулганы тарыхтан жакшы белгилүү. (Ал жөнүндө проф. Т. А. Жданко: «Огузы, как известно, в основном влились в состав туркменской народности после своего передвижения на запад, в пустыни и оазисты Закаспия» — дептир. — Караңыз: М. К. Нурмухамедов, Т. А. Жданко, С. К. Камалов. Каракалпаки. Ташкент, 1971, 12-б.).

Сайин-хандын ысмын *Усеин-хан* деп айткан санжырачылар да болгондугун этнограф А. Жикиевдин илимий эмгектеринен кездештиребиз. Мисалы, анда: Огуз-хандын эң улуу баласы *Усеин-хандан* түркмөндөрдүн *«салыр»*, *«сарык»* деген уруулары, ал эми *Эсен-хан* деген экинчи уулунан *«теке»* уруусу таралган делет (Этнографический очерк. ., 13-б.)

Тарыхый-этнографиялык бул маалыматтардан биз *Усеин-хан* менен *Саин-хан* бир эле персонаж экендигин, бар болгону экинчисинен «у» деген баш тамгасы түшүп айтылгандыгын билбестен, ошондой эле ал *(Усеин-хан) Эсен-хан* же *«эсен-эли»* («эсен-хани», «хасан-эли») менен өз ара жакындыгы бар экендиги менен кабардар болобуз. Так ошондой алакасы болгону үчүн алар жоону бирге жоолашып, бирине экинчиси арка-жөлөк болгондугун маалымдаган уламыштар да бар (Жогоркуда эле).

Түркмөн санжыраларындагы *Огуз-хандын* (же *Уз-хандын*) балдары *Эсен-хан* менен *Усеин-ханды* (Саин-ханды) «Манас» эпосундагы *Эсенкан* менен *Үсөнгө* өз ара параллель коюп, окшоштырууга толук негиз бар. Анткени, эпикалык *Үсөн-Көзкаман Бээжин менен Каңгайдагы Эсенкандын* жашыруун тапшырмасын аткаруу үчүн келет эмеспи: «Манастын колуна тыңчы, чыккынчы жиберүү аркылуу иритип бузуу жана анын баатырларын амал таап өлтүрүү максатында, ошентип, кыргыздардын кошуунун алсыратып туруп, кол салууну ойлоп, *Эсенкан* куулук менен *Көзкаманды (Үсөндү)* жиберет»; «Кара жолтой Манасты Кармап союп келгенге Алтын таажым кийгизем, Алтын такка мингизем. Калмак менен мангулдун Бир чоң кандыгын билгизем» — деп *Эсенкан* «убаданы бек кылат» («Манас», КБВ, 1-китеп, 267—268-б.). Буга ишенген Көзкамандар ууланган Манаска кошуп «Алмамбет менен Чубагын Курмандыкка чалсак деп, Ажыбай, Бакай эки дөө *Эсенкандын* алдына Тартуу кылып барсак деп» — далбае урушат (Ошондо эле, 273-б.).

Буга үндөш мотив «Маджму ат-таварихте» да бар, айырмасы — эпикалык *Эсенкандын* ысмы анда Жолой делет; ошол Жолой кудум эле Эсенкандай болуп: «Ким Манаска уу берип, Манастын көзүн жоготсо, калмактын жарымын, Теңгиз жерин («Теңгиз» деп Ысык-Көл өрөөнүн айтышкандыгын З. Мамытбеков белгилептир) берем» десе, ага баягы Түбай (ал Манастын аскеринен Жодойго качып барып, аны кызына үйлөнүп, калмак динине кирген болот) макул болуп, колу-буту байланган жана тилдери кесилген беш калмакты алып Манастарга келет..

Ырас, Сагымбайдын айтуусу боюнча карт *Үсөн (Көзкаман)* Манасты уулантып өлтүрүүгө каршы чыгат: «Тил алып койгула, тил албасаңар Манаска тийишкенче мурда мени сойгула... Манастын аркасы менен элжерди таптык, эл катарына кошулдук. Мындан артык Манас силерге эмне кылмак эле?» — десе, балдары аны угуп да коюшпайт. Ошондон кийин гана *Үсөн* алдын алып, конокко келген Манаска жана аның кырк чоросуна ууну кесип кетүүчү дары кошулган кымыз берип сыйлаган болот (С. О. II, 439-б.; Дагы караңыз: «Манас». Кара сөз түрүндөгү баяндама. Түзүүчү — С. Мусаев. Фрунзе, 1986, 120-б.).

Көңүлүнүн терең-инде Манастын жакшылыгын унутпаган жана ага жакшылыктан башканы каалабаган ошол *Үсөн (Көзкаман)*, легендарлуу *Огуз-хандын* уулу делген *Усеин-хан* сыяктуу эле, өзүнүн түпкү тегин түздөн-түз *Угузкан (Огуз-хан)* менен байланыштырган жери да бар. Мисалы, Манастын данкын алыстан угуп, ага кошулмакчы

болуп балдары менен көчүп келатканда астынан Бакай жолугуп: «Ким болосуз, аба?» — деп сураса: *«Уругум Угуз-кандын балдарынан*, өз атам Ногой, атым *«Усөн»* — деп жооп берет (Жогоркуда эле, 120-б.).

Эпикалык *Усөн «Көзкаман»* деген лакаб аттарынан тышкары, өзүнүн *«Усөн»* деген ысмы аркылуу да огуздар менен болгон чалымынан кабар берип тургансыйт. Анткени, *«Усөн»* деген эпоним огуздардын *«ус» («үс?»)* же *«уз»* (салыштыр: Уз-хан, б. а. Огуз-хан) деген атынан жана атооч жасоочу *-ан (-ен)* деген мүчөдөн куралып, ал *(ус+ан=усан>усөн>усеин?)* *«устар»* — *«уздар»*, б. а. *«огуздар»* деген эле маанн берген деп болжолдоого болот. Мындай пикирге келүүдө алыс барбай эле *«бек бич-»* же *«бэж-»* деген үнгу сөзгө *-ен(-эн)* мүчөсү жалгашуу менен *«бечек-бэжэн»* деген этноним түзүлгөнүн эске түшүрүү жетиштүү.

Ушул жагынан алып караганда, *Усөн-Усеин*-хан деген ысымдарды огуздашкан кимак-кыпчактарга — *Көзкаман, беш камандарга* карата башка элдер, мүмкүн, печенек-огуздарга аралашпай чыгышта оолак жашаган кимак-кыпчактар (Манастар?) ж. б. уруулар колдонгон шекилдүү.

Же, мунун тескериснче, *Усөн* менен *Усеин-хандын* аттарын *«Ус»* деген суунун жана *«усы»* деген элдин (кыргыздардын?) аты менен байланышта кароого да болот. Мисалы, «Юань-Ши» («Юань тарыхы») деген кытайлык окумуштуулар тарабынан 1370-жылы жазылган тарыхта [анда Чыңгысхандын бийлигинен баштап, монголдордун кийинки он төрт императорунун — Юань династиясынын Монголия менен Кытайды башкарган доорундагы түрдүү окуялар баяндалат] Хань (Кытай) жериннн кырк кызы *«Усы»* элинин эркектерине күйөөгө чыгып, алардын укум-тукумдары ошол кырк кыздын атынан *«кырк кыз» — «кыргыз»* аталганы жөнүндө чакан уламыш келтирилген [«Киргизы ведут свое происхождение с тех пор, как сорок девушек земли Хань (т. е. Китая) вступили в брак с мужчинами *Усы*, исходя из смысла чего так и была названа эта (киргизская) земля» делет анда].

«Юань-Ши» *«усы»* эли өзүнүн атын *«Ус»* деген дарыянын атынан аталгандыгын жана алар ошол дарыяны туп ата («предки») катарында эсептегендиктен, анын эсине («духу режи») сыйынышып, түлөө кылып, курмандык чалыша тургандыгын да кабарлайт[1].

Жазма эстеликте катталган бул кызыктуу уламыш биринчиден, эпикалык *Усөн* менен легендарлуу *Усеин-хандын* (Санн-хан) ысмы 40 кызга күйөө, кыргыздарга ата болгон *«усы»* деген элдин жана алар тайынган *«Ус»* деген суунун атынан пайда болушу ыктымал деп болжолдоого жол берсе, экинчиден, *«усы»* деген эл Иртыш бойлорунда жашаган жана кийинчерээк «кыргыз» аталып кетишкен баягы эле кимак-кыпчактардын бир бөлүгү болуп жүрбөсүн деген пикирди туугузат, себеби Кимак каганатына гана мүнөздүү бирдиктүү диний көзкараштардын ичинде Иртыш дарыясын ыйык тутуу салты («культ Иртыша») болгондугу жөнүндө Гардизи (XI к.): «Кимактар ал дарыяга (Иртышка — Т. А.) урматсый менен мамиле кылышат, ага сыйынышат жана тайынып-ташынып: «Дарыя — адамдын кудайы» дешет — деп жазган экен[2].

Айтмакчы, жаан жаабай, кургакчылык болгон жылдары суу боюна барышып мал союп, түлөө кылып, жаан тилеп, кудайга (асмандагы кудайга эмес, балким, «адамдын кудайына — Дарыяга?») тайынган кыргыз элинин азыркы күндөргө чейин сакталган диний үрп-адаты ошондон бери келаткан эскерме-реликти болушу ажеп эмес, аның үстүнө тарыхчыларыбыз Иртыш бойлорундагы кимак-кыпчактар, енисейлик кыргыздардын баскынчылык таасиринен улам, кийин жалпысынан «кыргыз» аталган деген жыйынтыкка келишпедибн (История Кирг. ССР, I т., 1984, 126—129-б.).

Үчүнчүдөн, «Юань-Ши» боюнча, «Усы» элинин эркектери (мүмкүн, Усиан?. — Усеин-хан? б. а. Усөн-Көзкамандар жана Манастар?) «Ус» (Иртыш?) дарыясынын бойлорунан келишип, **Кытай** (Хань) жеринде 40 кызга үйлөнүшкөн болсо жана алардын укум-тукумдары адегенде «кырк кыз» делип, анан бара-бара «кыргыз» аталып кетишсе, эпос боюнча, кыргыз-кыпчактан (усылардан?) чыккан **Манастар** *«Бээжиндеги»* кытайларды жеңгенде алар тандалган *40 кызды тартуугa берип*, экн эл элдешкен болот. Мисалы, Сагымбайдын айтуусу боюнча, *Манастар «бадрек кытай Алоокени»* же *«Алооке мангүү кытайын»* жеңип, Арагент шаарын алгында, шаардын башчылары *40 кызды тартуулап*, аларга *кырк чоро үйлөнгөн болот;* ал эми Багыш Сазанов боюнча, *Манас Бээжинди* каратып, кытайларды жеңгенде алар кырк чорого *40 кыз берип элдешет* ж. б. у. с. (караңыз: «Манас». — Кирг. гер. эпос. М., «Наука», 1984, 450, 480-б.).

«Манас» эпосу менен «Юань-Шиден» келтирилген кыргыздарга түзден-түз тиешелүү бул маалыматтар сюжеттик жагынан гана эмес, айрым деталдык жалпылыгы менен да кызыгууну пайда кылат. Мындагы окшоштуктардын башаты түпкүлүгүндө бир болуп, бирин-бири толуктап, бирине экинчиси ачыктык жана тактык киргизип, кыргыз элинин тарыхында болуп өткөн маанилүү бир окуяны эки түрдүү жагдайда (жанрда) — тарыхый-этнографиялык жана эпикалык планда чагылдырып (интерпретациялап) жаткансыйт. Дааналап айтканда, Манастар караткан баягы *«Кацгай» — «Бээжин» — «Кытай» — «Каспан» —* *«Чын» (Кытай)* ж. б. жогоруда ... ген эпикалык эл-жердин аттары (... ним?) «Юань-Шидеги» *«Хань» ... жери»* дегенге — баягы 40 кыздын ... дөрүнүн эле мекенине туура келип ... сыйт. Бирок «Юань (династиясынын ... ды» да, эпос да аталган топоним... луу чыгыштагы байыркы Хань ... империясына караштуу аймакты ... алардын Пекин шаарын билдирбест ... шүндүрбөстөн), тескерисинче, батыш ... тагы печенек (бэжэн)-огуздар эле ... ган аймак жөнүндө айтып жаткансы... Сыр-Дарыянын ортоңку жана төмөн ... көмүн (байыркы Кангюй мамле... борбордук бөлүгүн), Арал деңизин ... планасын жана Каспий деңизинин ... чыгыш ыптасын (Каспы) көз алды... тетсек, тарыхый жактан туура бо... ген ойдобул, анткени Иртыш (Ус? ... лорунан эки жолу оошуп келген ... кыпчактар (Көзкамандар? Ман... алардын дагы бир аты «шары» же ... болгону үчүн илимде «сары-кыпчакт... да коюшат, 1050—51-жылдары (1050 г.») ошол печенек-огуздардын ... лекетин биротоло талкалап, (балким ... эле эпосто айтылгандай алардан ... баш болгон көп олжо алышып?) ... гысы келбегендерин туш-тарапка ... таркаткан экен (С. Г. Агаджа... Очерки истории огузов.., 158-б.).

Огуз-хандын уулу *Усеин-хандан* Союн-хан же Соин-хан деп да аталат *«сарык»*, *«эрсары»* деген түркмен уруу... таралган деген санжыра маалы... (караңыз: А. Жакиев. Этногр... кий очерк.., 13-б.; Г. П. Васи... Этнические компоненты в составе т... по данным этнографии. — Китепте... лемы этногенеза туркменского ... 105—108-б.) аларды *«шары»* же *«са...* аталган кимак-кыпчактар менен э... тикалык байланышта кароого өбөлг... себеби кимак-кыпчактардын батыш ... ты тобунун *«коман»-«куман»* жана *«...рец»* деген аттары так ошол *«сары...* сөздүн эле котормосу болуп сана... тууралуу казак тарыхчысы Б. Е. К... мындай дептир: «Сейчас ни у кого ... зывает возражений, что *«шары»* и ... ков» можно рассматривать как один ... же народ. Названия *«команы»..., «сары»*, этимология всех этих н... одна, переводятся как *«желт...* Б. Е. Кумеков. Государство ... IX—XI вв., 125-б.).

«Сарык», «эрсары» деген *Усеин (Усөн-Көзкаман?)* түркмөндөрү (... новских туркмен») менен *«сары-кыпдын»* (Манастардын?) этногенези (т... гү) биригендиги алардын материал... даниятынан (мис. кийим-кече, боз ... жасалгалары, «көк бөрү» сыйктуу ... ж. б.), ал турсун *«Дешти-Кыпчак» ...чак талаасы»)* деген топонимикасы... даана байкалат дешет (Г. П. Ва... в а, Этнические компоненты..., 105—

Усеин-хандын түркмөндөрүн *кыпдын* этногенезн менен байланышта ... этнографиялык көрсөткүчтөр да ке... лот экен. Мисалы, элдик декоратив... кладдык искусствосунун бөтөнчө... боюнча бүткүл түркмөндөрдү экн то...

[1] В. В. Бартольд. Киргизы. Исторический очерк. — Соч. т. II, ч. 1, М., 1963, 504-б., № 10-түшүнүк; Дагы караңыз: К. И. Петров. К истории движения киргизов на Тянь-Шэнь и их взаимоотношений с ойротами в XIII—XV вв. Фрунзе, 1961, 101-б.

[2] В. В. Бартольд. Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью. 1893—1894 гг. — Записки имп. Академии наук. Серия по историко-филологическому отделению, VII, 1897, т. I. № 4, 83, 106-б.; С. А. Плетнева. Кочевники средневековья. М., 1982, 98-б.

«Чын» (Кытай) ж. б. жогоруда келтирилген эпикалык эл-жердин аттары (этнотопоним?) «Юань-Шидегн» *«Хань» (Кытай) жери»* дегенге — баягы 40 кыздын төркүндөрүнүн эле мекенине туура келип турган сыйт. Бирок «Юань (династиясынын) тарыхы» да, эпос да аталган топонимдер аркылуу чыгыштагы байыркы Хань (Кытай) империясына каратуу аймакты жана алардын Пекин шаарын билдирбестен (түшүндүрбөстөн), тескерисинче, батыш жактагы печенек (бэжэн)-огуздар эзлеп турган аймак жөнүндө айтып жаткансыйт, б. а. Сыр-Дарыянын ортонку жана төменкү чөлкөмүн (байыркы Кангюй мамлекетинин борбордук бөлүгүн), Арал деңизинин айланасын жана Каспий деңизинин түндүк-чыгыш ыптасын (Каспы) көз алдыга элестетсек, тарыхый жактан туура болот деген ойдобуз, анткени Иртыш (Ус?) бойлорунан эки жолу оошуп келген кимак-кыпчактар (Көзкамандар? Манастар?), алардын дагы бир аты «шары» же «сары» болгону үчүн илимде «сары-кыпчыктар» деп да коюшат, 1050—51-жылдары («около 1050 г.») ошол печенек-огуздардын мамлекетин биротоло талкалап, (балким, кудум эле эпосто айтылгандай алардан 40 кыз баш болгон көп олжо алышып?), багынгысы келбегендерин туш-тарапка кубалап таркаткан экен (С. Г. Агаджанов. Очерки истории огузов.., 158-б.).

Огуз-хандын уулу *Усеин-хандан* (аны Союн-хан же Соин-хан деп да аташат экен) *«сарык», «эрсары»* деген түркмен уруулары таралган деген санжыра маалыматтары (караңыз: А. Жиркиев. Этнографический очерк..., 13-б.; Г. П. Васильева, Этнические компоненты в составе туркмен, по данным этнографии. — Китепте: Проблемы этногенеза туркменского народа, 105—108-б.) аларды *«шары»* же *«сары»* деп аталган кимак-кыпчактар менен этногенетикалык байланышта карооно өбөлгө түзөт, себеби кимак-кыпчактардын батыш жактагы тобунун *«коман»-«кумак»* жана *«половец»* деген аттары так ошол *«сары»* деген сөздүн эле котормосу болуп саналат (ал тууралуу казак тарыхчысы Б. Е. Кумеков мындай дептир: «Сейчас ни у кого не вызывает возражений, что *«шары»* и *«кыпчаков»* можно рассматривать как один и тот же народ. Названия *«команы»..«шары»-«сары»*, этимология всех этих названий одна, переводятся как *«желтые»*. — Б. Е. Кумеков. Государство кимаков IX—XI вв., 125-б.).

«Сарык», «эрсары» деген *Усеин-хандык (Усөн-Көзкаман?)* түркмөндөрү («соинхановских туркмен») менен *«сары-кыпчактардын»* (Манастардын?) этногенези (түпкүтүү) бир экендиги алардын материалдык маданиятынан (мис. кийим-кече, боз үйдүн жасалгалары, *«көк бөрү»* сыяктуу оюндары ж. б.), ал турсун *«Дешти-Кыпчак» («Кыпчак талаасы»)* деген топонимикасынан да даана байкалат дешет (Г. П. Васильева, Этнические компоненты..., 105—106-б.).

Усеин-хандын түркмөндөрүн *кыпчактардын* этногенези менен байланышта кароодо этнографиялык көрсөткүчтөр да кепил болот экен. Мисалы, элдик декоративдик-прикладдык искусствосунун бөтөнчөлүктөрү боюнча бүткүл түркмөндөрдү эки топко бөлүп, анын биринчисин *(«эсен-эли»* же *«эсен-хани»* дегендерин — Т. А.), байыркы *огуз* уруулары аларга көбүрөөк аралашкандыктан, шарттуу түрдө *«огуз тобу»* деп, ал эми экинчисин *(«соин-хан* түркмөндөрүн» — Т. А.), кыпчактардын аралашмасы аларда басымдуулук кылгандыктан, *«алан-кыпчак тобу»* дешке болот дейт этнограф Г. П. Васильева (Ошондо эле).

Кыскасы, бүткүл түркмөндөр *Соин*-хандын *(Усеин*-хандын) жана *Эсен-хандын* тукумдары делип экиге бөлүнөт деген санжыра уламыштары орто кылымдагы чыныгы этникалык байланыштарга негизделгендиги болжолдонот.

Ошентип, бул айтылгандардан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: сыр-дарыялык жана аралдык огуздар (Эсен-хан эли?) жана аларга чектеш же аралаш жашаган кимак-кыпчактардын батыш жактагы бөлүгү (Усеин-хандын эли? Үсөндүн балдары — көзкамандар? б. а. *«сарык», «эрсары»* — *куманы?*) кимак-кыпчактардын чыгыш жактагы бөлүгү (Манастар?) тарабынан катуу жеңилгенден кийин, Чыгыш Европага — түштүк Русиге *(«берендеи-берендичш» — «торки» — «берендер?»)*, Хоросанга (Түркменстанга) жана андан арыы Балкан аралындагы Византияга чейин *(«туркопол?»)* ж. б. жактарга чачырап кеткендиги байкалат. Ырас, огуз уруулардын Хоросанга, Кавказга жана Кичи Азияга (Турцияга) таралышы селжуктардын жортуулу менен да байланышта каралат, бирок селжук бирикмесинин түзүлгөн орду («бешиги») орто Сырдын чөлкөмү болгон делет (С. Г. Агаджанов. Очерки..., 174-б.).

Айтмакчы, баарынан да кызыгы, ошол селжук тобун (фамилиясын) уюштурган жана ага негиз салган Селжук же Салжик аттуу киши адегенде «кыргыздын» Бейгу дегей башчысында кызмат кылып жүргөн жана селжуктар «кыргыз талаасынан» чыгышкан деген чет элдик тарыхчылардын (Г. Вейль, К. Брокельман) илимий изилдөөлөрү да бар экен (Жогоркуда эле, 43-б.). Андай экени чын болсо, кыргыздар XI кылымда сыр-дарыялык огуздардын эң жакын көшүнасы болуп турган болот..

Атайын белгилеп кетүүчү дагы бир маанилүү нерсе — жеке эле *Усеин-хандын* (Соин-хан, Соин-хан) тукумдарын — *„сарык„*, *«эр сары»* түркмөндөрүн *(Усөн? Көз камандарды?)* эмес, эпикалык Манастын тарыхый прототибин да ***„сары-кыпчактар"*** менен өз ара тектеш, этногенези бир деп эсептөөгө толук негиз бар, анткени эпостун бир вариантында: «Кара ногой Жамгырчы, ***Сарык ногой эр Манас»*** делсе (В. Радлов. Образцы..., ч. V. 7-б.), экинчисинде Манастын чоң атасы Ногой эмес, ***Сарыкан*** болгону айтылат (М. Чокморов боюнча); ал эми Тазбаймат (***Сарытаз***) деген Манастын чоросу Семетейдин тушында ***Сарыкан*** аталып, элге бийлик жүргүзгөн делсе, Сейтектин балдарынын аты Алым***сарык*** Кулан-***сарык***, болгон экен (С. Карапаев боюнча.)

Демек, ***Сарыкандан*** башталып, ***„сарык„*** (Кулан-***сарык***) менен бүткөн Манастын теги (уруусу) ***„сары"*** (мунун көптүк түрү — ***"сарык„***), б. а. кыпчак экендигин дагы бир жолу маалымдап, «Манас өзү кыпчак уру-

гунан болуп, жети кашка деген элден экен» деген кыргыз санжырасындагы кабардын чын экендигин көрсөтөт.

Мына ошол кыпчактардын көчмөнү XI кылымда (1076-жылга чейин эле) Талас өрөөнүнө да жеткендигин жана Тараз (азыркы Жамбул) шаарынын түштүк жагына «Канжак сангир» деген сепил же шаар («укрепление») кургандыгын учурунда Махмуд Кашгарий өзүнүн айтылуу «Сөздүгүндө» белгилеген. Ал жөнүндө биз «Манастын үйлөнүшү жана тарых маселелери» деген макалабызда («КМ», 1985, 11-июль) мурда да сөз кылган болучубуз.

Эпикалык Манастын Кара-Тоодон (Каратау?) же Самаркандан (эң негизгиси — батыш жактан!) «жер ортосу деп» чыгыштагы Таласка (Канжак сангир?) көчүп келиши жана «Жердегени кең Талас, Жетик экен эр Манас» — деп укумдан-тукумга даңкталышы ошол сары-кыпчактардын Таласка ооп келишинен башталгансыйт.

Негизинен Талас өрөөнүндө жашаган жана андан Кыргызстандын башка райондоруна таралган кыргыздын *„саруу"* уруусу (аны *„сары"*, *„сарык"* же *„сары уул„* деген этнонимдин эле варианты десек жаңылбайбыз) *„Кубулдан„* же, «Маджму аттаварих» боюнча, *"Куу уулдан"* (б. а. *„куман-каман-куманды-куу-кажи?„ —„сары"—„половцы?„)* таралган деген кыргыз санжыраларындагы маалыматтарды да эстен чыгарууга болбойт.

Андан тышкары, *«саруудан»* же *«Сары бийден» («сары»* дегенди *«саруу»* деп айтып жүрүп, *«саруу»* аталып кетиптир» делет) Таластагы *«тубай»* уруусу *(Тубай? — Үсөн-Көзкаман-Усеин-хан?), «кырк уул»* (тууганларына кошулбай башка жакта көпкө жүргөндүктөн алар **«бөлөк чал»** делиптир), *«кырк уулдан» «беш камандар»* ж. б. таралган деген санжыра маалыматтары да бар («Тарых сөздөрү». 1923-жылы Таластан жыйнаган К. Мифтаков. — Кыргыз ИАсынын кол жазмалар фондусу, инв. № 200, 300-б.; «Кыргыз элинин санжырасы». Жыйнаган М. Байгаринов. Ошондо эле, инв. № 564, 128-б.).

Ошентип, жогоруда келтирилген маалыматтарга караганда *«сары-кыпчактардын»* кайсы бир бөлүгү (мис. *«куу уул»* же *«саруу»* жана аларга таандык *«тубай», «беш каман», «беш берен», «жабагы»* ж. б.) батыш жактагы Сыр-Дарыя чөлкөмүнөн *(Бэжэн? Кангюй* ж. б.) бөлүнүп келип, Таластан жана ага канатташ аймактардан турук алганы, натыйжада, алар кыргыз элинин түзүлүшүнө субстрат-компонент болуп катышкандыгы байкалат.

Бул оюбуздун тууралыгын бекемдөө максатында этнографиялык экспедициянын материалдарына кайрылсак да болот, анткени Талас, Чаткал сууларынын бойлорунда жана аларга коңшулаш жайгашкан тоолуу райондордо жашаган кыргыздардын материалдык маданияты (үй-мүлкү, кийимкечеси, прикладдык искусствосу ж. б.) башка жерде жашаган кыргыздардыкынан бир топ эле айырмаланып, анда кыргыздарга да, ошондой эле казактарга, каракалпактарга жана өзбектердин кээ бир тобуна мүнөздүү белгилер аралаш орун алгандыктан, «кыргыздын түндүк-батыштагы материалдык маданияты» деген өзүнчө бир комплексти бөлүп көрсөтүүгө туура келиптир (С. М. Абрамзон. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Л. 1971, 68-б.).

Ушундан улам, «Манас» эпосунун байыркы версиясы (сюжет-уюткусу) так ошол «сары-кыпчактар» («саруу?» — «куу уул?» ж. б.) менен чогуу келип, акырындык менен башка да кыргыз урууларына, кийин жалпы кыргыз элине тарагандыгын, эл башынан өткөргөн мурунку жана кийинки кылымдардагы олуттуу тарыхый, саясий ж. б. окуялардын таасиринде ал улам толукталып, циклизацияланып жана жаңыланып отуруп, акырында бизге келип жеткен «поэзиянын океанына» айлангандыгын болжолдоого мүмкүн.

* * *

Макалабыздын соңуна сары-кыпчактардын *«сары чачтуу»* («рыжеволосые» — «хардеш») жана *«өңдөру сары, көздөру көк эл»* («рыжие люди с голубыми глазами») болгондуктан *«сары»* деп аталышып, кытай тарыхындагы кабарларга караганда, мурда *«Алтай тоолорунун арасында»* («в стране Кин-Ша» — «Алтын-Тоо өлкөсүндө») жашагандыгын, Борбордук Азияда түзүлгөн «Улуу Кидан» же «Улуу Ляо» деп аталган күчтүү мамлекеттин (эпостогу Алоо-ке кан менен Молто кандын? — Т. А.) кысымына туруштук бере албай XI кылымдын 30-жылдарында Батышка жылууга мажбур болгонун, акыры, XI кылымдын ортосунда, Жети-Сууда, орто Сырдын чөлкөмүндө жана анын Кара-Тоосунун жака-белинде жашаган огуздардын жерине согуш менен жеткендигин айтууга тийишпиз (караңыз: Агаджанов. Очерк.., 157—158-б.).

Тоолуу Алтайда жана андан берки Иртыш талааларында жашаган ошол кимак-кыпчак урууларынын тобу («сарылар?») XIII кылымдын башына чейин, 200 жылдан ашуун мезгил бою, жалпысынан *«кыргыз»* деп аталышкан делет (Ист. Кирг. ССР. 1984, I том, 429-б.).

Демек, бир эле учурда *«сары»* жана *«кыргыз»* аталышкан кимак-кыпчак урууларынын Орто Азияга ооп келиши эпостогу Манастардын Алтайдан көчүп, адегенде Кара-Тоого, андан Таласка келиши сүрөттөгөн эпизоддорунда көркөм чагылдырылган десек болот. Ошондуктан Канкыейге жуучу болуп барган Жакыптын: *«Кара кыргыз уругум, Азыркымды сурасаң* — Азнеттин *Кара-Тоо* (Каратау?), *Жайлаган жайым так ошо... Келген жерим Алтайдан»* деп өзүн тааныштырганы же Атемирдин (Каракандын): «Баш жактан (Кара-Тоодон?) чыгып калыптыр *Манас аттуу бир балаа, Уругу* кара *кыргыздан, Аз жыл болду келгени Алтай менен Жылдыздан»* дегени (С. О. 11, 359, 369-б.). Манастардын чын эле *«Алтай тоодон келгенин»* (С. О. II, 360-б.) жана жалпысынан *«кыргыз»* аталган *(«уругу кара кыргыздан»)* сары-кыпчактардан экендигин маалымдап турат десек туура болот деген жыйынтыкка келебиз.

Кыргызда
«Манас»

«М
болуу менен бирг
кис этнографиялы
Элдик оозеки чыгармачы
толугу менен ачып көрсөткөн,
менен жабдылган фундамента
Өзгөчө мурда жазуу-сыз
нүү — элдин турмуш-тиричилиг
«Манас» эпосундагы т
кыргыз элине тиешелүү болго
айкын жана зор көркөмдүүлүк

Айыл — бир нече үйлөр
нүн жө уруктун социалдык ма
эсептөлгөн. Бул төмөнкү сапта

Ар бир уруу белгилүү
ылайык, өзүлөрүнө мүнөздүү
социалдык-экономикалык кыр
салдарынан да ачыгыраак көр

Же болбосо, «Ата-уругу
делип толукталат. Демек айы
Айыл-урук, уруу мамил
мурда, территориялык, эко
эсептелген.

Дүйнөдөгү элдердин ту
минде бир топ даражада че
баштап тигил же бул элдин
ген слуттуу эмгектер этногра
Айрыкча, совет бийлиги
турак жайларынын түрлөрүн
тун салтанаттуу жеңишинин
нойт. Демек, мекенибиздин
графиялык жактан ар тарапт
фия илиминин алдында тур
макчы.

Советтик этнографтар
бир элдин улуттук маданият
таасирин көрсөтүүдө турса,
гөчөлүктөрүн ачуу менен а
линдеги үйлөрдүн өнүгүшүнү

«Манас» эпосунун мате
жок, жапайы жемиш же ай
эң байыркы элементтерге
Бул элде курал тармак кийи
жалпы эле бул, же тигил н

Жеңишбубү Матенова

Кыргыздардын турак жайынын «Манас» эпосундагы чагылышы

«Манас» — эпосу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын чалкыган океаны болуу менен бирге, элдин маданиятынын оригиналдуу эстелиги, баа жеткис этнографиялык булагы да боло алат.

Элдик оозеки чыгармачылыктын, фольклордун тарыхый-этнографиялык маанисин толугу менен ачып көрсеткен, же болбосо шарттуу илимий методикалык көз караштар менен жабдылган фундаменталдуу эмгектер жокко эсе.

Өзгөчө мурда жазуу-сызуусу жок элдердин оозеки чыгармачылыгын үйрөнүү — элдин турмуш-тиричилигин да үйрөнүү болуп эсептелери бышык.

«Манас» эпосундагы турак-жайдын чагылдырылышында кыргыз урууларына, же кыргыз элине тиешелүү болгон мүнөздүү социалдык мамилелер жана катнаштар өтө айкын жана зор көркөмдүүлүк менен ишке ашкан.

«Ата уругуң кайсы жан
Ураанын ким, элиң ким
Уругуң ким, жеңуң ким
Ата-баба айлың ким

Айыл — бир нече үйлөрдүн гана жөнөкөй жыйындысы эмес, бүтүндөй бир уруунун же уруктун социалдык мамилелеринин жыйындысы жана аның көрүнүшү да болуп эсептелген. Бул төмөнкү саптардан да ачыгыраак байкалат.

«Айып этип койбосоң
Айыл конгон жериң ким
Ата баба урааны
Жайынды сурайм элиң ким»

Ар бир уруу белгилүү бир территорияны ээлеп, коомдук өндүрүштүн базасына ылайык, өзүлөрүнө мүнөздүү болгон өндүрүштүк мамилелердин негизинде белгилүү социалдык-экономжикалык кырдаалды түзүшкөн. Бул С. Ороэбаковдун вариантынын мисалдарынан да ачыгыраак көрүнөт.

«Айылы бирге конушуп
Аралаш тууган болушуп
Айылма-айыл конушуп
Ак сакал болгон абамды
Калыс кылып коюшуп»

Же болбосо, «Ата-уругуң дайың ким» — деп сурапып «жайынды сурайм айлың» делип толукталат. Демек айылды бүтүндөй бир урук-туугандар же уруулар түзүшкөн.

Айыл-урук, уруу мамилелеринин гана жыйындысы болуп саналбастан баарыдан мурда, территориялык, экономикалык байланыштардын да жыйындысы катарында эсептелген.

Дүйнөдөгү элдердин турак-жай, үйлөрүнүн айрым маселелери этнография илиминде бир топ даражада чечилген. Байыркы адамдардын турак кылган үйлөрүнөн баштап тигил же бул элдин азыркы мезгилиндеги турак-жай үйлөрүнө чейин изилденген олуттуу эмгектер этнография илиминде көрүнүктүү орунду ээлейт.

Айрыкча, совет бийлигинин убагындагы бир туугап советтик үй-бүлөдөгү элдердин турак жайларынын түрлөрүнүн жана үйлөрүнүн изилдениши — социалисттик курулуштун салтанаттуу жеңишинин факторлорунун бирин көрсөтүүдө өтө маанилүү ролду ойнойт. Демек, мекенибиздин көп сандаган элдеринин (улуттук) үй-жайларынын этнографиялык жактан ар тараптуу терең изилдениши азыркы мезгилде советтик этнография илиминин алдында турган актуалдуу жана жооптуу милдеттердин бирин болуп саналмакчы.

Советтик этнографтар тарабынан ушул теманын изилдениши, бир тараптан, ар бир элдин улуттук маданиятынын көп кырдуулугунун жана бири бирине тийгизген өз таасирин көрсөтүүдө турса, экинчи жактан ар бир элдин үй-жайларынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачуу менен алардын өнүгүү тарыхын түзүп, советтик бийликтин мезгилиндеги үйлөрдүн өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө турат.

«Манас» эпосунун материалдарынын ичиндеги үңкүрдө жашаган, белгилүү кесиби жок, жалайы жамыш жа айбанаттарды жеп жан сактаган элдерди суреттеген элестер эң байыркы элементтерге жатат. Мисалы Сашаңшандын элинин эпосто баяндалышы. Бул элде курал турмак кийим жок. Өзүлөрүнүн арасында мени-сени дегек түгүл, жалпы эле бул, же тигил нерсе башка бирөөгө таандык болушу мүмкүн деген түшү-

«Аш берүүчү жерине
Арызданып конгондо
Көк ала байрак көк тууну
Көтөрүптүр бийиктеп,
Көргөн душман көөнүнө
Көрүнөө түшсүн күйүт деп,
Үч жүз миң тиккен үйү бар
Үч ата уулу, бийик бар,
Үзүгүнүн баарысын
Ак манат менен тыштатып,
Ууктарын учтатып,
Учу сайын ууктун
Кура манат тыштатып,
Кечкен болсо бүктеген
Кедүктөргө жүктеген,
Көрбөгөндүн баарысы
Кезүн салып, тиктеген,
Бай Көкөтөй ашында
Камданышып ошондо
Конок келер бекен деп,
Жасалгасын бекемдеп», деп сүрөттөлөт.

Бул үйлөр, көрүнүп тургандай, жасалгаланып «конок үй» катарында пайдаланылган. «Манас» эпосу баарыдан мурда баатырдык эпос. Эпос, көз каранды болбостукту сактап калуу үчүн айгышкан согуштар, узакка созулган жортуулдар, согуштук жүрүштөр жөнүндөгү элдин эң сонун баяны. Кыйын кезең каардуу кармаштарда атайын арналган үйлөрдүн болушу толук мүмкүн. Мына ушундай атайын согуштук кызматтарга пайдаланылган боз үйлөр жөнүндө атайын адабияттарда кабарлар да бар.

К. Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүктө» «коша», «отоо» терминдеринин айрым маанилерин убактылуу, жортуулдар убагында же алыска көчүп-конуу мезгилдериндеги боз үй деп берет.

Согушчан мезгилдерде ар дайым эле атайын арналган боз үйлөр пайдаланыла бербесе керек. Муну биз төмөнкү саптардан көребүз:

«Жабыгы бийик боз үйгө
Жамгырчыны киргизди.
Жалпы колдун баарына
Чатыр тигип бергизди».

Жамгырчы кыргыздын бир уруусунун башчысы, мындайча айтканда, кошундун башчысы. Көрүнүп тургандай, аларга атайын үйлөр бөлүнсө керек деген ой пайда болот.

Эпосто «жолум үй» деген термин менен негизделген үйлөр жөнүндө да кабарлар кездешет.

«Бүгүн жолум үйгө түнөтүп
Көргөзмөк болдуң конокту
Айттырмак болдук жомокту,» —

деп атасы Манастын өчүк алганы узак жолго аттанган Семетейге жолдо кезиккен Карагул айтат.

«Жолум үйгө барды дейт
Баатыр тууган бу Сейтек,
Жылкыны кездей салды дейт
Туу баз кармап алды дейт,
Жолум үйдүн эшигин
Жыга тартып салды дейт».

Жолум үй көрөөгө жыгачтары бири-бирине көктүн жардамы менен аштиштырылып, кыл менен бириктирилет. Бул жөнүл жана тез жыйнаганга ыңгайлуу болгон.

Көркөм жасалгаланышы жана белгилениши жагынан эсемдешкен үйлөр: «ак ордо, ак үй, боз үй, өргөө» — деп аталган үйлөргө бөлүнгөн.

Эпосто учураган «Ордо» — терминиинин маанисн чоң кызыгууну жаңы тадаш-тартыштарды туудурбай койбойт.

Манастын кырк чоросу, «кырк» жерден келип, Манаска «чоро» болушат. Манас аларга «алдына ат», «үстүнө үй» берет. Бул кырдаал төмөнкүдөй сүрөттөлөт.

«Үйсүз келген чорого,
Кадимкидей кылчайбай
Ордо берди зор Манас.
Үйсүз калган чорого
Түндүгү алтын кырчоо жез
Чоң ордого киргиздн.

Ордо берди зор «Манас» — бул жерде көчүп бүрө турган мезгил «үй берди» деп айтылбай «ордо берди» деп айтылышында.

«Ордо» деген сөздүн маанисине көпчүлүк окумуштуулар, алардын ичинде Ч. Валиханов мындай деп аныктама берет. «Ордо» деген сөз алтын ордодой эле мааниге ээ болгон азыркы убактагы кыргыз-кайсактардын (казактардын) канинын борборунун же ставкасынын көнири маанисин билдирет. Эпосто муну далилдей турган саптар көп кездешет.

«Ордун кандын чоң ордо,
Дарбазасы далай бак,
Токсон кулач бийиги
Сыртындагы калың чеп,» —

деп көрүнүп тургандай тегерете бекемделген ордолор жөнүндө түшүнүккө ээ болобуз.

«Көң Каркыра жүзүнө
Бокмурун барып жетиптир
Баш аягын тордотуп
Көкөтөйдүн чоң ордо
Барып тигип орнотуп».
«Ак үйлүү кан Алоока
Алып салды деп жазган
Түп коргонун түз кылып
Чалып салдык деп жазган» —

деп «Манаста», «ак үй» — т
турат. «Ак үй», «ак үйлүү» сө
өзгөчө бир маанини да түшүн

«Алдейлеп турга
Быйыл ак үйлүү
Жер ортосу Мар

К. К. Юдахиндин сөздү
евдин) комментарийинде «ак
ку ыр саптарынын алгачкы
циалдык абалын белгилесе а
рылып жаткандыгын түшүндү
үрүүгө өкүл, элчи жиберүү
тольп, И. К. Бичурин ж. б. өз

Ушинтип үйлердүн аттар
лелер менен өзектеш болуп
катарында да кабыл алынышы
Жаңыдан үйлөнгөндөрө
Манас менен Каныкей
чыгармачылык менен кооздо



«Ак учук менен
Үзүгүнө жаптырг
Босогонун сырты
Каалганын бетин
Ажыдаар менен

мына ушундай жасалгаланган
кен.

Боз үй кыргыз элинин
телген. Демек, эпостогу үйлө
түүралуу маалыматтарга к
боз үйдүн жасалышы, бөлүн
алууга болот.

Боз үйдүн түзүлүшү, ич
өте тыгыз байланышта болг
дун сүрөттөлүшүндө (айрык
шүнүгүбүзгө сиңип калган б
тер орун алгандыгын эскерте

Атайын изилдөөлөрдө
тептерга тиешелүү) көрөө,
гондугу тууралуу маалыматта

Эпостогу бир саптарында
бардым кеармандарын канд
коюуга багбойт. Айткени эл
түзүүдө көркөм идеалдарын

деп айтылат эпосто. Боз үйд
берилери, архитекторлору бо
лүктөрү бири-бирине ийилип
чебирчиликти алар мууздан-

Көрүнүп тургандай боз
көмдеп кооздоо жумушу д
калат.

«Ууктарын учта
Учу сайын уукту
Кара манат таш
«Босогонун сыр

Боз үйдүн түлкүн түзү
кайсынысы өздөрүнө таанды
Кийиз жасоонун ыкмал



«Кедик койдун
Таза жерге жы
Тасмалдатып к

деп «Манаста», «ак үй» — терминн Алооконин коомдук социалдык абалын айгинелеп турат. «Ак үй», «ак үйлүү» сөздөрү жогорку маанисинен башка дагы бийик жөнүндөгү өзгөчө бир маанини да түшүндүрөт. Муну төмөнкү саптар айгинелейт:

«Алдейлеп турган баланы — Баланды алып баралык
Быйыл ак үйлүү бизге бериңиз. — Калайыкка бир эрке
Жер ортосу Маргалаң — Ак үйлүү коюп калалык».

К. К. Юдахиндин сөздүгүндө жана эпостун варианттарынын бирнинн (С. Каралаевдин) комментарийинде «ак үйлүү» — өкүл, элчи маанисинде түшүндүрүлөт. Жогорку эр саптарынын алгачкы экинчи сабы биздин оюбузча «ак үйлүү» «жандардын» социалдык абалын белгилесе акыркы саптары, Семетейди башка элге өкүл катары чакырылып жатканлыгын түшүндүрөт. Бир элден экинчи бир элге же бир уруудан экинчи урууга өкүл, элчи жиберүү байыркылардын бузулбас салты болгон. Муну В. В. Бартольд, И. К. Бичурин ж. б. өз учурунда туура белгилешкен.

Ушинтип үйлөрдүн аттарынын же өздөрүнүн жогоркудай коомдук саясий мамилелер менен өзөктөш болуп шартташып турушу, турак-жай үйлөрдүн социалдык белги катарында да кабыл алынышын ого бетер бышыктайт.

Жаңыдан үйлөнгөндөрө берилген үй «ергөө» деп аталган.

Манас менен Каныкей үйлөнгөндө «чоң ергөөгө» киргизишет. Бул үйлөр айрыкча чыгармачылык менен кооздолуп жасалгаланган.

«Ак учук менен суп манат — Сүрөтүн жаткырган
Үзүгүнө жаптырган, — Көргөн жандар жактырган.
Босогонун сыртына — Керегенин боюна
Каалганын бетине — Көөхардан чеге бастырган —
Ажыдаар менен жолборстун,

мына ушундай жасалгаланган үйдү жаңы үйлөнүшкөн Манас менен Каныкейге беришкен.

Боз үй кыргыз элинин кылымдардан бери пайдаланган негизги үйү болуп эсептелген. Демек, эпостогу үйлөр жөнүндөгү ар кыл баяндамалардын ичинен, боз үйлөр тууралуу маалыматтарга көбүрөөк ээ болушубуз толук жөндүү көрүнүш. Эпостон боз үйдүн жасалышы, бөлүктөрү, жыйналышы тууралуу да керектүү материалдарды алууга болот.

Боз үйдүн түзүлүшү, ички жасалгаланышы, үйдүн ээсинин социалдык абалы менен өте тыгыз байланышта болгондугу белгилүү. Эпостогу каармандарга тиешелүү үйлөрдүн сүрөттөлүшүндө (айрыкча жасалгасы тууралуу) көркөм кооздуктар, (биздин түшүнүгүбүзгө сиңип калган бай адамдарга тиешелүү деп эсептелген) ашкере көрүнүштөр орун алгандыгын эскерте кетмекчибиз.

Атайын изилдөөлөрдө, белгилүү мезгилге ыйгарылган боз үйлөрдүн (жогорку топтарга тиешелүү) кереге, уктары нумуш, жез, темир пластинкалар менен кооздолгондугу тууралуу маалыматтар бар.

Эпостогу ыр саптарында келтирилгендей, жасалгасы бар үйлөрүнө карап, эпостун бардык каармандарын кандайдыр бир жогорку топтун өкүлдөрүнүн катарына кошуп коюуга болбойт. Анткени эл, мекенин коргогон сүйүктүү каармандарынын образдарын түзүүдө көркөм идеалдарын ар кыл боёкторду аяшкан эмес.

«Кереге үүгү агачтан,
Түндүгү болсо жыгачтан
Белекбай уста жасаган», —

деп айтылат эпосто. Боз үйдүн жыгач түлкүн жасаган усталар кыргыз элинин анык чеберлери, архитекторлору болушкан. Анткени боз үйдүн жыгач түлкүсүнүн бардык бөлүктөрү бири-бирине ийлиш теп келиши өлчөмсүз чеберчиликти талап кылган. Мындай чеберчиликти алар муундан-муунга өткөрүшкөн.

«Керегенин кашаты
Темир менен тээктүү».

Көрүнүп тургандай боз үйдүн жыгач түлкүсү жыгачтан гана жасалбастан аны көркөмдөп кооздоо жумушу да ишке ашкен. Бул төмөнкү саптардан да анығыраак байкалат.

«Уктарын учтатып — Болоттон чеге кактырган
Учу сайын ууктун. — Каалганын бетине
Кара манат таштатып», же: — Ажыдаар менен жолборстун
«Босогонун сыртына — сүрөттөрүн жаткырган»

Боз үйдүн түлкүн түзүп, ошондой эле аны жөбдүп турган бөлүктөрдөн түрүп, ар кайсынысы өздөрүнө таандык маанилүү функцияны аткарышып өзүнчө аттары болгон.

Кийиз жасоонун ыкмаларын эпостогу айрым ыр саптары маалымдайт.

«Кедик койдун төрмал жүн — Тогуз жүз кемпир чогултуп
Таза жерге жыктырып, — Тырмакка салып тыттырып».
Тасмалдатып кыркгырып

Кийиз боз үйдүн жабдылышынын, жасалгаланышынын бирден бир материалы болуп эсептелет.

«Таласка Алмаң конгондо
Туурдукту май кылган
Түшүкканды бай кылган
Андан ары бастырса
Жыртык кара үй турат
Тутуусу кеткен белүнүп
Керегe уугу көрүнүп» — мындай көрүнүштөр,

элдин социалдык айырмачылыктарын гана белгилебестен, боз үйдүн айрым бөлүктөрү жана алардын аталыштары жөнүндө да кабарларды бере алат. Кыргызстандын түштүк батыш райондорунда жашоочулар туурдукту, «тутуу» деп аташаарын К. И. Антипина көрсеткен.

«Үзүгүнүн баарысын
Ак манат менен тыштатып», же:
«Жабык баштын үстү-үстү
Алты эли күндүз жээктүү
Боолорунун баарысын
Чылк жибектен чалдырган»,

бул сүреттөөлөр, боз үйдүн жасалгасына жалаң кийиздер гана пайдаланылбагандыгын айгинелейт.

«Акырын басып кылтылдап
Аяк капка кол сунуп
Жан аякка кымыздан
мелтилдете куюшуп» —
же: «Керегенин башында
Өрүлгөн камчы зэр токум»

булар эпосто дайыма кезиге турган дээрлик туруктуу эпитеттер.

Илимий адабияттарда көрсөтүлүп жүргендей үйдүн эки тарабынын өздөрүнчө аткара турган функцияларын, жогорку ыр саптары дагы ачыгыраак маалымдайт.

«Алты кертип жүк жыйып
Алдыңкы жолду чандатып,
Зайыбын Толтой албайлы».

Белгилүү бир мезгилдерде жыйылган жүктөн улам үйдүн эсинин байлыгын баамдашчу.

«Жакып кандын төрүндө
Аюу талпак ак көрпө»,

деп көрсетүлгендей үйдүн төрү ардактуу орун болгон. Элибиздеги меймандар келгенде ар дайым төргө өткөрүү кылымдардан бери келе жаткан бузулбас салт.

Боз үйдүн жасалгаланышы, элибиздин байыртадан берки келе жаткан чукура маданиятынын белгиленишине негиз түзөт. Боз үйдүн бөлүктөрүнүн жана аны түзгөн элементтердин жасалышы зор чеберчиликти талап кылып, прикладдык искусствонун баалуу түрүнө да кирет.

Эпостогу окуялардын дээрлик көпчүлүгү бир белгилүү гана территорияларда өтпөстөн, анын чек арасы байыркы Кытайдан тартып, Борбордук Азияны аралап, Орто Азияны, Иранды кесип өтүп, Жер Ортолук деңизи аркылуу Арабиянын чөлдөрүнө жетип, Индостан жарым аралын чарпыйт.

Ошондуктан эки миң жылдан ашуун тарыхы бар, байыркы кыргыздар жөнүндөгү жаңырык бүгүнкү күндө да бизге үгүлүп турат.

Эпосто кыргыздардын көчүп-конуусу жөнүндөгү маалыматтар эң сонун чеберчиликте сүрөттөлгөн. «Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү», Көкөтөйдүн ашын берүү үчүн «Бокмурундун Каркырага көчүшү» сыяктуу чоң маанилүү, окуялар менен коштолгон атайын эпизоддордо байыркы кыргыздардын көчүнүн бирде айбаттуу, бирде кылкылдаган шаан-шөкөттүү көрүнүшүн көребүз.

Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшүнүн баяндалышы:

«Кылдыратпай уюк чечип
Шылдыратпай суу көчип
Түлпардын баарын байлашып
Күтүү алган сан кара
Түп көтөрө айдашып
. . . . . .
Кароолун жакшы коюшуп
. . . . . .
Азаматын, шердерин
Найза сайган эрлерин
Айбалта чабаар эренин
Белге таңуу кылыптыр
Кабылан Манас эренин
Көч алдында Жакып бай
Көч ортунда Акбалта —

деп толук реалдуулук менен сүрөттөлөт.

Ф. Энгельс белгилегендей, согуш элдик түрмуштун регулярдуу функциясы болуп турган мезгилдерде кыргыз көчүнүн жогоркудай көрүнүшү дээрлик чындык. Байыркы кыргыздардын армиясы (кошууну) С. М. Абрамзон белгилегендей байыркы монголдордун армиясынын түзүлүшү сыяктуу (түмөнгө) миңге, жүзгө, онго бөлүнүп, пайдаланган курал-жарактарына карап дагы өзүнчө топту, отрядды түзүшкөн. Мисалы эпостун ыр саптарынан көрүнүп тургандай, найзакерлер өзүнчө, айбалта чапчулар өзүнчө д. у. с. болуп топ-топ бөлүнүшүп, согуштун учурунда өз-өзүнчө майданга киришкен.

Көчтүн жогоркудай кароолдор коюлуп, Манас башында турган «найза саар эрлер, айбалта чабаар эрендер» менен коштолушу ошол замандын мүнөзүнө ылайык закондуу көрүнүштөр. Ал эми көчтүн башында (алдында) Жакып бай, артында Ак-Балта болушун адаттык көрүнүшкө, салттык мүнөзгө ыйгарабыз.

«Күлдүр, Камбар,
Бу да келди таласк
Короо болду Мана

Бул саптардан көрүнүп ту
болду делинет. Себеби булар
наска өзүлөрүнүн жеке керт
бирге кароолош, ою бирге жо
термин «айылдан» айырмаланы
кароосу болууга мүмкүн, бирок
Адатта, кыргыздардын жайлоо
майрамга айланган. Жаңы, жакы
ку болушкан. Эпосто берилген
дан» жаап коюу өзүнчө бир в
жетелеп алышкан же ылайыктуу
ген урмат-сыйдын же атак-даң
Маанилерди талашуудан чыкпа

Эпосто турак жай, үйлөр
райлар» деген терминдер мене

Байыркы Багдад, Кабул, Б
ларынын чейин эскерилген сапта

«Жылд
Жер с
Муну

деген саптар дээрлик туруктуу
жердин байыртадан берки саяс

Жогоруда эскерилип кет
байланышкан, же аларга тиеше

«Буя жердин жайы
Каныкейдин ак са
Каалгасы темир со

Айчүрөктүн ак сар
Айланасы чеп кор

деген сыяктуу саптардын эпос
Биринчилерден болуп 18
В. В. Бартольд Садыр-Коргон к
отчетунда баяндап жазган.

Ошол Ак-Тобо имаратын
болгон» деген пикири жогоруд
ги, бир топ шектендиргендик же

Ал эми кээ бир көрүнүш
деп-туура байланышта. Мисалы:

«Кан Кошойго бар
Кайран Ажың жол
Күндүз эмес түн ж
Ашуусу бийик тоо
Агыны катуу суу
Чоң-Төбөнүн боюн
Кара-Тоонун оюна
Кан Кошойдун ко
Казыналык ордого

сыяктуу саптар олуттуу көчүл
көчмөн элдин бир жерден б
көрсөтүлгөн Ак-Төбө калаасы
дердин конушу (ставкасы) ка
делген айрым көрүнүштөр ме

Байыркы шаарлар, коом
өзүнчө бир тарыхый категор
номикалык көрүнүш катарынд
рамкесынан, байыркы мезгил
чылыгы да турат. Шаар дайы
системе катарында (өзүнүн п
шаардык маданияты, ж. б. лар

«Манас» эпосунда ата с
кейдин Манаска күмбөз салды

«Күлдүр, Камбар, Чалыбай
Бу да келди таласка
Короо болду Манаска

Азык кандын Акжолтой
Келип конду Таласка
Короо болду Манаска».

Бул саптардан көрүнүп тургандай «Манаска айыл» болду деп айтылбай «короо» болду делинет. Себеби булар айылдын составын түзгөн мүчөлөрү гана б. а. алар Манаска өзүлөрүнүн жеке көрт баштары же үй-бүлөлөрү менен гана келишкен. «Коюн бирге короолош, оюн бирге жоролош» Манастын чоролору болушкан. Демек, «короо», термин «айылдан» айырмаланып, бир беткей маанини түшүндүргөн. Бир үй-бүлөнүн короосу болууга мүмкүн, бирок жалгыз өзү айылды түзө албайт, составын гана түзөт. Адатта, кыргыздардын жайлоого көчүшү (кийинки мезгилдерге чейин эле) чыныгы майрамга айланган. Жаңы, жакшы кийимдерди кийинишкен кыз-келиндер, көчтүн көркү болушкан. Элосто берилгендей атандарга жүктөр жүктелгенден кийин «сарпайдан» жаап коюу өзүнчө бир адат болгон. Мааникер сыяктуу күлүк аттарды үртүктөп жетелеп алышкан же ылайыктуу бирөөлөргө мингизишкен. Ал эми бул болсо көрсөтүлгөн урмат-сыйдын же атак-даңктын чокусундай эсептелген. (Кийинчерээк чоң жаңжал Мааникерди талашуудан чыкпадыбы).

Элосто турак жай, үйлөр жөнүндөгү маалыматтардын ичинен «шаарлар», «ак сарайлар» деген терминдер менен шартталган көрүнүштөр да көбүрөөк орун алган.

Байыркы Багдад, Кабул, Бээжинден тартып Ташкен, Маргалаң, Анжыян шаарларына чейин эскерилген саптар жолугат.

«Жылдыздуу Кең-Кол, кең Талас,
Жер соорусу турбайбы
Муну жердеген адам тынбайбы», —

деген саптар дээрлик туруктуу эпитеттер. Элосто Талас өрөөнүн мындай ардактоо, жердин байыртадан берки саясий-экономикалык маанисинен келип чыккан.

Жогоруда эскерилип кеткендей, Талас өрөөнүндө каармандардын аттары менен байланышкан, же аларга тиешелүү «ак сарайлардын» бир нечелери берилет.

«Бул жердин жайын сурасаң
Каныкейдин ак сарай
Каалгасы темир сом калай.

Айчүрөктүн ак сарай
Айланасы чеп коргон

Кымбаттыгы бир далай,

«Жакып кандын ак сарай
Жалгызым Манас барында,
Жасатып берген абыдан
Каалгасы сом калай», —

деген сыяктуу саптардын элосто алган орду кеңири.

Биринчилерден болуп 1893-жылы бул өрөөндү айрым эстеликтерин, караган В. В. Бартольд Садыр-Коргон калаасы менен бирдикте Ак-Тебе калаасын да өзүнүн эки отчетунда баяндап жазган.

Аның Ак-Тебе калаасын чыныгы шаар болбой, көчмөндөрдүн тоотчоч жайы болгон деген пикири жогоруда келтирилген ыр саптарынан мазмунуна дал келгендиги, бир топ ынандыраарлык жөндөйдү түзөт.

Ал эми кээ бир көрүнүштөр, эл арасында айтылып калган легендалар менен түздөн-түз байланышта. Мисалы:

«Кан Кошойго барарда
Кайран Ажың жол тартып,
Күндүз эмес түн жүрүп,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Агыны катуу суу кечип
Чеч-Тебенүн боюна,
Кара-Тоонун оюна
Кан Кошойдун коргонго
Казыналык ордого

Кең Таластын оюнда
Үч Кошойдун бетинде,
Таластын суган четинде
Төрткүлдүн төмөн чагында,
Атагы калган баштагы
Манастын сайган багында,
Кайнардын кара көзүндө
Кек чынардын өзүндө,
Дарбазалуу коргондо
Каныкейдин ордодо», —

сыяктуу саптар олуттуу көңүл бурууну талап кылат. Демек бул сыяктуу көрүнүштөр, көчмөн элдин бир жерден бийр алган конушу катарында эсептелинет. Жогоруда көрсөтүлгөн Ак-Тебе калаасының Бартольд тарабынан чыныгы шаар болбой, көчмөндөрдүн конушу (ставкасы) катарында эсептелиши да элостогу ыр саптарында мүнөздөлгөн айрым көрүнүштөр менен үндөшүп турат.

Байыркы шаарлар, коомдун социалдык-экономикалык структурасына негизделип, өзүнчө бир тарыхый категорияны түзүшөт. «Шаар» деген түшүнүктү, социалдык-экономикалык көрүнүш катарында, азыркы мезгилдеги, шаар жөнүндөгү түшүнүгүбүздүн рамкасынан, байыркы мезгилдеги бул тууралуу элдик түшүнүктү ажырата билүү зарылчылыгы да турат. Шаар дайыма структуралык функционалдык мүнөздөгү бирдиктүү система катарында (өзүнүн планы, өндүрүштүк борбору монументалдуу түзүлүшү, шаардык маданияты, ж. б. лар) каралат.

«Манас» элосунда ата сүйөнчүлүк менен сүрөттөлгөн окуялардын бири Каныкейдин Манаска күмбөз салдырышы болуп эсептелет.

Виктор Бутанаев

Кыргыз-хакастын сөз казнасы жаатындагы тарыхый байланыштары

Саян-Алтайды жана Тянь-Шанды мекендеген калктардын өз ара алака-байланыш маселеси 200 жылдан бери изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келет. Орто кылым заманында бу эки аймакта тең «кыргыз» деген наам менен белгилүү калктар жашаган. Тарыхтын нагыз өзү боюнча жазылган эмгектерде бу маселе боюнча ар башка көз караштар айтылат. Тарыхчылардын айрымдары аталган калктардын байланышын Энесай кыргыздарынын кыйласынын Тянь-Шанга жер оодарып келиш маселеси менен далилдешет, а дагы бирлери алардын экөөн тең эле ошол аймактарды байыртан жердеп келаткан түпкүлүктүү элден куралган деп тастыкташат. Кийинки кезде изилдөөчүлөр арасында кыргыз калкы Саян-Алтайдан жана Бор-бордук Азиядан жер ооп келген уруулар менен жергиликтүү элдердин ширеесүнөн бүткөн деген пикир көбүрөөк жайылып баратат.

Ушул убакка чейин бу аталган маселе негизинен жазма жана археологиялык деректерге таянылып гана иликтенип келди. Биз бу чакан макалабызда кыргыз менен Энесай кыргыздарынын мураскору болгон хакастын тарыхый байланышын эки элдин сөз казнасындагы жалпылыктарды өз ара салыштыруу жолу менен кароону сунуш этебиз.

Кыргыз, хакас экөө тең — мал чарбачылыгы менен оокат кылып келген эл экени белгилүү. Чарбачылыктын ушул тармагына байланыштуу терминологияны салыштырып көргөндө, андагы сөздөрдүн эң көбү бирдей, окшош экени байкалат. Мындан тышкары жер бетинин түзүлүшүн, табият көрүнүштөрүн, өсүмдүктөр дүйнөсүн, жан-жаныбардын атын туюнткан сөздөрдүн да кыйласынын мааниси жакын. Маселен, малдын жайылып оттошуна абдан кыйынчылык келтирчү жердин жазгы сыйгалак үчүру хакасча «сойгах» деп аталат. Бу термин кыргыздын «сойгон» дегени менен толук маанилеш болуп турат. Хакастын жазгы ала шалбырттан кийин суук жүрүп, жердин тоңгоюк болуп кетишинен малдын өлүм-житимдүү болушун туюнткан «улегин» деген сөзү да кыргыздын «өлөөгөн» деген сөзүнө далма-дал келет. Тоонун түштүк жакы бетин түштүк кыргыздар «чагат» деп атайт. Хакастан бүгө үндөш «сагыт» сөзү менен көктөм маалында кары кеткен бексе тоолордун «күңгөй бетин туюнтушат. Чөп өспөгөн такыр жердин кыргызча аты «каксоо», хакасчасы — «хаксах». «Кыяк» термини менен кыргыз өкторулуп мол аккан жаан сууну айтат. А хакаста «кыяк» деп кыйкысын, тундуктан болчу муздак шамал аталат. «Чыкыроон» кыргызча — өбө ырайымын аздыр-көптүр шамал аралаша суук тартып турган учуру. Хакаста да бүгө үндөш «чыкыроон» деген термин бар; аны-менен күздүн күнкү боз кыроо учуру белгиленет. Жаш карагайды кыргыз «балатык» дейт, а хакас бүгө үндөш «пилет» сөзү менен жаш кызыл карагайды атайт. Бөгөнөктүн, түнөгү кыргызда «үлөк» делет, мунун хакасча атамасы — «хоох» (аарынын хоогы). Кыргыз «бабырган» деп жалалак түкүмүнө кирген кушту, а хакас «пабырган» деп канаттуу-тыйын чычканды айтат. Кыргызча «кызгыч» деген чулдуктар түкүмүнө кирген чымчыктын бир түрү, хакасча «кызыгас» — жылкычы чымчык. Үкүнү кыргыз — «жапалак», а хакас «чаба хулах» дейт ж. б.

Тарыхый байланышты иликтегенде малдын кыял-кешпирин туюнтуучу терминдер да маанилүү экени сезилет. Башын ала качып, жүгөн каттырбаган кеска жылкыны кыргыз — «кажагай», а хакас «хачагай» деп атайт. Учкөөк аттуу кыргыз «чүркөмө жакшы ат» деп да коёт. Хакасча «солгамныг ат» — алыска чабылчу ат дегенди билдирет. Семиз, кара эти толук жылкы кыргызда «көбөөрүгөн жылкы» делет. Ал хакаста да ушундайча аталат: «көбөөрген чылгы». Кыргызча «көбөз» деп чапкө тойгондо курсагы белүнүп саландап калчу арык козуну сыпаттайт. Бу сөздүн хакасча «көбөс» деген сөз менен маанилик жакындыгы бар; хакаста «көбөс» деп мурда анчылыктан кезү катып калган, ошондон улам тамакка өтө эле опкок кек карын баланы айтат. Эки элде тең жыртыкч айбанаттар жалпысынан «карсак» (кырг.) же «харсах» (хак. харсахтыг ач) деп аталат. «Алтай» деген кыргыз сөзү карышкыр түкүмундагы сыртган айбанаттердин элитеги катары кызмат кылат. Мунун түпкү теги хакастын «адай» — ит деген сөзүнө байланыштуу экени анча күмөн туудурбайт. Бу теги бир сөз кыргыз, хакас тилдеринде гана бар, башка түрк тилдеринде жок. Мифке айланган «Хубай хус» ит жөнүндө улама хакастын бардык жеринде айтылат. Уламанын мазмуну боюнча: ал ит жапайы каздын жумурткасынан чегилип чыккан: андан бир да жырткыч, бир да канаттуу качып кутула албайт. Хакасча «хубай хус» сөзүн кыргыздын миф «кийикери — иттин түпкү бабасы, колдоочусу дегенди туюнткан «кубагыш» менен бирдей караса болот. Бирок хакас «хубай хусу» белгилүү кыргыз жомогунда эч бир жырткыч качып кутула албайт деп сыпатталчу «кумайыкка» абдан жакын. Кыргыз жомогунда да Кумайык канаттуудан — кыраан куштан туулган деп айтылат эмеспи. Ушул жагынан алганда, бу аталган сөздөрдүн үңгүсү бир деп болжосо болот.

Виктор Бутанаев

Кыргыз-хакастын сөз казнасы жаатындагы тарыхый байланыштары

Саян-Алтайды жана Тянь-Шанды мекендеген калктардын өз ара алака-байланыш маселеси 200 жылдан бери изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келет. Орто кылым заманында бу эки аймакта тең «кыргыз» деген наам менен белгилүү калктар жашаган. Тарыхтын нагыз өзү боюнча жазылган эмгектерде бу маселе боюнча ар башка көз караштар айтылат. Тарыхчылардын айрымдары аталган калктардын байланышын Энесай кыргыздарынын кыйласынын Тянь-Шанга жер ээдерип келиш маселеси менен далилдешет, а дагы бирлери алардын экөөн тең эле ошол аймактарды байыртан жердеп келаткан түпкулуктуу элден курелген деп тастыкташат. Кийинки кезде изилдөөчүлөр арасында кыргыз калкы Саян-Алтайда жана Бор-бордук Азиядан жер ээп келген уруулар менен жергиликтүү элдердин ширөөсүнөн бүткөн деген пикир кабүрөөк жайылып баратат.

Ушул убакка чейин бу аталган маселе негизинен жазма жана археологиялык дареккерге таянылып гана изилденип келди. Биз бу чакан макалабызда кыргыз менен Энесай кыргыздарынын мураскору болгон хакастын тарыхый байланышын эки элдин сөз казнасындагы жалпылыктарды өз ара салыштыруу жолу менен кароону сунуш этебиз.

Кыргыз, хакас экөө тең — мал чарбачылыгы менен соокат кылып келген эл экенин белгилүү. Чарбачылыктын ушул тармагына байланыштуу терминологияны салыштырып карганда, андагы сөздөрдүн эң «көбү бирдей, окшош экени байкалат. Мындан тышкары жер бетинин түзүлүшүн, табият көрүнүштөрүн, өсүмдүктөр дүйнөсүн, жан-жаныбардын атын түюнткан сөздөрдүн да кыйласынын маанисн жакын. Масселен, малдын жайылып оттошуна абдан кыйынчылык келтирчү жердин жазгы сыйгалак учуру хакасча «сойгах» деп аталат. бу термин кыргыздын «сойгон» дегени менен толук маанилеш болуп турат. Хакастын жазгы ала шалбырттан кийин суук жүрүп, жердин тоңголок болуп кетишинен малдын өлүм-житимдүү болушун түюнткан «улегин» деген сөзү да кыргыздын «өлөөгөн» деген сөзүнө далма-дал келет. Тоонун түштүк жакы бетин түштүк кыргыздар «чагат» деп атайт, Хакастан буга үндөш «сагыт» сөзү менен көктөм маалында кары кеткен бексе тоолордун күңгөй бетин түюнтушат. Чөп өспөгөн такыр жердин кыргызча аты «каксоо», хакасчасы — «хахсаг». «Кыян» термини менен кыргыз октөрүлүп мол аккан жаан суусун айтат. А хакаста «кыян» деп кышкысын түндүктөн болчу муздак шамал аталат. «Чыкыроон» кыргызча — аба ырайынын алдыр-көптүр шамал аралаша суук тартып турган учуру. Хакаста да буга үндөш «чыхыроон» деген термин бар; аны менен күздүн күнкү боз кыроо учуру белгиленет. Жаш карагайды кыргыз «балатыш» дейт, а хакас буга үндөш «пилет» сөзү менен жаш кызыл карагайды атайт. Бегеноктун түнөгү кыргызда «уюк» делет, мунун хакасча атамасы — «хоох» (аарынын хоогы). Кыргыз «табырган» деп жапалак тукумуна кирген куштү, а хакас «пабырган» деп канаттуу тыйын чычканды айтат. Кыргызча «ызгыч» деген чулдуктар тукумуна кирген чымчыктын бир түрү, хакасча «ызыгас» — жылжычы чычкак. Үкүнү кыргыз — «жапалак», а хакас «чаба хулах» дейт ж. б.

Тарыхый байланышты иликтегенде малдын «ыян-кешпирин туюнтуучу терминдер да маанилүү экени сезилет. Башын ала качып, жүгөн каттырбаган кеска жылкыны кыргыз — «кажагай», а хакас «хачагай» деп атайт. Учкаяк аттуу «ээде кыргыз «чуркамы жакшы ат» деп да коёт. Хакасча «селгаминг ат» — алыска чабылчу ат дегенди билдирет. Семиз, кара эти толук жылкы кыргызда «көбөөрүгөн жылкы» делет Ал хакаста да ушундайча аталат: «көбөөрген чылгы». Кыргызча «көбө» деп чөпкө тойгондо курсагы белүнүп саландап калчу арык козуну сыпаттайт. Бу сөздүн хакасча «хибее» деген сөз менен маанилик жакындыгы бар: хакаста «хибее» деп мурда аччылыктан көзү катып калган, ошондон улам тамакка өтө эле опкок көк карын баланы айтат. Эки элде тең жырткыч айбанаттар жалпысынан «карсак» (кырг.) же «харсах» (хак. харсахтыг ан) деп аталат. «Алтай» деген кыргыз сөзү карышкыр тукумундагы сырткан айбанаттардын эпитети катары кызмат кылат. Мунун түпкү теги хакастын «адай» — ит деген сөзүнө байланыштуу экени анча күнөм туудурбайт. Бу теги бир сөз кыргыз, хакас тилдеринде гана бар, башка түрк тилдеринде жок. Мифке айланган «Хубай хус» ит жөнүндө улама хакастын бардык жеринде айтылат. Уламанын мазмуну боюнча: ал ит жапайы каздын жумурткасынан чегилип чыккан: андан бир да жырткыч, бир да канаттуу качып кутула албайт. Хакасча «хубай хус» сөзүн кыргыздын миф «айпикары — иттин түпкү бабасы, «олдоочусу дегенди түюнткан «кубагыш» менен бирдей караса болот. Бирок хакас «хубай хусу» белгилүү кыргыз жомогунда эч бир жырткыч качып кутула албайт деп сыпатталчу «кумайыкка» абдан жакын. Кыргыз жомогунда да Кумайык канаттуудан — кыраан куштан туулган деп айтылат эмеспи. Ушул жагынан алганда, бу аталган сөздөрдүн үңгусу бир деп болжосо болот.

Кыргыз-хакас сөз казнасынын жалпылыгы мал чарба азык-түлүгүн иштетүүнү билдирген сөздөрдөн да көрүнөт. Мисалдар: хакасча «**хэндыр**» — теринин бучкагы; кыргызча «**кондур же кондурдай**» — арык, териси менен эле сөөгү калган жандык (б. а. бучкагындай жука); хакасча «**сылгый**» — жакшы ийге жарбей, өндөлбей турган тери, кыргызча «**чылгый**» — сууга чыланган же жаңы союлган малдын териси; хакасча «**іспік**» — аркан эшкенге ылайыктап түйдөктөп койгон кыл (жүн), кыргызча «**ушмек**» — ийрип атканда жерге түшүп кетпес үчүн түймөк жиптен турган манжага илип алма бүчү; кыргызча «**талпак**», хакасча «**талбах**» — жерге салынчу малдын же башка айбанаттын териси; кыргызча «**суксур**», хакасча «**сипсир**» — камчы өрүмүнүн өзгөчө бир түрү.

Кыргыз-хакас сөздөрүндөгү окшоштук ошондой эле үй-жайдын, анын жасалгасынын, эмеректин улут кийим-кечегинин аталыштарынан да көп учурайт. Кыргызча эшиктен кире бериш жерди (көбүнчө боз үйдүн) туюнткан «**улага**» сөзүнө хакасча боз үйдүн түбү дегенди туюнткан «улага» сөзү туура келет. Туурдукту бекиткен арканды эки эл тең бирдей сөз менен атайт: кыргыз — «**кырчоо**», хакас — «**хурчаг**». Кыргыз тилинде «**эпчи жак**» деген — боз үйдүн аялга таандык буюм-тайым турчу жагы. «**Эпчи**» — кыргызда тилдин байыркы доорунун бир дареги катары гана сакталып калган сөз, азыр өз алдынча колдонулбайт. Бу сөздү азыр түрк тилдүү элдердин ичинен жалгыз хакас гана «**ипчі**» деп аял маанисинде колдонот. «**Ипчі**» деген «**иб**» (эп) — үй, боз үй дегенден жасалган туунду сөз; башында ал «үйгө таандык» дегендей аныктоочтук маани туюнткан. Суу токтоп калган чуңкур жерди кыргыз «**келме**» деп коёт. Муну хакасча «**колбе**» — тепши деген сөз менен салыштырып керсе болот. Орто кылымдарда кыргыз ичинде күнөкөр чылгый тее терисинен жасалган «**коок**» дөлчү баш кеп тартылып жазаланган. Хакастын оозеки сөз өнөрүндө да «**хоох порік**» деген баш кийим аты учурайт; аны көбүнчө малайлар кийгени айтылат. Азыркы хакас тилинде «**хоох пас**» сөз айкашы (сөзмө сөз — «**хоох**» тумагынын ичиндеги баш) менен чачы түшүп калган адам сыпаты берилет. Бу маани «**коок**» баш кебин тартардын алдында күнөкөрдүн чачын тасырайта кырып, анан тарткандан келип чыкса керек. Аталган туюнтмалар ошондой эле байыркы кыргыз менен хакастын күнөкөрдү жазалоо амалынын да бирдей болгондугун ырастайт. Чачына менен жээктелип, оймолонуп жасалган ат жабуу кыргызда «**жебилге**» деп аталат. Бу сөз хакасча «**силерге**» — деп кыз-келин тартынчу боркокту кооздоочу чачына дегенге туура келет. Баш кийимдин бир тилкеси кыргызда да, хакаста да «**талаа**» аталат. Тондун жогорку өңүрү кыргызча «**боор**», а хакасча «**паар**» ж. б.

Кыргыз менен хакастын улуттук тамак-ашы көбүнчө эт-сүттөн жасалган. Эки тилде тең бышкан этти жана анын белүктөрүн (устукандарын) тартуунун байыркы расми сакталып калган. Мисалы, теш (хакасча — «**тос**» аялдарга, кыргызча «**төкмөк жилик**» (дагы бир аты — жото жилик»), хакасча — «тохпах чилин» деп аталчу устукан эркектерге гана тартылат. Хакастын дагы бир салтында эркекке кый сүбө (хакасча — «**сүбе**») берилип сыйланат. Ушундан улам хакастар эркектин бир кабыргасы — сүбөсү жетишпейт деп санашчу. Бу салт «кудай таала аялды эркектин «сүбө» деп аталчу кабырга белүгүнөн жасаган» деген библиялык мифинен келип чыкса керек. Хакастын салты боюнчы каргышты (хакасча — «**хаарғыс сизер**») үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири тең белүп жешкен. Аны чайнап жатып минтип каргыш айтышкан: «каргаганга каргыш тийсин». Мунун хакасчасы мындай: «Мині харгаң кізіні харгырың». Муну айтса, киши ар кандай сыртқы кырсыктан сакталат деп ишенишкен. Эгер каргышты бир эле киши жеп алса, анда каргыш ошо жегендин өзүнө тиет деп коркушкан. Малдын тодорсугу (хак. **толарсых**), томугу (хак. томых), ашыгы (чүнө дегендин синонимн; хакасчасы — хазых) кут сактоочу мүчөлөр катары танылган. Ошон үчүн аларды тышка кыргытып жиберишкен эмес. Хакастар балабыз түрү суук болуп калат деп, томукка бычак тийгизбө албай этин аярлык менен жешкен. Кыргыздар да кызыбыз көркүү болсун деп, томукту таза мулжушкен. Сөөктүн борпоң, жумшак жерин кыргыз «**кемик**», хакас «**хымыртон**» дейт. Кыргызча ийни муунун түюнткан «**ургун**» сөзү хакасча «**чалғын кашта**» дегенди билдирген «**хургун**» сөзүнө туура келет. Сууга айран катыкталып коюлган сүүсүндүн аты эки тилде тең үндеш: кыргызча «**чийдем**», хакасча «сеедем». Даамсыз, сүүк тамакты кыргыз «**супсак**», хакас «**сухсак**» дейт. Казандын түбүнө күйүп жабышып калган тамак калдыгы кыргызча «**кырмычык**» хакасча «**хырымчых**» деп аталат ж. б.

Кыргыз жана хакас тилдеринде адамды, коомдук-экономикалык мамилелерди мүнөздөө үчүн иштелип чыккан сөздөрдүн далайы бирдей. Мисалдар: «**баатыр башик бала**» (кырг.), «**алтыр пізік пала**» (хак.) — эмчектеги бала; «**мадыра башик**» (кырг.), «**педырбас**» (хак.) — жаш, жетиле элек бала; «**жөнтөкө**» (кырг.), «**чүлтөкө**» (хак.) — карапайым, тартынчаак; — «**аксым**» (кырг.), «**ахсымай**» (хак.) — албүүт, кыялы чунул; «**тырнак**» (кырг.), «**табан**» (хак.) — амалкай, кандай болсо да сөз таап кутулуп кетчү; «**кыйды**» (кырг.), «**кыйтых**» (хак.) — куу, ичим тап; «**нөзө**» (кырг.) — айлмасында эмне болуп жатканы менен иши жок киши, «**нис**» (хак.) — камаарабаган киши; «**мунчу**», (кырг.), «**мунчух**» (хак.) — эч иш колунан келбеген, шалакы; «**кашка**» (кырг.) — уруу башчысы: «**хашха**» (хак.) — VII кылымдагы Энесай кыргыздарына таандык княздык титул; «**кылдат уста**» (кырг.), «**хыдат узы**» (хак.) — чебер уста (сөзмө сөз-кытай уста дегенди билдирет).

Кыргыз менен хакаста балдар ойнун туюнткан сөздөрдүн да далайынын үнгусу бир экен. Мисалан: «**оромпай**» (кырг.), «**оранмай**» (хак.) — балдар ойну; «**мурчу**» (кырг.), «**мулчу**» (хак.) — чүкөнүн солгун атылып калышы ж. б. Манжалардын атын санап, кичинекей баланы ойноткон оюн Түштүк Сибирь менен Борбордук Азиянын көпчүлүк элине тараган. Хакастар бу оюнду «арба хоор-хоор» деп коёт. Бу оюнда манжа-

лардын аты кыргызда да. (ак.)—чоң манжа; «**бадал**» (кырг.), «**көнүм чібек**» кичи манжа (оозеки сөзүн айтат).

Кыргыздын диний ис салманчылыкка чейинки д дөр: «**тайы**» (кырг., хак.) — жин, шайтан; «**аал: ит ааль** сы аял түспөлүндө сүрөтт көлдүү өлгөн иттин жаны; «**пулаг**» (хак.) — курманды асмандын колдоочулары а — доолбастын же анын ц амандын колуна тийгенд лантат ж. б.

Кыргыз менен хакас дартка койгон атоолору (ак.) — балдардын ооз к манжаларынын оорусу; «т дын ириндеп сезгениши; ги (көбүнчө жылкыга) жан — катуу коркунучтуу шиш

Ошентип, жогортон гыз, хакас тилдери түбүнд жол-жоболорунун бирдей үйкаш жана маанилеш кел кастын ортосунда түпкүлүк далилдерден. Биз бу сапа тук. Бу элдердин энесайль түүдурбайт. Эки башка а дэген бир этноним менен эпөөндө тең бар сөздерд нин тилинен да учурайт. Д тышкан деп болжоого тол



лардын аты кыргызда да, хакаста да бирдей аталат: **«баш бармак»** (кырг.), **«пас маймах»** (хак.)—чоң манжа; **«бадал жүрөк»** (кырг.), **«падан чүрек»** (хак.) — сөөмөй; **«ортоп чиймех»** (кырг.), **«ойым чібек»** (хак.)—аты жок; **«чып-чыпалак»** (кырг.), **«побейек»** (хак.)—кичи манжа (ооздеки сөзүндө чыпалакты хакастар да «чымалчых» деп кыргызга үндөш айтат).

Кыргыздын диний ишениминдө хакастын шамандык түшүнүктөрүнө үңүлүш мусулманчылыкка чейинки диндик издери, сөздүк туюнтмалары сакталып калган. Мисалдар: **«тайы»** (кырг., хак.) — курмандыкка чалуу; **«алаткак»** (кырг.), **«алатпах»** (хак.) — жин, шайтан; **«аал: ит аалы»** (кырг.) — мифте айтылчу айбанат (эркеги дөбөт, урганчысы аял түспөлүндө сүрөттөлчү), **«аан: адай ааны»** (хак.) — элге зыяндуулугунан киши колдуу өлгөн иттин жаны; **«булоо»** (кырг.) — суюктуктун буусу дегенди туюнткан сөз, **«пулаг»** (хак.) — курмандыкка чалынган бодо мал (аның этинен чыккан буудан тоонун, асмандын колдоочулары азыктанган), **«албарс»** (кырг.) — болот кылыч, **«алабарс»** (хак) — доолбастын же аның туткасынын каймана аты; хакас мифи боюнча, андай доолбас шамандын колуна тийгенде ар кандай шайтан-шабырга каршы куралга (кылычка) айлантат ж. б.

Кыргыз менен хакастын элдик медицинасынын дарыгерлик ык-каражаттары, дартка койгон атоолору көп жагынан окшош. Мисалдар: **«оозул»** (кырг.), **«апсыл»** (хак.) — балдардын ооз көңдөйүнүн оорусу; **«кобук»** (кырг.), **«хобых»** (хак.) — колдун манжаларынын оорусу; **«тирсек»** (кырг.), **«тірсек»** (хак.) 1. кирпиктин түбүндөгү бездердин ириндеп сезгениши; 2. ахиллес согончогу; **«кодоо»** (кырг.), **«кодее»** (хак.) — малга (көбүнчө жылкыга) жана адамга чыгуучу жара, күйдүргү; **«чер»** (кырг.), **«сир»** (хак.) — катуу коркунучтуу шишик; **«шыбоо»** (кырг.), **«сымоо»** (хак.) — буттун жыты ж. б.

Ошентип, жогортон бери келтирилгендей лексикалык материалга таянсак, кыргыз, хакас тилдери түбүндө уңүлаш экенине ынанбай коюуга болбойт. Чарба жүргүзүү жол-жоболорунун бирдейлиги, материалдык жана руханий маданияттагы окшоштуктар, уйкаш жана маанилеш келген тарыхый лексика, биздин оюбузча, кыргыз менен хакастын ортосунда түпкүлүктүү тарыхый байланыш бар экенине күбө болуп берчү айкын далилдерден. Биз бу сапар ушул эки элге таандык гана сөздүк катмарды ачып көрсеттүк. Бу элдердин энесайлык кыргыздар менен да тике алакасы бар экени анча шек туудурбайт. Эки башка аймакты жердеген түрк тилдүү калктын экөөнүн тең «кыргыз» деген бир этноним менен аталып калышы кокусунан эмес да. Кыргыз менен хакастын экөөндө тең бар сөздөрдүн кыйласы Саян-Алтайды мекендеген башка түрк элдеринин тилинен да учурайт. Демек, кыргыз каны ал элдердин уюткуланышына да тике катышкан деп болжоого толук негиз бар.

Абакан шаары.

...а келген
...рдан

...окучумун. Жакшы роман же
...здеп, таап окуйт элем.
...дын ала кандай материал
...гуну баштадынар. Бул эте
...ын бирөө мен. Кийинки но-
...ол үчүн калып калбайын
...п болду.

...Экинчи күткөнүм басы-
...нан дагы бир мени эте ау-
...ошо басып, жүш тилиндей
...ныңды билип турганың

...лаев деген лейлектик бала-
..., үчүл катымды жаздым.
...дым. Формасы, анан ан-
...ктадым. Чындыгы ыраса
...урмушту даана өзүндөй кы-
...да жеңил. Эзилме сүйлөм-

...шүнүн он эки көрүнүшүн
...расимдер, меймандосчулук,
...ын азыркы тирилигин даана
...ошого ыктацтырып ма-
...шүүдүрүм шумдук көп.
...муну паамдап тапканын
..., чайдын нама турушун жо-
...да. Кала берсе мен да
...шундум. Дагы эсте кала
... бала чакта ошентип му-

...н мына ушундай тиричилик
...шгар үчүн жакшы. Кыргыз
...күп үйренет. Мына ушул
...майдадай көрүнгөнү ме-
...Ашым шоопурдай адам-
А бизде мына ушул жагы

...ептин ток этери ушул:
...ар артат. Ал эми Нууман
Мен мурда аныкын окуган
...син!

Сатыбалды ОРМОНОВ,
...лтун, эмгектин ветераны.
Кызыл-Кыя шаары.

...маданий фондго менин
...ду калтырып, жакшылап

* * *

Азыр Ош пединститутунда кыргызча лекциялар, сабактар өтүлбөй калды. Физиктер, биологдор, математиктер, музыканттар кыргыз мектептерине барып сабак беришкенде канчалык кыйын болорун ойлонуңузчу? Бут орусча терминдерди кыргыз балдарына ошол бойдон жеткиришет. Өзгөн районунда бир да кыргызча бакча жок. Баары орусча. Райондун Жыланды кыштагындагы орус мектепте 556 окуучунун 21 баласы орус, 535 бала кыргыз. Мугалимдеринин 80%ти кыргыз. Орус мектеп. Бут бардык жерде орусча ураандар. Өткөн жылы болуп өткөн интернационализм тууралу илимий практикалык конференциядан кийин деле эч нерсе өзгөрүп кеткен жок.

«Литературный Киргизстан» журналы тил, кош тилдүүлүк тууралу тегерек столду уюштуруп, макалалар жазып чыкты. «Ала Тоо» болсо, бул тууралу оозун ачып, үн кошподу. 60 миңден ашык окурманы бар «Ала Тоо» кыргыз элинин көзге сүртөр, сөзгө басар жалгыз адабий журналы болуп турып, жалпы элдин ой-мүдөөсүн чагылдырган, өзөктү өртөп өксүүнүн бөксөсүн толтурган макалаларды эмнеге жазбайт? Өзбектердин «Шарк Юлдузи» журналындай тилди, салтты сактоо тууралу, эч жок дегенде бир кыргызча бала бакчаны эмнеге шефке албайсыздар. Аларда «Шарк Юлдузи» балалар арасында» деген рубрикасы бар. «Ала Тоого» окурмандарды тартуунун бала бакчадан баштоо керек.

«Жаштарга атеисттик тарбия берүү» деп эле бизделя газеттерде кийкыра беришет.

Жакында Мырза Аки кыштагында 40 жаштагы коммунист дүйнөдөн кайтты. Обкомдо инструкторго чейин көтөрүлүп, пос кызматы парторг болуп иштептир. Өзүнө жараша папка көтөрген достору бар экен, алар жаңжал салыптыр. «Орусча кылып кемебүз, костюм шым кийгизип, гробго салып көмөбүзбү, дешип сууга алып бүтүп, жаназага коюлгандан кийин жазыксыз өлүк эки тарткын талашка түшүп, бир саатка жакын кыжы-кужу болуп, акыры ата-бабаларыбыз кандай көмүлсө ошондой эле көмүшмөк болушуптур. Өлүк эки метрлик дажага оролуп, түбөлүктүү жайында жатып калыптыр. Ушинтип «Өзөктөн чыккан арт жамаан, өздөн чыккан жат жамаан» дегендей, өзү өлбөс баштанып, өлсө да эздеп, өзгөчө алып, жамуле тургансып, асмандан түшкөндөй ата-бабанын салтын жериген инсилиңстерге сөйкү уруу керек. Албетте устатчылык менен...

Акбаралы ЖУСАБЕКОВ,
Өзгөндөгү тарыхый археологиялык музейдин башчысы.

Кымбаттуу редакция!

Журналдын № 3 (1986-ж.) санына жарыяланган «Мектеп, мугалим жана адабият» аттуу макалаларга мен дагы өз пикиримди кошкум келди. Чындыгында эле бардык көйгөйлүү нуктар, жаңы баштоолор мугалимдерге байланыштуу. Ооба, бул жерде сиздер абдан олуттуу маселени көтөргөнсүнөр.

Менин айтайын дегеним — бардыгы мугалимдин идеяктүүлүгүнүн натыйжасында экендиги. Мисалы, мен өзүмдүн эле агай-эжелеримди айтайын. Мен аларга сын айтып, минусун-тигинтсин дебейм, болгону окумду ортого салгым келет.

Мен 9-класста окуп жүргөндө шартка байланыштуу көчүп келген колхоздогу мектептен барып окууга туура келди. Ошондо ошол мектептеги адабиятчы эжейибиздин мага калтырган таасири өтө зор болду. Эжейибиз бизге чыгармачылык жактан өтө чоң көңүл бурчу. Ар бир жуманын аягында изложение же өз алдыбызча аңгеме жазып келүүгө тапшырма берчү. Анан аны бүтүндөй класс боюнча талкуулап чыкчубуз. Бир жолу эжейибиз менин бир ырымды класстагы балдарга окуп берип, көңүлүмдү көтөргөнү эли да эсимде. Ошол жылы менин эки макалам райондук газетага жарыяланды. Мунун баары, албетте, айбагандай зор ийгилик деле эмес болчу, бирок жаңыдан жаза баштаган мен үчүн чоң демөөр эле.

10-класстан кайрадан мурда өзүм окуган мектепке көчүрүлдүм. Ошондон баштап адабиятка болгон көксөөм суюп баштады. Анткени, ал жерден агай-эжелеримдин бир да бири мурдагыдай адабиятка түрөбөдү. Ошентсе да керегеге газетага аңгеме же ыр жазып чыгарып жүрдүм. Бирок мугалимдердин биреөсү да ага көңүл бурып: «Оо, биздин окуучулардын арасында да жазчылар бар тура. Мындай жазылып калыптыр, минтип ондосо болчудай», — деп айтышпады.

Ошентип адабияттык ынтызарлыгыма эч ким көңүл бурбагандыктан бара-бара адабияттан алыстап калдым.

Деген менен деле болсо адабияттан кол үзүп кетким келбейт. Ушинтип жүргөнүмдө Сиздер жарыялаган Макс менин дилебемди кайрадан козгоп койду. К. Бобуловдун тамчай айткан сөздөрү көз батинде окулбай кулагыма угулууда. Анын өзгөчө: «Чыгарманын күчтүү таасирин алып, эстетикалык моокумун кандырып, китеп бетине көз жаштарын тамчылатпаса, окуган китептердин улуу таасиринде жалгыз олтуруп өмүрүндөгү эң бактылуу, ширин минуталарын башынан кечирбесе, ал турмуштагы эң эле жарды, бечара өксүк жиш болуп өсөт. Эстетикалык көрөңгүсү бош калган баладан мыкты техник, технократ чыгышы мүмкүн, бирок чыныгы атуул, тарбия көргөн инсан чыкпайт. Көп учурларда мугалим окуучуларга жазуучулардын тигил же бул чыгармаларын супсак гана маанисин кайталап берет. Албетте, мындай учурда аттуу-баштуу чыгарманын маңызын бөксөртүп жибебиз. Ошондой сабактар көп болгондуктан адабиятка келген жаш калемгерлер 30-35 жашка келгенде ара жетилишүүдө», — деген сапатыңыз!

Мен буга бүткүл жандүйнөм менен кошулам!

Жылдыз ЖУМАЛИЕВА,
Фрунзе шаары.

Кымбаттуу «Ала-Тоо» журналынын коллективи!

Мен Сиздерге биринчи жолу кат жазып жатам. Жазганымдын себеби төмөнкүдөй: сиздердин журналыңыздардагы (№ 3, 1988-ж.) «Мектеп, мугалим жана адабият» деген Маегиңерди көңүл коюу менен окуп чыктым. Ошону менен бирге өз ойумду айтууну туура тартым.

Мен 1987-жылы 10-классты бүтөмүн. Мектепти бүткөндөн кийин Ош пединститутунун кыргыз адабий факультетине экзамен тапшырып, бирок өтө албай калдым. Азыр айылдамын.

Окуу жүргөнүмдө бизге да адабият, кыргыз тили сабактары өтүлчү. Сиздер жазгандай адабият жумасына эки жолу, кыргыз тили бир жолу болчу. Бул, албетте, абдан аз. Анан болгону 45 мүнөттөн гана окучубуз. Ошондо бир жазуучунун өткөк, анын туулган жылын, өлгөнүн, окууга барганын, жыйырганын, качан окууну бүткөнүн, биринчи ырын качан жазганын, койчу, анын өмүр баянын ийне-жибине чейин окучубуз. 45 мүнөттө аны окуучулар биз эмес, мугалимдердин өздөрү деле эстей албай калаарыбышык. Чыйын айтсам мен адабият сабагында аябай зериккен кезүмүн. Анткени, адабият китептер өтө кызыксыз жазылган. Баары окшош.

Мектеп окуучулар телевизорду көп көрүшөт деп айтышар, ал туура. Андай болбош үчүн адабияттын учебнигин кызыктуу жазыш керек да. Адабият сабагын окуп жатканда тамак ичпей, уктабай окуй турган кылып жазууга нега болбосун? Мисалы, мен Беляевдин «Профессор Доуэлдин башы», Сооронбаевanын «Жетимдер», Сактановдун «Абат дүйнө», Касымбековдун «Келкел» ж. б. чыгармаларды окуп чыктым. Ишенесиңиздер, түнку саат үчкө чейин окуп бүтүрдүм ар бирин. Алардын ар бири ушунчалык кызык, эч токтогуң келбейт. Ушундай учурларда телевизорду жыйыштырасың.

Бизге адабият сабагынан Н. Кекиев деген агай берүүчү. Жакшы түшүндүрүп, адабиятка кызыгуубузду туудурчу. Бирок адабият учебнигин качар болсо агайдын колунан эмне келмек эле? Чындыгында эле ошондой эмеспи.

Анан да жоон таануу боюнча окуу китеби абдан качар, абдан кыйын. Биз, окуучулар эмес, агай өзү да зорго түшүнчү.

Кыргыз тили окуу китеби да ошондой. Көнүгүүлөрү бири бирине коондой окшош. Айрым үстүнө жумасына бир жолу окусак, аны эздештүрмөк кайда? Ал эми математика, физика сабактары жумасына 4—5 жолудан көрсө башка адабиятка орун калабы?

Бул маселени тез аранын ичинде чечиш керек. Ансыз келечекте балдар адабият жөнүндө эч нерсе билбей калыштары толук ыктымал.

Ошондой эле Т. Умоталиев агай айткандай, Ошто балдарды пахтада өтө көп иштетет. Окуу адатта сентябрдын ондорунда токтоп, анан ал кайтып декабрдын биштеринде гана уланат. Программадан артта калып, күргүштөтүп сабак өтөбүз. Ошондо кантип билим жүгүшсүн?

Айтайын деген ой көп, бирок алардын баарын кагазга түшүрүш кыйын...

Гүлхан АЙДАРАЛИЕВА,
Ош областы, Кара-Суу району, Кара-Суу совхозу.

* * *

А. Алдашевдин «Көңүл өйүткөн маселелер» аттуу макаласына пикир.

— Макалада республикада малдын максатка ылайыксыз көбөйүп жаткандыгы тууралуу өз учурунда жана эң туура белгиленген. Анткени, ал республиканын жайыттарынын түшүмү улам барган сайын азайып, кунары качып баратканын шарттап жатат. Азыркы таптa ансыз да 100 гектар жайытка 108 баш кой-эчки, 13 баш уй, 3,5 баш жылкы туура келүүдө. Ошол себептүү республиканын колхоз-совхоздору мындай жыш жайгашкан малды тоют менен камсыз кыла албай жатышат;

— ал эми автордун республикада негизинен уяң жүндүү койлордун тукумун көбөйтүү боюнча койгон доосу менен келишүүгө болбойт. Анткени, ошол эле уяң жүндүү эк койлор бир учурдагы куйруктуу койлор сымак бийик тоолуу жайыттарды багылып, үч килограммдан кем эмес жүн берүүдө жана этинин сапаты боюнча кыргыздын кадимки куйруктуу койлорунун этинин сапатынан кем эмес. Төлү да арбын.

Мисалы, уяң жүндүү койлору азыр бийик тоолуу Атбашы районунда өстүрүлүп жатат. Алар кыштыр-жайдыр Ак-Сай, Арпа жайлоолорунун жайыттарында.

Азыркы таптa республиканын мал чарбасы боюнча окумуштуу-селекционерлери кыргыздын уяң жүндүү койлорунун түкумун дагы жакшыртуунун үстүндө белсенүү иштеп жатышат. Ал эми уяң жүндүү койлордун тукуму республиканын бардык чарбаларында өстүрүлүүдө. Ал саны боюнча Союзда советтик меринос жана кавказ тукумундагы койлордон кийинки үчүнчү орунда.

Өлкөдө уяң жана жарым уяң жүндүү койлордун санын дагы көбөйтүү боюнча олуттуу маселе коюлуп жатканда, А. Алдашевдин бир учурдагы кылчык жүндүү койлорду өстүрүү тууралындагы көтерген проблемасы республикада кой чарбасынын өсүшү боюнча бери эле болгондо мындан 40-50 жыл мурдагы абалына кайрадан чегинүү болор эле.

Аргындаштыруу маселеси боюнча:

— азыр уяң жүндүү койлор менен англиялык линкольн тукумундагы койлорду аргындаштыруунун натыйжасында уяң жүндүү тянь-шань тукуму жаралды. Бул койлор бүгүнкү күндө Нарын областынын үч районунун чарбаларында өстүрүлүүдө;

— жергиликтүү күйрүктүү койлордун түкүмү азыркы тапта айрым бир өздүк секторлордо гана сакталып калды. Аны аргындаштыруунун эч кандай кажаты деле жок;

— климаты ысык шарттарда чыгарылган жайдарым койлордун түкүмүн уяң жүндүү койлордун түкүму менен аргындаштыруу кандайдыр бир чоң натыйжа берери күмөн нерсе;

— жергиликтүү кыргыз койлорунун генофондунда чыгарылган алай түкүму негизинен келечектүү түкүм болуп калары шексиз. Бирок азыр жарым кылчык жүндүү алай түкүму бир катар жайынчылыктарга дүүлөр болууда, анткени жарым кылчык жүндү сатып алуу баасы өтө төмөн. Ошондуктан аны өстүрүп жаткан чарбалар экономикалык жактан чыгымдарга кирип жүрөт.

Албетте, аргындаштыруу жолу менен койдун түкүмүнүн сапатын асылдандыруу, ошол аркылуу арбын азык-түлүк өндүрүүнү камсыз кылуу республиканын мал чарба адистеринин, окумуштуу-селекционерлеринин милдети.

Е. МЕЗЕНЦЕВ,
КиргНИИЖдин уяң жүндүү кой боюнча бөлүмүнүн башчысы,
М. ХОМЯКОВ, С. ДҮЙШЕКЕЕВ,
бөлүмдүн улуу илимий кызматкерлери.

Кымбаттуу редакция!

Биз журналга жарыяланган Абдулхай Алдашевдин «Көңүл өйүткөн маселелер» деген маегин Ат-Башы районундагы Коммунизм колхозунун № 2 бригадасынын Ак-Тал участкасындагы кой багуучулары, веттехник Шоңкоев менен бирдикте окуп чыктык жана талкууладык.

Алдашевдин көтөрген маселеси абдан туура. Айрыкча бийик тоолуу суук климаттагы биздин Ат-Башылыктар үчүн уяң жүндүү ак койду багыш, андан төл алып өстүрүш өтө кыйынга түрүп жатат.

Ошондой эле малдын саны да көп, жайыттар болсо тажырайды. Аксай, Арпа жайлоолорубузда илгерки даңаза кылган жайкалган шибер жок. Жайкысын мал бир айга жеткирбей эле топурагын чыгарып салат. Чөптүн сейрек чыгышынан мал талаптагыдай семирбейт. Ошондуктан биз, малчылар, зооветадистер Алдашев агайдын сунушун толук колдойбуз жана бизге жакшы продукция берген чыдамдуу кой өстүрүү жагын республикабыздын жетекчилери жана окумуштуулары ойлонушаар деген максат менен сиздерге кайрылып, № 2 бригаданын чабандары:

МААМАТОВ Качкынбай, АЗАРМАТОВ Качкын, ҮСӨНОВ Шергазы,
ТЫНАЛИЕВ Сагынбай жана веттехник ШОҢКОЕВ Темирбек.

Профессор А. А. Алдашевдин маегиндеги Кыргызстанда кылчык жана жарым кылчык жүндүү койлордун түкүмүн өстүрүү боюнча сунушун терең изилдөө талап кылынат.

Азыр республиканын бир катар чарбаларында алай жана тянь-шань түкүмүндагы жарым кылчык жүндүү койлорду өстүрүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Кыргызстандын мал чарба илимий-изилдөө институту менен экономикалык илимий-изилдөө институту биргелешип, мындай койлордун азык-түлүктүүлүгүн жана экономикалык жактан пайдалуулугун эсептешүүдө.

Профессор А. А. Алдашевдин республикабыздын жайыттарынын абалы улам начарлап бараткандыгы тууралуу коогасы эң эле орундуу. Азыркы тапта Кыргызстан жайыт жана тоют технологиялык илим-изилдөө институту менен чарба адистери чогуу-чарак жайыттарды ырааттуу пайдалануу, анын сапатын жакшыртуу боюнча иштиктүү чараларды иштеп чыгышты. Анда жайыттарды эс алдыруу, кыртышты сактоо, отоо чөптөрдөн арылтуу, суу чыгаруу, бийик тоолуу Суусамыр, Кара-Кужур, Алай жайлоолорунда бир жылдык чөптүн ордуна көп жылдык чөптүн урөгүн себүү ж. б. лар каралган.

Республикада малды максатка ылайык кармоо боюнча чаралар белгиленди.

Мына ушул сыяктуу иш чаралар жайыттарды сактап калуу жана алардын түшүмдүүлүгүн арттыруу боюнча зор өбөлгө түзмөкчү.

Жайыттарга жер семирткичтерди чачуу, гербициддер менен иштетүү жагы да тартипке келтирилмекчи.

П. ЗАХАРОВ,
Кыргызстан жайыт жана тоют технологиялык илим-изилдөө институтунун директорунун орун басары.

Урматтуу редакция!

Өлкөдө жүрүп жаткан кайра куруу «Ала-Тоо» журналына да таасирин тийгизди десе болот. Журналдын тышы, жасалгаланышы, макети өзгөрдү. Очерк, публицистикага орун берилип жатат. № 3 — санда Т. Кылычбектин, М. Мамазаированын повесттерин окурмандар кызыгып окуп жатышат...

«АДАБИЙ МУРАС» рубрикасында жарыяланган В. Бартольддун «КЫРГЫЗДАР» тарыхый очеркин өтө кунт коюп окуп чыктым. Бул жакшы саамалык. Мүмкүн болсо дагы башка окумуштуулардын тарыхий эмгектерин орусча, кыргызча китеп болуп ба-

сылып чыгышына көңүл бурсаңыздар. Айта кетчү нерсе — Р. Л. Стивенсондун бир эле китеби эки түрдүү ат менен 700 миң нуска менен басылып чыкты. Анын жарым тиражына — кыргыз элинин байыркы, соңку тарыхын чагылдырган эмгектер басылса ага деле окурмандар табылмак! Жалаң **«остросюжет»** менен план толтуруу — азыркы учурда патриоттук, интернационалдык тарбияга көңүл бурбагандыкка тете!

Г. К. Жуковдун мемуарларын, А. Чаковскийдин «Блокада», «Победа» аттуу китептерин басып чыгарууга неге болбосун? Р. Стивенсонду удаа-удаа 350 миңден басып чыгарганга кагаз, каражат табылып, ал эми кыргыз акын жазуучуларынын китептерин басуу, кайра басууга келгенде **фонд жок, кагаз жок** блуп чыга келиши туурабы?..

«Ала-Тоо» кандай кагазга басылат (№ 3 тип)? Тиражы өспөйт. Чыгып жаткан китеп, журналдарда кандай гана **арип гарнитуралары** пайдаланылбайт? «Ала-Тоо» жакынкы жылдарга чейин 50-жылдардагы газета әриби менен басылды... **булар майда нерсе эмес!**

Кыскасы: редакция өз ишинде өзгөрүүнү көбөйтүү керек, окурмандар менен байланыш түзүү керек!

Саламым менен А. ЧОМОНОВ.
Жаңы-Жол району, «Кызыл Жар» совхозу.

Кымбаттуу «Ала-Тоо» журналынын редакциясы! Мен журналдын окурманы катары өзүмдүн айрым ой-пикиримди айткым келет. Биринчиден, олчойгон романдан үзүндүлөрдү сандан санга берүүнүн эч кажети жок деп ойлоймун. Себеби, баш-аягы жок үзүндүлөрүн окурмандар кызыгып окушпайт. Андан көрө басмага берилген романды окуган редактор өзүнүн пикирин жазат го, ошол пикирди журналга жарыялап, романдын маани-маңызы ачылып берилсе, жакында китеп болуп чыгарын, кызыктуулугу айтылса. Аны окуучулар издеп таап окуганча шашкандай болсо. Романдан үзүндү эзелеген беттерге жакшынакай повесть, поэма, аңгеме, драма жайгаштырылса окурмандар үчүн кызыктуу болор деп ойлойм.

Көп жаштар повесть, аңгеме, драмаларын, сындарын, ырларын көтөрүп чуркап жүрүшөт, ошолорго көп орун берилсе. Илгерки жазуучулардын чыгармалары дагы эле журналга берилө берет. Алар таанымал жазуучулар болгондон кийин түз эле китеп кылып чыгарышса болбойбу. Жаштарга журналдан арбын орун берилип турса.

Журналга драмалар аз жарыяланат. Ар бир санына бир актылуу пьесалар берилип турса жаман болбос эле. Көркөм очерк, публицистика да аз. Жаратылышты коргоо боюнча иштеген адистердин иш тажрыйбасы, ой-пикири берилсе. Ушул темага байланыштуу атайын конкурс уюштурулса.

Областтар боюнча атайын баш сөзү менен жаштардын чыгармалары кезек менен берилсе, журналда мындай көрүнүштер боло элек. Баягы эле Фрунзеде жашаган жаштардын бирин-эки ырлары, аңгемелери жарык көрөт. Бул пикирим, балким туурадыр же туура эместир, өзүңүздөр байкап көрөсүздөр да.

Саламым менен ИСАКОВ КАЛЫК.

Ысык-Көл областы, Жети-Өгүз району, Барскоон селосу.

Келерки 1989-
ренче чечен, Боор
мандар менен чеч
жарыялана элек чы
Алдаш Жаныке уу
дардагы кыргызды
эле бөлүмдөн кеч
лиев, Ж. Мамытов,
дын чыгармалары
«Изденүү, таб
догу кыргыз тары
гыздарынын тары
тууралуу ой жүгүр
пикирлер менен та
Прозадан Ч. А
ковдун, Ш. Бейше
ланат.
Поэзиядан С.
тановдун, С. Тургу
«Публицистик
тиялык ишмер И.
нүндөгү даректүү
лык аспаптары, кы
ди баян эткен мак
маселелерин камт
«Дүйнөлүк ад
аттуу рубрикалар
нын кенчине кирг
Урма
жазылуу
Быйы
дагы бн
Каалоон
бир жыл
Кийи
лүмүнө к
Журн
жана жа
тыйын.